**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кол жазма укугунда**
УДК: 371.1: 372.881 (043.3)

**Өмүрзакова Гулкайыр Абдималиковна**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕ УЛУТТАР АРАЛЫК МАДАНИЯТКА ТАРБИЯЛООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

13. 00. 01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган
**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:**
педагогика илимдеринин доктору,
профессор Калдыбаева А. Т.

**Бишкек – 2023**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**……………………………………………………………...............3

**БИРИНЧИ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН УЛУТТАР АРАЛЫК МАДАНИЯТКА ТАРБИЯЛООНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**

1.1. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо педагогикалык проблема катары..............................................9

1.2. Кыргызстанда башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун өнүгүшүнүн өбөлгөлөрү................................37

1.3. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү..................................................................60

**Биринчи бап боюнча тыянак**…………………………………….......................73

**ЭКИНЧИ БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Изилдөөнүн методологиялык негиздери жана методдору…………........**75**

2.2. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун педагогикалык шарттары……………….................................83

2.3. Башталгыч кластардын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун критерийлери жана ишке ашыруунун модели..........................94

**Экинчи бап боюнча тыянак**………………………………….....................112

**ҮЧҮНЧҮ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН УЛУТТАР АРАЛЫК МАДАНИЯТКА ТАРБИЯЛОО БОЮНЧА ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТ 114**

3.1. Констатациялык эксперименттин уюштурулушу...................................114

3.2. Калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыктары.............................130

3.3. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыгы.........................................145

**Үчүнчү бап боюнча корутунду**……………………….................................138

**КОРУТУНДУ**……………………………………………………….................157

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**.............................................................161

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР**………………….....................................162

**ТИРКЕМЕЛЕР**

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо азыркы учурда өлкөбүздүн келечегин да аныктаган татаал проблемалардын бири болуп саналат. Биринчиден, азыркы кездеги дүйнөдөгү ааламдашуу процесси, Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр, чек ара маселелелери менен байла-нышкан чыр-чатактар улуттар аралык чыңалуунун жаратууда. Экинчиден, өлкөбүздүн улуттук саясатынын Стратегиясында, кабыл алынган концеп-туалдык документтерде өз элинин мурастарын, жалпы адамзаттык баалуу-луктарды, өлкөнүн өнүгүүсүн түшүнүүгө умтулган маданияттуу «Кыргыз жаранын» тарбиялоонун зарылдыгы баса белгиленген. Мына ушул жагдайлар мектеп партасынан баштап улуттар аралык маданиятка тарбиялоону жакшыр-туу милдетин коюп жатат. Мектеп социалдык институт катары бул проблеманы чечүүдө негизи ролду ойногондуктан улуттар аралык маданиятка тарбиялоону башталгыч класстан баштоо керек. Анткени, башталгыч класста баланын теңтуштары менен байланыштары жана мамилелери локалдашып, маанилүү көндүмдөрү, өзүнүн «мени» жөнүндө билими калыптанып, жакшы натыйжаны камсыз кылат.

Р. Г. Абдулатипов [1], В. Х. Абэлян [3], М. М. Бахтин [37], З. Т. Гасанов [60], С. Д. Гурьева [67], Л. Н. Дробижева [81], Л. Н. Коган [107] Р. И. Кусарбаев [132], А. В. Мудрик [159] жана башкалардын эмгектеринде улуттар аралык өз ара мамилелешүү маданиятын калыптандыруунун методологиялык жана теориялык негиздерии аныкталган.

Кыргызстанда улуттар аралык мамилелер тарых, философия, социо-логия, психология, педагогика жана башка илимдердин изилдөө обьектисине киргендиктен, проблеманын ар түрдүү аспектилери изилденүүдө. Биздин изил-дөөнүн контекстинде башталгыч класстын окуучуларында улуттар аралык өз ара баарлашуу маданиятын окутуу процессинде калыптандыруунун маселелелерин Н. Н. Ажмякова [2005], В. И. Ионова [1975], М. И. Корякина

[2002], Е. А. Кочетова [2006], О. В. Никонова [2003], В. И. Чернышов [2010] жана башкалар изилдешкен.

Союз тараганга чейин улуттар аралык өз ара мамилелешүүнү маселелери М. А. Алтаевдин [1967] изилдөөсүндө «Кыргызстандын тарыхын» окутууда окуучуларга элдердин интернационализмдин духунда тарбиялоонун методи-калык маселелери каралган. А. Юнусходжаев [1969] Кыргызстандын мектеп-теринде социалисттик интернационализм жана элдердин достугунун духунда тарбиялоонун маселелерин изилдеген. Л. Ф. Тимофеева [1970] бир нече тилде окуган мектептерде класстан тышкаркы иштер окуучулардын коллективин тарбиялоонун фактору боло тургандыгы белгиленген. Н. А. Асипова [1980] изилдөөлөрүндө интернационалдык тарбия берүүнүн маселелерин тарбиянын башка түрлөрү менен айкалыштырып чечкен. А. Кожобаевдин [1991] изилдөөсүндө «Кыргызстандын тарыхын» окутууда онунчу класстын окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү маданиятын өнүктүрүүнүн методикалык маселелери каралган.

Ал эми СССРдин тарашы улуттар аралык мамиленин курчушуна алып келген. Окумуштуу Н. А. Асипова [1994-2022-жж.] улуттар аралык мамилелешүү маданиятын калыптандыруунун маселелерин жаңы социалдык шарттарга ылайык келген фундаменталдуу методологиялык, теориялык жана методикалык маселелерин ар тараптуу изилдеп, Кыргызстандагы «Улуттар аралык маданият катнашынын педагогикасы» деп аталган тармактын негиздөөчүсү катары чоң салым кошкон. Инсандын көп маданияттуу компетенттүүлүгүн калыптандыруу процесси көп улуттуу Кыргызстан үчүн туруктуулуктун негизги шарты болуп саналат. Бул анын жемиштүү жашоосун, социалдык жана кесиптик турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндө багыт алуу жөндөмдүүлүгүн аныктап, көп маданияттуу коом менен мамилелерин шайкеш келтирет [3]. Адылбек кызы Гүлназдын изилдөөсү башталгыч класстын окуучуларына улуттук, психологиялык факторлорду эске алуу менен көп маданиятка тарбиялоонун педагогикалык маселе-лерин арналган [6].

Бирок, проблеманын теориядагы жана Кыргызстандын мектептеринин практикасындагы абалын талдоо, окуучуларга улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маселелери ата мекендик изилдөөчүлөрдүн көңүл борборунда болсо да, башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка класстан тышкаркы иштерде тарбиялоо жана анын механизмдери илимий жактан жеткиликтүү изилдене электигин көрсөттү.

Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөндөгүдөй **карама-каршылыктар аныкталды:**

– башталгыч класстын окуучуларын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун зарылдыгы менен бул проблеманын илимий методикалык жеткиликтүү иштелип чыкпагандыгынын ортосундагы;

– башталгыч класстын окуучуларын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун мүмкүнчүлүгүнүн болушу менен жана алардын педагогикалык шарттарынын аныкталбагандыгынын ортосундагы.

Класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстардын окуучуларынын арасында улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун мазмунун, технологиясын жана педагогикалык шарттарын илимий жактан негиздөөнүн, практикалык сунуштарды иштеп чыгуунун, жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды чечүүнүн зарылдыгы «Башталгыч класстын окуучуларын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоону кандай педагогикалык шарттар жогорулатат?» деген маселе изилдөөбүздүн проблемасын аныктайт.

Мына ушул жагдайлар диссертациялык изилдөөнүн темасын «Башталгыч класстын окуучуларын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун педагогикалык шарттары» деген аталышта аныктоого негиз болду.

**Диссертациянын темасынынын илимий программалар менен байланышы.** Изилдөөнүн темасы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын илимий иштеринин 2015-2023-жылдардагы тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты** – башталгыч класстын окуучуларын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын аныктоо жана педагогикалык экспериментте текшерүү

**Изилдөөнүн милдеттери:**

– класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун мазмунун, маңызын, өнүгүшүнүн негизги өбөлгөлөрүн аныктоо;

– башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын критерийлерин жана деңгээлдерин аныктоо;

– башталгыч класстын окуучуларын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын, теориялык моделин аныктоо жана аларды педагогикалык экспериментте текшерүү, практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:**

**1.** Коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун мазмуну, маңызы, өзгөчөлүктөрү, өнүгүшүнүн негизги өбөлгөлөрү, «улуттар аралык маданиятка тарбиялоо», «улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маңызы», «улуттар аралык маданиятка тарбиялоону калыптандыруу» түшүнүктөрү такталгандыгында;

2. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын структуралык критерийлери (когнитивдик, мотивация-лык, иш-аракеттик, баалоочу-жыйынтыктоочу), анын көсөткүчтөрү, деңгээлдери ( жогорку, орточо, төмөнкү) такталгандыгында;

3. Класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун педагогикалык шарттары, теориялык модели аныкталып педагогикалык экспериментте текшерилгендигинде; башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоого багытталган класстан тышкаркы иштердин системасы иштелип чыккандыгында.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар, аныкталган педагогикалык шарттар, теориялык модель класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун багыттарын, мазмунун өркүндөтүүгө негиз болот; изилдөөнүн материалдары башталгыч класстын окучуларына улуттар аралык маданиятка тарбия берүүгө багытталган «Педагогика» боюнча окуу программаларын, колдонмолорун, нормативдик документтерди иштеп чыгууда пайдаланылышы мүмкүн; Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык мектептердин окуучуларына оң таасирин тийгизген класстан тышкаркы иштердин алгылыктуу системасын мектеп практи-касында, ЖОЖдо педагогикалык практика мезгилинде колдонсо болот.

**Диссертациянын коргоого алынып чыгуучу негизги жоболору:**

1. Азыркы кездеги өлкөбүздөгү социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөрдүн шарттарында класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун мазмуну, маңызы жана анын теориялык негиздери, өнүгүшүнүн негизги өбөлгөлөрү, «улуттар аралык маданиятка тарбиялоо», «улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маңызы», «Улуттар аралык маданиятка тарбиялоону калыптандыруу» түшүнүктөрү.

2. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын когнитивдик, мотивациялык, иш-аракеттик жана баалоочу компоненттерин камтыган критерийлери жана жогорку, орто, төмөн деңгээлдери.

3. Изилдөөнүн жүрүшүндө башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка класстан тышкаркы иштерде тарбиялоонун таасирин арттыруунун педагогикалык шарттары, максаттык, мазмундук, технологиялык, иш-аракеттик жана натыйжалык блоктордон турган теориялык модели, тарбиялык иштердин системасы, эксперименттин жыйынтыктары жана иштелип чыккан практикалык сунуштар.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Азыркы кездеги башталгыч класстын окуучуларына класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун системасын модели, педагогикалык шарттары аныкталды; улуттар аралык маданиятка класстан тышкаркы иштерде тарбиялоонун теориялык моделин, тарбиялангандыгынын критерийлери, деңгээлдери, «улуттар аралык маданиятка тарбиялоо» түшүнүгү тактaлды, класстан тышкаркы иштердин системасы практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары И. Арабаев атындагы КМУнун жана ОшМУнун педагогика кафедрасынын жыйындарында, эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда талкууланды.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугу.** Диссертациянын негизги мазмуну 8 илимий эмгекте (РИНЦ тизмегиндеги журналдарда) чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

# БИРИНЧИ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН УЛУТТАР АРАЛЫК МАДАНИЯТКА ТАРБИЯЛООНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо педагогикалык проблема катары

Дүйнөдөгү ааламдаштыруунун шарттары, Кыргызстандагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун проблема-сын ар тараптуу изилдөөнү жана анын өткөндөгү тарыхый атайын формаларын азыркы учурга ылайык келтирүүнү талап кылат. БУУнун, ЮНЕСКОнун документтеринде адамдарды тынчтыктын жана элдердин ортосундагы достуктун духунда тарбиялоону билим берүү системасынын эң маанилүү максаты катары практикалык аракеттердин багыттары каралган. [71].

Улуттар аралык мамилелер өзүнө түпкү улут менен улуттук азчылыктын ортосундагы катнашты жана мамилелерди камтып, өзгөчө эрежелерге ээ болот. Бул өткөндөгү тарыхка, учурдагы өлкөдөгү саясий абалга, социалдык-экономикалык өнүгүүгө, турмуштук кырдаалдарга байланыштуу улуттар аралык мамилелер достук маанайда, бейтарап же чыр чатактуу болушу ыктымал.

Адам коомдо башка адамдар менен жашап, мамиле түзүп, эмгектенүүсүндө материалдык жана руханий баалуулуктарды жаратып, социалдык феномен катары өзүн калыптандырат. Биз мындан инсандын өнүгүүсү, калыптанышы башка инсандардын таасири менен шартталгандыктан аны улуттар аралык маданиятка тарбиялоо катары карайбыз.

Азыркы кезде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун ар кандай аспектилери философия, социология, тарых, педагогика, психология ж.б. илимдерде каралууда. Ошого карабастан, улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процессинин мазмунун, маңызын, өбөлгөлөрүн, өзгөчөлүктөрүн жана башка маселелерин аныктоонун зарылдыгы келип чыгууда. Бул коомдогу саясий, социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында улуттук иденттүүлүк маселесине, маданияттар аралык байланышка болгон кызыгуунун

өсүшүн шарттайт. Изилдөөдө коюлган милдеттерди чечүү үчүн «улуттар аралык маданиятка тарбиялоо» деген татаал түшүнүктү тактоо үчүн «этнос», «улут», «маданият», «улуттар аралык маданияты» сыяктуу түшүнүктөргө анык-тама берүүдөн жана алардын ортосундагы айырманы талдоодон баштадык.

Көптөгөн илимий-изилдөөлөрдө «улут», «улуттук мамиле», «улуттар аралык мамиле» деген түшүнүктөр «этнос» термини менен синонимдеш колдонулуп келет. «Этнос» (грекче etnos – уруу, эл) сөзү грек тилинен котор-гондо уруу, эл, эл тобу, урук дегенди билдирет. Азыркы кезде этностун маңызы жөнүндө бирдиктүү илимий түшүнүк жок. С. И. Ожеговдун түшүндүрмө сөздүгүндө этнос - тарыхый калыптанган этникалык жамаат – уруу, улут, улут деп берилген [155]. Философиялык сөздүктө - белгилүү бир аймакта узак убакыт чогуу жашаган, жалпы тили, маданияты жана өзүлөрүнүн аң-сезими менен бириккен муундар аралык адамдардын тобу [156]; Социологиялык сөздүктө – социалдык топтун жалпы расалык, тилдик же улуттук өзгөчөлүгү деп берилген [157].

«Этнос» урууулардын узакка созулган өз ара аракеттенүүсүнүн натый-жасында татаал система катары мамлекеттердин калыптануу жана өнүгүү мезгилинде пайда болгон. Азыркы адамзат – улуттук мамлекет болуп санал-ган ар түрдүү социалдык топтордун жыйындысы. Алгачкы мезгилде айлана-чөйрө менен тыгыз өз ара аракеттенүүнүн принциби, алардын табигый туугандыгы, үй-бүлөлүк байланыштары негизги белги болуп саналган. Этнос адамдардын тарыхый жалпылыгы катары өзүн-өзү бирдей тегинин аң-сезими менен эмес, материалдык көрүнүшкө ээ болгон каада-салттары, чарбалык иштери, тамак-аштары, кийим-кечелери, турак-жайлары, тил өзгөчөлүгүнө карата талаптарды сезүү менен аныкталат. Адамзаттын өнүгүүсүнүн башталышы болгон уруулук этабында этнос коомдук кубулуш катары жаңы гана калыптанат. Н. А. Асипова, Н. Гумилев, С. В. Лурье, С. М. Широкогоров, Г. Т. Тавадов, Ю. И. Семенов, Э. Ж. Маанаев жана башкалардын эмгектеринде этнос тууралуу аныктамалар берилген. Н. Гумилёвдун пикири

боюнча этнос – бул башка окшош топторго карама-каршы турган, бири-бирин толуктоо сезими менен аныкталуучу жана өзгөчөлөнүп турган системалуу бүтүндүк катары жашаган адамдардын табигый түрдө түзүлгөн тобу.

Этнологдор этностун өнүгүү тарыхында этникалык жашоонун төмөнкүдөй негизги формаларын ажыратышкан: урук, уруу, эл, улут. Урук этникалык жамааттын биринчи формасы, кандык тууганчылык менен байланышкан адамдардын тобу. Уруу уруулук мамилелер менен байланышкан уруктардын жыйындысы, жалпы аймак, жалпы тил, чарба элементтери, жалпы үрп-адаттар менен культтарга негизделген өздүк аң-сезим жана ат менен мүнөздөлөт Эл уруулардын аралашуусунун, уруулар союзунун түзүлүшүнүн натыйжасында алгачкы общиналык түзүлүштүн ыдырай баштаган мезгилинде пайда болуп, тарыхый жактан урууну ээрчип, улуттан мурда турган адамдардын этникалык-социалдык жалпылыгын билдирет Улут тарыхый жактан урууну ээрчип жалпы аймактын, экономикалык мамилелердин, тилдин, маданияттын, этникалык өзүн-өзү аң-сезимдин негизинде калыптанган социалдык-экономикалык бүтүндүктү түзгөн [109].

«Этнос теориясында» улут этностун өнүгүүсүнүн эң жогорку баскычы же анын уруудан, улуттан кийинки үчүнчү тибине айланган. Улут – коомдун керектөөлөрүнөн, биринчи кезекте жалпы экономикалык турмуштун, бирдиктүү рыноктук мейкиндиктин негизинде консолидацияланган этностордун бир түрү. Улуттун консолидациясында борборлоштурулган мамлекет чоң роль ойнойт. С. И. Ожеговдун түшүндүрмө сөздүгүндө улут бул - адамдардын өздөрү жашаган аймагынын, чарбалык байланыштарынын, адабий тилинин, маданий өзгөчөлүктөрүнүн жана руханий көрүнүшүнүн жалпылыгын түзүү процессинде тарыхый жактан калыптанган туруктуу жамааты [155]. Философиялык сөздүктө, өнөр жай доорундагы ири социал-дык-маданий жамааттарды мүнөздөө үчүн колдонулган полисемантикалык түшүнүк [156] деп берилсе, социологиялык сөздүктө улут – жалпылыктын

негизинде калыптанган жана кайра жаралуучу социалдык-экономикалык бүтүндүк болгон этностун тарыхый тиби, аймагы, экономикалык мамилелери, тили, маданиятынын кээ бир өзгөчөлүктөрү, психологиялык кампа жана этникалык өзүн-өзү аңдоо деп каралган [157]. Улут (лат. nation – уруу, эл) – келип чыгышынын (канын), маданиятынын келип чыгышынын, чогуу жашоонун жана байланыштын (экономикалык, саясий ж.б.) жалпылыгынын негизинде тарыхый жактан түзүлгөн адамдардын туруктуу тобу.

Улуттун түзүлүшүндө этникалык (теги, тили, маданияты) жана социалдык (жалпы экономикалык турмуш, өнүккөн коммуникациялар жана топтук идентификация) компоненттер бириккен [206].

Ар түрдүү саясий уюмдардын жана алардын өз алдынчалыгынын формаларынын даражасына жараша улуттардын калыптанышы мамлекеттин түзүлүшүнө алып келет. Бул жагынан алганда улут менен мамлекет жакын түшүнүктөр. Улут болуп жетилген этнос мамлекетти да түзөт. Бул өзгөчөлөнгөн этнос эмес, бир улут болуп калыптанган этностук топтордун тобу. Кандай гана улут болбосун полиэтникалуу. Мына ушуга байланыштуу, дүйнөдөгү мамлекеттердин көпчүлүгүнүн мамлекеттик түзүлүшүнүн негизги принциби катары каралган.

В. И. Ленин Октябрь революциясынан кийин улут маселесинин принциптерин иштеп чыккан. Анын негизинде өлкөнүн улуттук мамлекеттин түзүлүшүн аныктоодо бардык элдердин таламдарына доо кетирбей, улуттар аралык кастыкты болтурбоо маселеси аныкталган [135; 136]. И. В. Сталин “Марксизм жана улут маселеси” деп аталган эмгегинде улут «бул жалпы тилдин, аймактын, чарбалык турмуштун жана психикалык түзүлүштүн негизинде пайда болгон, жалпы маданиятта көрүнгөн адамдардын тарыхый жактан калыптанган туруктуу коомчулугу» деген аныктаманы берген [197, 296-б.].

«Улуттук маселе ар бир өлкө үчүн конкреттүү. Ал эми улуттук (этникалык) саясат – бул улуттардын ар тараптуу өнүгүүсү, алардын бүткүл эл менен бирге коомдун бардык чөйрөлөрүндө бирдей жанаша жашоосун

орнотуу максатында ар бир улуттун кызыкчылыгын эске алуу менен бирдиктүү мамлекетте бүт мамлекеттин элдеринин жамааты улуттук жана этностор аралык процесстерди башкаруу» деп баса белгилеген [3].

Совет мезгилинде коомдук илимдерге киргизилген «совет эли» (1970-ж.), «адамдардын тарыхый жапылыгы» (1980-жылдар) деген терминдердин жардамы менен административдик-буйрукчул система улуттук өзгөчөлүктөн, мада-нияттан, тилден баш тартуунун, үрп-адаттарды жана салттарды жөнгө салуу-нун эсебинен улуттардын механикалык жакындашуусу процессин тездетүүнү максат кылган. СССРде ушул эки терминдин негизинде улут маселеси чечил-гендиктен, окумуштуулар тарабынан бул татаал чөйрөгө мүнөздүү чыныгы проблемалар каралбай калган. Ошондой болсо дагы советтик окумуштуулар улут жана улуттук мамилелердин өнүгүү процессин, интернационализм жана патриотизм проблемаларын изилдөөгө олуттуу салым кошушкан. Өз кезе-гинде интернационалдаштыруу бир элдин улуттук аң-сезиминин нейтралдаш-тырбастан, тескерисинче, стимулдаштырган.

Совет мезгилинде Кыргызстандын окумуштуулары (Р. Ачылова [31], А. Карыпкулов [104], Т. Койчиев [110], А. Нарынбаев [167], А. Салиев [190], А. Табалдиев [205; 206], С. Текенов [207], Т. Тургуналиев [212], Т. Усубалиев [215] ж.б. лардын эмгектеринде интернационализмдин идеяларын турмушка ашырууга, «формасы боюнча улуттук, мазмуну боюнча социалисттик» болгон элдердин маданиятынын гүлдөшүнө көңүл бурушкан. 60-жылдардын орто ченинен баштап кыргыз философтору дагы улуттун өнүгүү тенденцияларын, патриоттук жана интернационалдык тарбияны, элдердин достугун активдүү изилдей башташкан. Окумуштуу А. Табалдиев социализмдин шартында улут-тун жана улуттук мамилелердин, маданияттын, психологиянын өзгөчөлүк-төрүнүн өнүгүшүнө жана жакындашына таасир тийгизген эки тенденциянын диалектикалык биримдигинин маселелерин изилдеген [205; 206].

Кыргызстандын өнүгүүсүнүн жаңы этабында Кыргызстандын окумуш-туулары А. А. Асанканов [18], М. Т. Артыкбаев [17], Ж. Жоробеков [84], Э.

Ж. Маанаев [142], Л. Б. Огонбаева [174], Н. А. Омуралиев [177], Т. О. Ожукеева [175; 176], С. Текенов [209], О. Т. Тогусаков [212], А. Б. Элебаева [226] жана башкалар коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөргө ылайык улут маселесинин теориялык негиздерин, өлкөдөгү улуттар аралык чыр-чатактарды жоюунун жолдорун изилдешип, аны жакшыртууга багытталган концеп-туалдык маселелерди чечүүгө багытталган.

**Маданият феномени** коомдук турмуштун ар кандай чөйрөлөрүнө карата айтылган категория катары философияда (Е. А. Баллер, Л. Н. Коган ж.б. лар) маданият таанууда (В. Библер, Е. С. Давидович ж.б. лар), педагогикада (Н. В. Кузьмина, В. А. Сластенин, А. И. Щербаков ж.б. лар), психологияда (Б. Г. Ананьев, Б. Ф. Ломов, А. В. Петровский ж.б. лар) каралган. Изилдөөнүн жүрүшүндө «маданият» түшүнүгүн негизинен философтордун, психологдор-дун жана педагогдордун көз карштарына таянуу менен талдоого алдык. Илимий адабияттарда тар мааниде маданият гуманитардык, кээде көркөм маданиятта каралган түшүнүк. Кең мааниде массалык аң-сезимде – коомдо өзүн алып жүрүү жөндөмү катары гана каралат. Башталгыч класстын окуучу-ларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо маселесин изилдөөдө мада-ниятка байланышкан билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн өнүгүү деңгээлинде карайбыз.

Түшүндүрмө сөздүктө «маданият» түшүнүгү коомдук турмуштун белги-лүү чөйрөсүндөгү шык-жөндөмдүн, жүрүм-турумдун, аң-сезимдин, билгич-тиктин өркүндөө деңгээлин жана иш-аракеттин өзгөчөлүктөрүн мүнөздөө үчүн колдонула тургандыгы белгиленген [258].

Окумуштуу А. С. Карминдин пикири боюнча маданият реалдуу жашоодо болгон адамдардын тарыхый жактан өзгөрүп турган жашоо образы, анын өзгөчөлүктөрү, акыл-эсинин өнүгүшү, илим, искусство, тарбиялоо, билим берүүнүн жетишилген деңгээли менен аныкталат [103].

Коомдук турмуштун өнүгүшү менен бирге «маданият» түшүнүгү пайда болгон. Байыркы Грецияда «маданият» түшүнүгү «жаратылышка», «жапайы» жана «табигый» дегенге карама-каршы «иштелген» дегенди

билдирген. Немец окумуштуусу, философ Самуэль фон Пуфендорф «Элдин табигый укугу жөнүндө» деген эмгегинде биринчилерден болуп мада ниятты өз алдынча түшүнүк катары колдонуп, аны адамдын руханий жана интеллектуалдык өнүгүүсү, өзүн-өзү өркүндөтүүсү жана жашоо сапатын жакшыртуучу катары аныктаган. «Маданият» адам тарабынан жаратылган жана реалдуу дүйнөнүн ар кандай деңгээлдерине, чөйрөлөрүнө тиешелүү көптөгөн объектилерди жана кубулуштарды аныктаган термин. Анын көрүнүштөрүнүн ар түрдүүлүгүнөн бирдей аныктама дале болсо бериле элек. Маданият адам жашоосунун тигил же бул мезгилинде жүрүм-турум формасы катары иш-аракетте көрүнөт. Бирок, маданиятсыз бир дагы коом жашай албайт. Маданият болбосо, пикир алышуунун каражаты тил, өзүн-өзү аңдоо, ошого жараша адамдын ойлонуусу жана ой жүгүртүүсү болмок эмес.

Окумуштуулар маданиятка ар кандай аныктамаларды беришип, концеп-цияларды түзүүгө аракет кылышып, аны адамдын тарбиясынын күнүмдүк тур-муштук деңгээлиндеги түшүнүктөн, адам эмгегинен жаралган баалуулуктар дүйнөсү же, адамзаттын жашоосунун универсалдуу жолу катары карашкан. Гуманитардык илимдерде маданияттын функционалдык максатына ылайык төмөндөгү көз караш калыптанган:

– инструменталдык – адамдын жашоосу үчүн чөйрөнү түзүү жана өзгөртүү;

– инкультурация – адамдын өзүн социалдаштыруусу жана өзгөртүүсү;

– ченемдик – жамааттык турмушту уюштуруунун тиешелүү каражаттарын жана ыкмаларын калыптандыруу;

– белгилик–обьективдүү дүйнөнүн бардык обьектилерине жана кубулуштарына тиешелүү аттарды жана аталыштарды калыптандыруу, ага ылайык белгилөө болбосо ал адам үчүн жок катары болот;

– таанып билүүчүлүк – системалаштырылган жана иреттелген билим түрүндө дүйнөнүн картинасын калыптандыруу;

– коммуникативдик – диахрондук (муундар аралык) жана синхрондук (бардык муундар үчүн бир убакта) бөлүктөр боюнча этномаданий маалыматтарды берүүнү камсыз кылуу.

Маданият жалпы методологиялык мааниге ээ болгон философиянын категориясы катары инсандын маданий-чыгармачылык, руханий жактан өнүгүү процесси менен байланышкан «адам ишмердүүлүгү» болуп саналат (А. И. Арнольдов, В. Е. Давидович, Н. С. Злобин, В. М. Межуев ж.б. лар).

Психологияда маданият адамдардын жашоосун камсыз кылуу максатында коом тарабынан түзүлгөн, анын өнүгүүсүнүн белгилүү деңгээлин мүнөздөгөн материалдык, руханий баалуулуктардын жыйындысы жана эрежелердин системасы катары аныкталган (С. Ю. Головин, Н. Н. Вересов ж.б. лар). Л. С. Выготский маданиятты өнүгүүнүн контекстинде адамдын ишмердүүлүктүн коомдук-тарыхый формаларын өздөштүрүүсү жана психикасынын өнүгүү-сүнүн негизги механизми деп эсептейт. Анын үстүнө, маданияттын жалпыга таанылган үлгүлөрү, рефлексия баалуулугу азыркы билим берүү теориясында маданияттын баалуулугу менен байланышкан. Бул адамдын өнүгүүсүнүн жеке жөндөмдүүлүгүнө ылайык баалуулугу универсалдуу маданий тажрыйбаны интернационализациялоо механизмин түшүнүүгө мүмкүндүк берет [70, 6-б.].

М. М. Бахтиндин пикири боюнча маданият өз ичинде аң сезимдүү эмес чектерде жатат. Адам ар түрдүү жолугушуудагы маданияттардын диалогунда, өз маданиятынын негиздерин жана өзгөчөлүктөрүн түшүнүп, ага активдүү мамиле жасаган маданий позициясы жана башка маданиятка, баалуулуктарга андан кем эмес туура мамиле жасоосунун көрүнүшү. Ал маданиятты үч аспектиде, баарлашуу, ар түрдүү маданияттагы адамдардын диалогу, адамдын өз жашоосунун маанисин өзүнүн эркин тандоосу жана тагдыры үчүн жоопкерчиликти алуу формасы катары түшүнгөн [37].

Педагогика илиминде маданият адамдардын өз ара мамилелери, ошондой эле түзүлгөн материалдык, руханий баалуулуктарда чагылдырылган коом-дун жана адамдардын жашоосунун формасы, өнүгүүсүн уюштуруунун

тиби катары каралган (Г. М. Коджаспирова, А. Ю. Коджаспиров, В. М. Полонский ж.б. лар.). Окумуштуу В. А. Сластениндин пикири боюнча «Маданият – бул адамдын чоң ачылышы ал дайыма чыгармачылык менен коштолуп, кимдир бирөөгө даректелет, диалог жүргүзөт, өзүнүн маданий жашоосун аныктап, маданияттын пайда болгон бөлүкчөлөрүн бири-бирине бириктирип турган түшүнүк» [194, 23-б.].

XX кылымдын 60-жылдарынын ортосунан баштап окумуштуулар маданиятты адамзат жараткан материалдык жана рухий баалуулуктардын жыйындысы катары карашып, алардын өзгөчөлүктөрүн белгилешкен. Окумуштуулар А. И. Арнольдов, Е. А. Баллер, Л. Н. Коган ж.б. лар маданиятты чыгармачылык ишмердүүлүк катары карашса, кийинчерээк В. Е. Давидович, Ю. А. Жданов, М. С. Каган, Е. С. Маркарян ж.б. лар ишмердүүлүктүн жолу («технологиясы») деп белгилешип, ошол эле учурда изилдөөчүлөр адамдын ишмердүүлүгүнүн активдүү жагына көңүл бурушкан. Илимий адабияттарды талдоо маданиятты үч топко бөлүп кароого мүмкүнчүлүк берди:

– материалдык жана руханий баалуулуктардын жыйындысы;
– адамдын атайын жана өзгөчө иш-аракетинин жыйындысы;
– инсандын өзүн-өзү өнүктүрүүсүнүн чыгармачыл жолдору.

Мына ушулардын негизинде маданиятты – бул чындыкты чагылдырууда билимдердин, аны өзгөртүүнүн методдорун, илимий позициялардын, концеп-циялардын, көркөм образдардын жыйындысы жана айлана чөйрө менен субъективдүү өз ара аракеттешүүнү камтыган түшүнүк катары карасак болот.

Күндөлүк турмушта бул термин көбүнчө баалоочу маанисинде колдонулат. Жеке адамдын маданияты – анын билим алууда, тарбиялануууда өсүп жетилүүсү, акыл-эси, мүнөзү, ички жана сырткы маданияттуулугунун мүнөздөмөлөрү катары белгиленет. Окумуштуу Ж. Касаболотов «Акыл-эс, билим, абийир жана уят сыяктуу эле – маданият адамды адам кылып турган негизги категориялардын катарына кирет жана алар менен тыгыз байланышта.

Маданият деп адам баласы өзү чыгарган, бирок негизги максат катары экономикалык пайда көздөбөгөн нерселердин баарын, анын ичинде көркөм өнөрүн, сөз байлыгын, кийген кийиминен тартып жүрүш-туруш эрежелерине чейин бардыгын чогуу түшүнөбүз» – деп көрсөткөн [106].

Жалпы маданияттын негизинде инсандын өзүнө керектүү сапаттарын тарбиялоосу төмөндөгүдөй этаптардан турат: өзүн-өзү таанып билүүсү, өзүн-өзү баалоосу, өзүн-өзү көзөмөлдөөсү, өзүнүн ордун табуусу. Мына ушулар инсандын интеллектуалдык, кесиптик, адеп-ахлактык потенциалынын өркүндөшүнө чоң салым кошо алат.

Азыркы кезде окумуштуулар маданият маселесин адамдын ар тараптуу ишмердиги жана анын ар түрдүү тармактарынын интеграцияланышы катары изилдешүүдө. «Маданият» терминине ар кандай аныктамалардын болгонуна карабастан, анда негизги нерсени бөлүп көрсөтүүгө болот. Жалпысынан маданият – бул «адамдар жараткан объективдүү реалдуулуктун бардык байлыгында жана көп түрдүүлүгүндө өзүнүн тышкы көрүнүшүн алган, ишмердүүлүктүн социалдык субъекти катары адамдын өзүнүн күчтөрдүн жана мамилелердин өнүгүүсүнүн тарыхый процесси » экендигине макул болуу менен анын негизги функциясын адамдык-чыгармачылык деп бөлөбүз.

Демек, маданият – бул адамдын жашоосун уюштуруунун жана өнүк-түрүүнүн өзгөчөлөнгөн ыкмасы, коомдун жетишкендиктерин, нормаларын өздөштүрүүсүнүн бир түрү, анын ишмердүүлүгүнүн материалдык жана руха-ний продуктуларында чагылдырылган, жаратылышка, өзүнө жана өз ара бири-бирине болгон мамилесинин сапаттык мүнөздөмөсүнүн жыйындысы катары карасак болот.

Маданият адамдын маңызынын көрүнүшү катары анын жашоосунун бардык аспектилерин, анын ичинде улуттар аралык байланыштын аспек-тилерин камтыйт. Ал улуттук маданиятты өз ара байытууга ылайык чыгарма-чылык ишке катышууну аныктайт. Адам баласынын иш-аракеттери нин көп түрдүүлүгүнө карата экологиялык, экономикалык, педагогикалык, саясий маданият ж.б.у.с. . түрлөргө бөлүнөт. Мына ушулардын арасында улут-тар

аралык маданиятка тарбиялоо деген түшүнүк да бар. Коомдук кубулуштун көрүнгөн ачык-айкындуулугун таанып-билүү процесси дээрлик ар бир адамдын турмушунун туруктуу байланышы менен татаалдашат. Адамдарды тигил же бул улутка таандык кылуу позициясынан карап, биз «адамдардын мамилелешүүсү» түшүнүгүн конкреттештиребиз**.** П. В. Степанов мектеп окуучуларынын арасында улуттар аралык маданиятка тарбиялоону өнүктүрүү үчүн аларды түрдүү маданияттар менен тааныш-тырууну изилдөө зарыл экенин белгилеген. Окумуштуунун пикири боюнча, мугалимдин иши окуучунун башка маданияттар боюнча билимин кеңейтүү проблемасына гана эмес, баланын башка маданияттарга болгон мамилесин тарбиялоо проблемасына бурулушу керек. Атайын уюштурулган педагогика-лык, жагымдуу жана ага баалуу болгон чөйрөдө окуучунун башка мада-нияттар менен жолугушуусу тарбиялоонун чечүүчү фактору болушу мүмкүн [201]. Улуттар аралык маданиятка тарбиялоону ар түрдүү улуттагы адамдар-дын цивилизациялуу өз ара аракеттенүүсү катары түшүнүү керек. Ал – адамдын чыгармачылык иш-аракетин конкреттештирүүчү, субъекттерди баарлашууга даярдоочу жана мамилелешүү үчүн нормалдуу шарттарды камсыз кылуучу функцияны аткарат.

Б. Г. Ананьевдин пикири боюнча адам жашоосунда көптөгөн жагдай-лардан жана белгилүү коомдук мамилелердин катнаштардын система-ларында болот [12]. Окуучунун улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун мазмундук компоненти алардын социалдык субьекттер менен болгон мамиле-синде, өз ара аракеттенүүсүндө (педагогикалык жамаат, класс жетекчи, муга-лимдер, үй-бүлөсү, достор, классташтары) байкалат.

Н. Э. Щуркованын өзүнүн изилдөөсүндө мамилелешүү адамдын оюндагы, аң сезиминдеги объективдүү реалдуу байланыш экендигин жана маданият менен бирдей орунда тураарын баса белгилеген [223].

Изилдөөнүн жүрүшүндө мына ушул сыяктуу көз караштарга таянып, улуттар аралык маданиятка тарбиялоо сөзсүз түрдө улуттар аралык мамилелешүү түшүнүгү менен тыгыз байланышат деп айта алабыз**.**

Социологиялык жана психологиялык изилдөөлөрдө «мамилелешүү» түшүнүгү «өз ара аракеттенүү», «байланыш» түшүнүктөрүнө жакын каралган. Эгерде бул түшүнүктөрдү философиялык, социологиялык жана маданият таануунун контекстинде карай турган болсок, фундаменталдык идеялардын белгилүү бир жалпылыгын белгилей алабыз. В. М. Соковнин карым-катнаш менен ишмердүүлүктүн байланышын таанып, аны бир жагынан жамааттык эмгек ишмердүүлүгүнүн маанилүү элементи, экинчи жагынан коомдук кубулуш катары аң-сезимдин жана тилдин реалдуу жашоосу деп эсептеген. Ошондой эле адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салууда, инсанды социалдаштырууда мамилелешүү өзгөчө мааниге ээ болот [199].

Мамилелешүү – адамдардын өз ара аракеттенүүсүнүн формаларынын бири, анын аркасында «инсандар өзүлөрүн физикалык жактан да, руханий жактан да жаратат» [123, 36-б.]. Адамдар бири-бири менен байланышпаса эмгектик жана турмуш-тиричилик ыктары боюнча тажрыйба алмаша алышпайт. Мамилелешүү – бул адамдын башка адамдар менен болгон иш-аракеттери, пикир, тажрыйба алмашуусу, адамдын өзүнүн жан дүйнөсүнө кайрылуусу (эскерүүлөрү, абийири, кыялдары). Окумуштуу З. Т. Гасановдун пикири боюнча «мамилелешүү инсанды калыптандыруунун эң маанилүү фактору, тарбиялоонун каражаты болуп саналат. Ал адамдын башка адамдар менен болгон мамилелерин, сезимдерин, жүрүм-турумун, багыттарын, баалоо-лорун максаттуу жөнгө салуу үчүн шарттарды түзөт. Гуманизмге негизделген мамилелешүүнүн формалары адамдын оң сапаттарын өнүктүрүүгө түрткү берет» [77].

Азыркы кездеги коомдогу демократиялаштыруунун шартында социалдык-саясий жана социалдык-адептик кубулуш катары улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун теориялык жактан өнүктүрүүнүн мааниси өсүүдө. Н. Я. Данилевскийдин ою боюнча мамилелешүү бир адамдын экинчи адамдын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына, саясий көз карашына, жашоо образына, үрп-адатына, диний ишенимдерине жана ой жүгүртүүсүнө эркин мамиле жасаганда, коргогондо гана жемиштүү боло алат [74].

Л. С. Сысоева маданият, инсандын өз ара мамилеси жөнүндөгү пробле-маларды изилдеп, маданий мейкиндиктеги инсандын көп функционалдуу-лугун: инсан – маданий таасирдин объектиси, инсан – маданиятты өздөш-түрүүчү субъект, инсан – маданий дөөлөттөрдү алып жүрүүчү, маданий чөйрөдө кызмат өтөгөн, инсан маданиятты жараткан маданий чыгарма-чылыктын субъектиси боло тургандыгын белгилеген [203]. Ал эми М. С. Каган маданиятты эки тараптан (продукция жана технология) жана үч катмардан (материалдык, көркөм жана руханий маданият) турган адамдын иш-аракетинин жолу, ошондой эле буюмдарга бирдиктүү системалуу көз караш, өз ара байланышкан көптөгөн элементтердин спецификалык түзүлүш-түрүнүн көп түрдүүлүгүн көрүү жөндөмү деп эсептеген. Бул учурда маданият ишмердүүлүктүн белгилүү бир ыкмасы, системалык мүнөзгө ээ болгон белгилүү бир бүтүн дүйнө тааным катары да көрүнөт [99].

В. Н. Мясищев мамилелешүүнү инсандардын ортосундагы өз ара аракет-тенүү процесси, бири-бири менен байланышып, өз ара таасир этүүсү катары караган. Адамдын мамилелешүүнүн объектиси жана субъектиси катары калыптанышы анын инсандык сапаттарынын өнүгүшү менен байланышта болот. Адамдардын бири-бирин таанып билүүсү өз ара аракеттенүүсү алардын ар биринин жүрүм-турумун жөнгө салуунун шарты болуп саналат [165].

Б. Г. Ананьев мамилелешүүнү ишмердүүлүктүн бир түрү, биринчи кезек-те сүйлөө ишмердиги деп эсептейт. Ага карата алар жалпы эле актив-дүү-лүктүн бардык элементтерин, касиеттерин (аракет, операциялар, мотивдер ж.б.) издешет [12].

В. Ф. Ломовдун пикири боюнча мамилелешүү тигил же бул коомдун өнүгүүсүнүн белгилүү тарыхый этабында калыптанган коомдук мамилелер-дин системасына көз каранды болгон, ага субьект катары кирген эки же андан көп адамдардын өз ара аракеттенүүсү [138**]**.

Л. П. Буева мамилелешүүнү түздөн-түз байкалган реалдуулук жана коом-дук мамилелердин конкреттештирилиши, алардын персонификациясы, жеке формасы катары карайт [47, 27-б.].

М. С. Каган «Инсандардын ортосундагы мамилелешүү маданияты – бул алардын өз ара аракеттенүүсүндөгү инсандын калыптануу процесси» деп болжолдойт [99].

Н. А. Асипова мамилелешүү маданиятын көп функциялуу көрүнүш катары аныктап, ага жалпы гуманисттик этиканын нормаларын, принцип-терин, талаптарын билүүсүн жана өзүн идентификациялоо, эмпатия, рефлек-сия, кошо кейүүсүн, шериктештигин, адекваттуу өзүн-өзү баалоосун, өзүн-өзү сындоо жөндөмдүүлүгүн кошкон [21].

Мамилелешүү инсандын көз карашынын кеңейишине, интеллектинин өнүгүшүнө жана тарыхта топтолгон маданий баалуулуктарын өздөштүрүү-сүнө жардам берет. И. С. Кондун пикири боюнча, мамилелешүү маданияты коомдук феномен катары дайыма динамикада болуп, адам коомунун эволю-циясынын, социалдык прогресстин таасири астында өзгөрүлүп турат. Бул адамдардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү анын инсандын калыптануу процесси эмес, анын натыйжасы катары анын маңызын аныктайт [118].

Көп окумуштуулар мамилелешүү адамдын маданий жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды, коомдук тажрыйбаны өздөштүрүүсүндө мааниге ээ болуп, алардын эс тутумунун, көз караштарынын, баалоосунун өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашына алып келип, субьекттердин жакын-дашуусуна шарт түзөт деп эсептешет. Илимий адабияттарда мамилелешүү жана анын маңызы жөнүндө бирдиктүү түшүнүк жок болгондуктан шарттуу түрдө аныкталган үч функциясын бөлүп көрсөтүүгө болот: маалыматтык-коммуникациялык (маалымат алмашуу), регулятивдик-коммуникациялык (иш-аракеттерди алмашуу, өз ара аракеттенүүнү уюштуруу) жана аффектив-дик-коммуникациялык (эмоцияларды, сезимдерди алмашуу). Бул мамиленин алкагында, эгерде анын процессинде субьектердин бири обьект болуп калса, коммункация өзүнүн өзгөчөлүгүн жоготот. Бул көз караштa мугалим менен

окуучулардын ортосундагы педагогикалык өз ара аракеттенүү болгондуктан экинчи планга өтөт. Анткени, педагогикалык байланышты уюштуруу боюнча мугалимдерге сунуштар көбүнчө субьект-обьекттик негизге ээ болот.

Кээ бир окумуштуулардын пикири боюнча, мамилелешүү дайыма эле өз алдынча иш-аракет боло бербейт. Ал көбүнчө практикалык же когнитивдик ишмердүүлүктүн бир гана бөлүгү болуп саналат [131]. Айрымдары мамиле-лешүү ар кандай формада болушу мүмкүн деп эсептешет: анын баштапкы тышкы формасында, биргелешкен иш-аракет түрүндө, вербалдык же ал тургай бир гана психикалык байланыш түрүндө [11, 89-б].

Жалпысынан мамилелешүү – бул адамдын коомдук аң-сезимди алып жүрүүчүсү катары анын муктаждыгы. Ансыз өсүп келе жаткан жаш муун-дарга билим жана тарбия берүү процесси, инсандын өнүгүүсү, улуттар аралык байланышты, ошондой эле маалыматты берүү, өздөштүрүү жана аны алмашуу, башкаруу, тейлөө, илимий жана башка иш-аракеттерди элестетүү мүмкүн эмес. Ушул өңүттөн алганда окуучунун инсан катары калыптан-дырууда мамилелешүү мааниге ээ болот. Окуучу коллективдин мүчөсү болгондуктан анын чыгармачылыгынын бардык түрлөрүн камтыган процесс мамилелешүү маданияты аркылуу жөнгө салынат. Мамилелешүү маданияты – бул инсанды улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун, өнүктүрүүнүн фактору, каражаты жана аны өнүктүрүү процесси менен байланышкан субьекттердин социалдык-маданий чөйрө менен өз ара аракеттенүүчү иш-аракети.

Улуттук мамилелер – бул улуттук жана этникалык өнүгүүнүн субьект-теринин (улуттар, калк, улуттук азчылыктар жана улуттук топтор) жана мамлекеттик түзүлүштүн, ошондой эле ар түрдүү улуттардын ортосундагы өз ара аракеттенүү процессинде пайда болгон мамилилелер.

Окумуштуулардын пикирине ылайык, улуттук мамилелерде анын коом-догу мазмуну, маңызы, үндөш субьектилердин тагдыры, тилектештиги, шериктештиги, тагдыры тууралуу маселелер камтылат. Улуттар аралык

мами-лелер кеңири мааниде - ар кандай чөйрөлөрдө (саясатта, маданиятта ж.б.) жана тар мааниде - ар кандай улуттагы адамдардын инсандар аралык мамиле-леринде, баарлашуу чөйрөлөрүндө (иште, үй-бүлөдө, достукта ж.б.) пайда болот [236].

Р. Г. Абдулатипов [1, 2], З. Т. Гасанов [60], Р. Р. Имамкулов [93], В. П. Комаров [115], Р. И. Кусарбаев [132], В. В. Лаврик [134] жана башкалар улуттар аралык мамилелешүү маданиятын инсандын өзгөчөлүгү катары карашкан.

И. И. Серова улуттар аралык мамилелешүү маданиятын «өз ара аракеттенүү, өз ара мамилелерди өркүндөтүү процессинде ишке ашырылуучу сабырдуу мамиледе тарбияланган адамга мүнөздүү болгон адеп-ахлак нормаларынын, этикалык идеялардын, моралдык көз караштарын, жүрүм-турум формаларынын жана түрдүү этностордун өкүлдөрүнүн ортосундагы өз ара түшүнүшүү жана алардын улуттук маданияттарынын өз ара конкреттүү иш-аракеттердин жыйындысы, деп эсептейт [196].

Р. Г. Абдулатиповдун пикири боюнча улуттар аралык мамилелердин маданияты улуттар аралык мамилелердин ар кандай чөйрөсүнүн зарыл атрибуту болуу менен, өзүнүн табияты боюнча коомдун руханий турмушунун феномени, улуттук мамилелердин моралдык-саясий жана адептик маңызын өзгөчөл формада чагылдырылышы болуп саналат [1].

З. Т. Гасановдун оюу боюнча улуттар аралык катнаш маданияты – ар түрдүү улуттардагы жана расалардагы адамдарга, алардын маданиятына, каада-салт-тарына, тилине, тарыхына, улуттук баалуулуктарына урмат-сый менен мамиле кылуу. Улуттар аралык мамилелешүү маданияты адамдардын көп улуттуу чөйрөдө укуктук жана моралдык-этикалык нормаларды аткаруусун билдирет” [60].

Н. З. Мунгиеванын пикири боюнча, улуттар аралык мамилелешүү маданияты – бул түрдүү улуттагы адамдардын ортосундагы өз ара мамилелердин нормаларынын, эрежелеринин, формаларынын жана жолдорунун жыйындысы [161].

А. Н. Некрасова улуттар аралык мамилелешүү маданиятын – ар түрдүү улуттун өкүлдөрүнүн маданиятынын өзгөчө тиби катары түшүнүк берип, улуттардын маданиятынын өз ара аракеттенүүсү менен мүнөздөлгөн, коомдогу демократиянын, инсандын этномаданий компетенттүүлүгүнө, сыпайылыгынын деңгээлине ылайык улуттун аң-сезиминде байкалган, ар түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн бардык чөйрөдө улуттар аралык ынтымакка умтулуусу деп чечмелеген [168].

Ал эми В. Г. Крыско бул түшүнүктү «Этностор аралык мамилелешүү маданияты – бул этностор аралык байланыштарда жана ар кандай этникалык жамааттардын өкүлдөрүнүн өз ара аракеттенүүсүндө көрүнгөн, өз ара түшүнү-шүүгө, макулдашууга тез жана кыйналбастан жетишүүгө мүмкүндүк берүүчү атайын билимдердин жана көндүмдөрдүн, ошондой эле аларга адекваттуу аракеттердин жыйындысы, жалпы кызыкчылыктар» [126].

Окумуштуу В. П. Комаров улуттар аралык мамилелешүү маданиятын башка улуттун адамдарынын өзгөчөлүгүн адекваттуу кабыл алуу жана ошого ылайык өзүнүн жүрүм-турумун көзөмөлдөө жөндөмдүүлүгү деп эсептейт [115].

Улуттар аралык мамилелешүү маданияты инсанды улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо чоң мааниге ээ. Анын эң маанилүү компоненттерине башка улуттун адамдары менен болгон мамилеси жана социалдык мамилелердин формаларын өз ара макулдашууга даяр болуусу кирет. Бүгүнкү күндө улуттар аралык маданиятка тарбиялоо деген түшүнүктүн так аныктамасы жок болсо дагы, коомдун маданиятынын бир бөлүгү жана инсандын сапатын көрсөткөн негизги түшүнүк, категория болуп санал-гандыктан, аны – коомдун социалдык-тарыхый өнүгүүсү менен шартталган, улуттук баалуулуктарга негизделген максаттарын, мамилелерин жана анын маңызын, формаларын чагылдырган инсандын интегралдык сапаты карасак болот. Тарбиялоонун башка багыттары сыяктуу эле улуттар аралык маданиятка тарбиялоо белгилүү принциптерге негизделет. Окумуштуу В. П. Комаров этностор аралык баарлашуу маданиятын төмөндөгүдөй принцип-терин аныктаган: 1) билим берүү процессин этностор

аралык мамилелешүү маданиятынын деңгээлин жогорулатууга багытталышы; 2) этностор аралык мамилелешүү маданиятын окуучулардын үч деңгээлдеги интеграциялык сапаты катары калыптандыруусу – когнитивдик, эмоционалдык-баалоочулук жана жүрүм-турумдук; 3) окуучулардын турмушунун бардык чөйрөлөрүндө окуу, өндүрүш, социалдык-маданий факторлордо улуттук-маданий фактор-ду дайыма жана ар тараптуу эске алуусу; 4) окуу жайдын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тарбиялануучуну комплекстүү билим берүү процессинин активдүү субъекти катары көрсөтүүсү; 5) педагогикалык ишмердүүлүктөгү үзгүлтүксүздүк – анын системалуу жана функционалдык түзүлүшүндөгү окуу-тарбия процессинин так логикасы; 6) микро жана макрочөйрөнүн өзгө-чөлүктөрүн эске алуу менен ар түрдүү улуттардын окуучуларын тарбиялоого жеке жана дифференциалдык мамиле кылуу [114; 115].

Ал эми улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун принциптери өлкөдө түзүлгөн улуттар аралык мамилелердин мүнөзү, мыйзам актыларында бекитилген улуттук саясат менен аныкталат. Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо “2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясында» аныкталган төмөндөгү принциптерге таянат:

– жарандардын этностук, диний, социалдык жана аймактык таандыктыгына карабастан, тең укуктуулугун кепилдөө менен басмырлоого жол бербөө;

– ыктыярдуулук, көп түрдүүлүктү урматтоо жана таануу, жарандардын укуктары менен милдеттеринин, ар түрдүү көз караштагы ар кандай топтордун ортосундагы тең салмактуулукту камсыздоо;

– Кыргыз жаранын жана мамлекетти өнүктүрүүгө кызыкдар болгон бардык тараптардын өз ара аракеттенүүсү жана өнөктөштүгү [129].

Мына ушул концепцияга таянуу менен башталгыч класстын окуучуларына улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун эң маанилүү биринчи принциби – тарбиялоонун улуттук жана адамзаттык баалуулуктарга максаттуу

багытталгандыгын эсептөөгө болот. Ал улуттар аралык маданиятка тарбиялоону инсандын сапат катары калыптандыруунун зарылдыгын жана Кыргызстанда жүргүзүлүп жаткан улуттук, социалдык-экономикалык, адеп-ахлактык иштер билдирет. Экинчи принцип – өлкөбүздө кабыл алынган мектеп окуучуларын тарбиялоонун концепциясына (2021-ж.) ылайык тарбиялык иштерге комплекстүү мамилени жасоонун негизинде ишке ашырылышы. Бул улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процессинин бүтүндүгүнөн жана алардын органикалык байланыштарынан көрүнөт. Ал окуучунун улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун мазмуну этномаданий, адеп-ахлактык, улуттук баалуулуктар, жүрүм-турумунун коомдук баалуу мотивдери менен байланышкан.

Окумуштуулар улуттар аралык маданиятка тарбиялоо бир нече компоненттерден турган структурасы боло тургандыктарын белгилешкен. Р. З. Хайруллиндин көз карашы боюнча улуттар аралык баарлашуу маданиятынын структурасы когнитивдик, эмоционалдык-баалоочу, мотивациялык-керектөөчүлүк жана жүрүм-турумдук компоненттерден турат. Бул компоненттер улуттар аралык маданиятка байланышкан төмөндөгү идеяларды камтыйт: өз элинин тарыхын жана маданиятын, ошондой эле башка улуттук маданиятынын өзгөчөлүктөрүн (тарыхын, тилин, каада-салтын, үрп-адатын, психологиясын ж.б.) билүү; көп улуттуу чөйрөдө баарлашуу жөндөмү; ар улуттагы адамдардын өз ара мамилелеринде жүрүш-туруштун жалпы кабыл алынган нормаларын жана эрежелерин өздөштүрүү [219]. В. И. Матис этностор аралык мамилелешүү маданияты көптөгөн компоненттерден тураарын, бирок билим эң маанилүү компонент катары төмөнкү элементтерден тура тургандыгын белгилейт:

– өз улутунун маданиятынын тарыхын, анын салттарын билүү;

– баарлашуу процесси жүргүзүлүп жаткан этностун улуттук маданиятын билүү;

– өзүнүн улуттук маданиятынын ролун жана дүйнөлүк маданиятта этнос-өнөктөштүн маданиятынын ролун билүү;

–улуттук психологиянын көрүнүшү катары улуттук маданияттын өзгөчөлүктөрүн билүү [148].

З. Т. Гасановдун пикири боюнча когнитивдик компонент мазмунуна адамдын жана элдердин укуктары, этностор жана конфессиялар аралык чыр-чатактар, алардын келип чыгуу себептери, иш жүзүндө – этностор аралык конфликттик кырдаалдарды жеңе билүү жөнүндө билимдерди камтыса эң толук болот деп эсептейт. Эмоционалдык-баалоочу компонент – адамдын өзүнүн жана башка этностук топторго карата сезимдеринде, ишенимдеринде, баалуулуктарында ж.б. көрүнгөн эмоционалдык жана моралдык мүнөздөмөлөрү менен аныкталат. Алар оң (сүйүү, боорукердик, сезимталдык, сылык, кызыкчылык, боор ооруу) жана терс (кайдыгерлик, обочолонуу, өжөрлүк, сыйлабастык, текебер-дик, наадандык, оройлук, жек көрүү, таш боордук) болуп бөлүнөт. Мотивациялык-керектөө компоненти – инсандын башка улуттун маданиятын, улуттар аралык мамилелердин маданиятын өздөштүрүүгө болгон мотивациясы жана муктаждыгы. Жүрүш-туруш компоненти – бул, эреже катары, ак көңүлдүк, сылыктык, формализм, кайдыгерлик, жек көрүүчүлүк менен мүнөздөлгөн башка улуттун адамдарына карата аракеттердин жана жоруктардын көрүнүшү болуп саналат [264].

В. П. Комаров этностор аралык баарлашуу маданиятын калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча ишмердүүлүктүн үч багытын аныктаган:

– когнитивдик (акыл-эстүүлүк, интеллектуалдык) – этностор аралык мамилелердин теориясы менен практикасынын жана этностор аралык байланыш маданиятынын көйгөйлөрү боюнча билимдер менен байытуу;

– эмоционалдык (эмоционалдык-психологиялык)–эмоционалдык-психологиялык мүнөздөмөлөрдү өнүктүрүү;

– жүрүм-турумдук (эрктүүлүк, активдүүлүк) – улуттар аралык баарлашуунун аң-сезимдүү, активдүү, активдүү субъектин калыптандыруу [114].

Улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо белгилүү каражаттардын системасы колдонулат. Окумуштуулар М. И. Рожков, Л. В. Байбородова, М.

А. Ковальчуктун көз караштары боюнча рефлексивдүү ишмердүүлүк, анын ичинде ар түрдүү маданияттардын жана инсандардын баалуулуктарын түшүнүү; башка маданияттар менен баалуулук мамилелеринин жалпы кабыл алынган формаларында балдардын көнүгүүлөрү (маданияттарды салыштыруу жана талдоо); диалогдук баарлашуу (имитациялык баарлашуу, симуляциялык баарлашуу, аутенттик баарлашуу); өнүктүрүүчү жана имитациялык оюндарды иштеп чыгуу (ролдук оюндар, “провокация” оюндары, драмалаштыруу, көй-гөйлүү кырдаалдарды жана моралдык дилеммаларды талкуулоо ж.б.); педаго-гикалык жардам көрсөтүү жана формаларды жана методдорду баланын инсан-дыгына ылайыкташтыруу; улуттар аралык байланышты чыңдоого багыт-талган мугалимдер менен окуучулардын коомдук маанидеги биргелешкен иш-чаралары, балдар менен долбоордук иш-чаралар негизги каражаттардан болуп саналат [186].

Окуучуну улуттар аралык маданиятка тарбиялоо аны этномаданий социалдаштырууга, аларга улуттар аралык баарлашуу маданияты жөнүндө теориялык билим берүүгө, баалуулук-мотивациялык чөйрөнү өнүктүрүүгө жана маданиятын кеңейтүүгө багытталган педагогикалык процесс экендигин изилдөөлөр далилдейт. Мына ушул педагогикалык процесс улуттар аралык катнаштын тажрыйбасын, башка улуттардын өкүлдөрү менен пикир алышуунун практикалык ыктарын жана билгичтиктерин калыптандырууга багытталат.

Улуттар аралык мамилелешүү маданияты белгилүү бир функцияны аткарат. Ал улуттун маанилүү күчтөрүн ишке ашыруунун жолу болуп саналат. Илимий адабияттарда (И. И. Серова, В. П, Комаров, Н. Ф. Чипинова ж.б.) этностор аралык мамилелешүү маданиятынын функцияларын аныкталган.

И. И. Серованын пикири боюнча, улуттар аралык байланыш маданияты үч функция аткарат: өз ара аракеттенишүү; өз ара түшүнүшүү, өз ара таасир этүү [195, с. 68].

Ал эми В. П. Комаров улуттар аралык мамилелешүү маданиятынын төмөндөгүдөй функцияларын сунуштаган:

– *гуманисттик:* инсандын гуманитардык, адеп-ахлактык, руханий, эмпа-тиялык маданиятын өнүктүрүүгө салым кошот;

– *коммуникативдик:* ар кандай этномаданий баалуулуктарды алып жүрүүчүлөр катары ар кыл этникалык жамааттардын өкүлдөрү менен моралдык жана эмоционалдык өз ара аракеттенүүнү камсыз кылат;

– *аксиологиялык:* этномаданий өзгөчөлүктү сактоону жана инсандын жалпы маданиятын өнүктүрүүнү демилгелеген социалдык-маданий баалуу-луктарды түзүүнү, сактоону жана ассимиляциялоону камсыздайт;

– *когнитивдик-өнүгүүчү:* этностор аралык баарлашуу маданияты – бул билимдердин жана көндүмдөрдүн өзгөрүлмө системасын, социалдык-маданий тажрыйбаны, анын ичинде этностор аралык коммуникацияны өздөштүрүү ыкмасы, инсандын жана маданияттын өнүгүү жана өзүн-өзү өнүктүрүү фактору;

– *тарбиялык:* улуттук маданияттын баалуулуктарына жана алардын алып жүрүүчүлөрүнө, элдердин каада-салттарына жана үрп-адаттарына, алар-дын педагогикалык тажрыйбасына инсандын оң көз караштарынын систе-масын калыптандырууну камсыздайт;

– *нормативдик:* бул маданиятта жүрүм-турумду жана баарлашууну жөнгө салуучу, белгилүү бир улуттук маданиятта кабыл алынган мамиле-лердин нормаларынын жана жүрүм-турум стереотиптеринин жыйындысы;

– *регулятивдик-түзөтүүчү:* көп маданияттуу коомдо инсандын комму-никация, өнүгүү жана өзүн-өзү өнүктүрүү процесстерин жөнгө салуу фактору катары иштейт [141].

Ал эми Н. Ф. Чипинова улуттар аралык баарлашуу маданиятынын өзгөчөлөнгөн төмөндөгү функцияларын да бөлүп көрсөткөн:

– тарыхый эстутумду сактоо, өткөн муундардын тажрый-басын сын көз менен кайра карап чыгуу жана ошонун негизинде түрдүү улуттардын өз ара

мамилелеринин туура критерийлерин жана социалдык багыттарын иштеп чыгуучу;

– ченемдик – коомдун өнүгүүсүнүн азыркы этабынын талаптарына ылайык келген ар түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн мамилелеринде жүрүм-турумдун социалдык түрүн камсыз кылуучу нормаларды жана талаптарды иштеп чыгуу;

– коммуникативдик – инсанды өнүктүрүү жана өркүндөтүү үчүн улуттар аралык мамилелешүүнү толугураак пайдалануу, башка улуттун өкүлдөрү менен байланыш түзүү жөндөмдүүлүгүн жана даярдыгын калыптандыруу; ар түрдүү маданияттардын жана улуттардын өкүлдөрү менен мамиледе толеранттуулукту калыптандырууга көмөктөшүү [232].

Жогоруда айтылган изилдөөлөрдүн негизинде жана башталгыч класстын окуучуларынын курак, психологиялык өзгөчөлүктөрүн, класстан тышкаркы иштердин тарбиялык максатын эске алуу менен улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун төмөнкүдөй негизги функцияларын бөлүп көрсөтөбүз: маалымат берүүчү, шыктандыруучу, жөнгө салуучу, коммуникативдик, интеграциялык жана кабыл алуу функциясы.

Р. И. Кусарбаев улуттар аралык өз ара аракеттенүү маданиятынын көрсөткүчтөрү катары алардын көрүнүшүнүн мүнөзүнө жараша топтоштурулган белгилерди “тышкы жана ички” эки топко бөлгөн. Тышкы белгилер башка улуттун тилине, маданиятына, тарыхына, адабиятына, илимине кызыгуу жана аларды өздөштүрүү зарылчылыгы; башка улуттардын өкүлдөрү менен мамилелерди өнүктүрүүсү. Ал эми ички белгилерге төмөндөгүлөр кире тургандыгын белгилеген:

1. Муктаждык-катнаштык мүнөздөгү белгилер: көп улуттуу элин урматтоо жана Ата-Мекенге болгон сүйүү; жалпы адамзаттык баалуулуктарга, анын жетишкендиктерине багыт алуу; улуттук ар-намысына жана сезимдерге кайрылуу, интернационалдык жана атуулдук аң-сезимди тарбиялоо.

2. Этикалык мүнөздөгү белгилер: сыпайылыктын, адамга болгон сезимталдыктын көрүнүшү; эмпатияга, адамдардын абалын, каалоолорун,

алардын ниетин түшүнүүгө даяр болуу; чыр чатакты жеңүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу.

3. Активдүүлүк-турмуштук мүнөздөгү белгилер: улуттар аралык нике; башка улуттагы адамдардын ийгиликтерине баа берүү жөндөмдүүлүгү; улуттук сыймыктануунун асыл сезимин өнүктүрүү.

4. Идеологиялык мүнөздөгү белгилер: түрдүү улуттардын биргелешкен жашоосун түшүнүү; улутчулдуктун жана расизмдин көрүнүштөрүнө элдешпес мамиле кылуу; жалпы адамзаттык, адеп-ахлактык баалуулуктарга, адамзат цивилизациясынын жетишкендиктерине багыт алуу, дүйнөлүк коомчулукка таандык экендигин аңдап билүү; жер жүзүндөгү бардык элдерге, алардын этно-улуттук өзгөчөлүктөрүнө терең урматтоо; адамдардын диний сезимдерине сабырдуулуктун духу, пайда болуп жаткан конфессиялар аралык чыр-чатактарды тынчтык жолу менен чечүүнү камсыз кылуу.

5. Интеллектуалдык жана эмоционалдык мүнөздөгү белгилер: жумушта, окуу процессинде, үйдө башка улуттагы адамдарга мамилеси; башка улуттагы адамдардын көз караштарына, ишенимдерине, идеалдарына мамилеси жана реакциясы; башка улуттагы адамдардын баалуулуктарына жана стерео-типтерине реакциясы [132].

Илимий булактарды, педагогикалык практиканы талдоо мектеп окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоону интегралдык кубулуш катары кароого жана анын маңызын аныктоого мүмкүндүк берди.

**Улуттар аралык маданиятка тарбиялоону** – коомдун социалдык-тарыхый өнүгүүсү менен шартталган, объективдүүлүктүн контекстинде коюлган талаптарга ылайык улуттар тарабынан жаралган, улуттук баалуулуктарга негизделген максаттарда, милдеттерде аныкталган инсандын интегралдык сапатын тарбиялоого багытталган системалуу, максаттуу жана этаптуу процессин түшүнөбүз.

Улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маңызы – ар түрдүү элдердин руханий жана улуттар аралык байланыштарынын көрүнүшүндө, башка улуттун адамдарын урматоо, каада-салттарын, үрп-адаттарын, тилин

сыйлоо, улут топтогон баалуулуктарды сактап өнүктүрүү жана муундан муунга өткөрүп берүүнү камсыз кылуу менен аныкталат. Ар түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн ортосундагы байланышты ишке ашыруу маданияттарды өз ара байытып, инсандын чыгармачылык, рухий жактан өнүгүшү үчүн көмөк көрсөтөт жана шарттарды түзөт. Бул сапаттарды мектепке чейинки курактан баштап тарбиялоо керек.

Теориялык булактарга, педагогикалык практикада топтолгон тажрыйбаларга, изилдөөбүздүн натыйжаларына таянуу менен башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процессинин мазмуну ал төмөнкүлөргө багытталышы керек деп айта алабыз:

– улут, өлкөбүздө жашаган башка улуттар жөнүндөгү маалыматтарга ээ кылууга;

– улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды, алардын окшоштуктары жана айырмачылыктары тууралуу маалыматтарга ээ кылып, адепахлактык сапаттарын өнүктүрүүгө;

– башка өлкөгө жана анын элине сый мамиле жасоого;

– башка улуттардын маданиятына, каада- салтын, баалуулуктарын окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрүүнүн негизинде алардын туура кабыл алып, оң мамилени, баалоону, урматтоону, камсыз кылган сапаттарды тарбиялоого;

– башка улуттун руханий жана маданий турмушундагы жетишкендиктерине оң мамиле жасоого;

– башка улуттун өкүлдөрү менен дайыма тыгыз байланышта болуу жана адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүүгө умтулуусун.

Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо башталгыч класстын окуучуларынын башка улуттун улуттук баалуулуктарын, түрдүүлүгүн жана өзгөчөлүктөрүн аң сезимдүү кабыл алып, туура бүшүнүп жана сыйлоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнү билдирет. Ал эми ушул сапаттарды башталгыч класстан башап эле калыптандырбаса кийин сабырсыздыкка жана ар кандай чыр чатактын келип чыгышына да себеп болушу мүмкүн. Анткени, башка

улуттун өкүлдөрүнүн улуттук баалуулуктарына, каада-салтына, маданиятына сый-урмат менен ммамиле жасоо максаттуу тарбиялоо аркылуу гана калыптанат.

Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо окуучулардын башка адамдарга болгон мамилесинин көрүнүшү болгон толеранттуулук сапатын калыптандырмайынча мүмкүн эмес. Эгемендүүлүктүн шартында улуттук аң-сезиминин өсүшү, алардын биримдикке жана этностор аралык интеграцияга умтулуусу менен маданият, экономикалык жана маалымат мейкиндигинде бирдиктүү мамлекеттик түзүлүштү орнотуунун ортосундагы карама-каршылыктар келип чыгат. Мына ушуга байланыштуу азыркы кезде улуттар аралык толеранттуулукту тарбиялоо феноменине кызыгуу өсүүдө. Анткени, толеранттуулук – коомдун турмушундагы кызматташтыкка, өз ара түшүнүшүүгө жана бири-бирин урматтоого негизделген норма катары аныкталган социалдык-маданий системанын баалуулугу.

Сөздүктөрдө «толеранттуулук» (латын тилинен алынган tolerantia-чыда-кайлык) – башка адамдардын ой-пикирин жана иш-аракеттерине сабырдуу мамиле жасоону билдирген мүнөздүн өзгөчөлүгү, адамдар менен өз ара мамилесиндеги принцип, жетектөөчү идея, негизги позиция катары каалган. Илимий адабияттарда инсандар аралык, социалдык, улуттук толеранттуулук жана диний толеранттуулук белгиленген. Инсан аралык толеранттуулук белгилүү бир адамга, социалдык - белгилүү бир топко, коомго, улуттук - башка улутка, диний - башка диний ишенимге карата болгон мамилесинен көрүнөт. Сабырдуу адам өзүнүн тууралыгын далилдөөгө аракет кылбастан, башкалардын ишенимин сыйлап, көз караштарга жана иш-аракеттерге кайдыгерликти билдирбейт.

Толеранттуулук - бул интеграцияланган сапат катары калыптанса, анда ал бардык турмуштук кырдаалдарда жана бардык адамдарга карата өзүнүн мамилесин көрсөтөт. Ошол эле учурда турмушта, адам жакындары, тааныштары менен мамиледе сабырдуу боло алат, бирок башка ишенимдеги же улуттагы адамдарга көңүл бурбай, чыдамсыздык менен мамиле кылат.

Мына ушуга байланыштуу башталгыч класстын окуучуларынан баштап алардын башка улуттун өкүлдүрүнө болгон урмат-сый мамилесинин, толеранттуулук сапатын тарбыяламайынча мүмкүн эмес. Бул алардын сыйлоо, кабыл алуу жана көп түрдүүлүгүн туура түшүнүү, өзүнүн индивидуалдуулугун көрсөтүү жолдору. Ошондуктан мектепте алардын адеп-ахлактык баалуулуктарга негизделген карама-каршы пикирлерге сабырдуулукту тарбиялоого багытталышы керек.

Этностор аралык толеранттуулук – бул адамдын менталитетин, маданиятын, өзүн көрсөтүүнүн оригиналдуулугун эске алуу менен башка улуттун (этникалык топтун) өкүлдөрүнө карата алардын менталитетин, маданиятын өзүн көрсөтүүнө карата инсандын касиети. Этностор аралык карым-катнаш тармагындагы толеранттуулук – бул наркты таануу «башка», «өзүнүкү» дегенден айырмаланып, айырмачылыктын баалуулугу, ар түрдүү көз караштарга болгон укугу.

Башталгыч класстын окуучуларынын этностор аралык толеранттуулукка тарбиялоо алардын жаш өзгөчөлүгү, жеке сапаттарынын көрүнүшүнүн мүнөзү (К. Ш. Бромлей, Г. Крайт, Э. К. Суслова ж.б.) менен аныкталат. Окумуштуулар башталгыч мектеп курагын этностор аралык толеранттуулукту калыптандыруунун сезгич мезгили катары белгилешет. Алардын улуттар аралык маданиятка тарбиялануусунун өнүгүшүнө улууларга баш ийүү, ачык-тык, ишенимдүүлүк, тууроо, умтулуу өңдөнгөн сапаттар салым кошот.

Психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдө (Л. С. Выготский, В. А. Запорожец, А. Н. Леонтьев, А. А. Люблинская, Ц. Ж. Рубинштейн) башталгыч класстын окуучуларын башка улуттардын, этникалык топтордун өкүлдөрүнө эмоционалдык оң мамиле кылууга, этномаданий толеранттуулукту тарбиялоого мааниге ээ болгон курак катары белгиленген. Бул курактагы балдар айлана-чөйрөсү, көп улуттуу коомдогу мамилелер жөнүндө маалыматтарга ээ болушуп, өзүнүн иш-аракеттери, адамдарга болгон мамилеси үчүн жоопкерчилик тартат.

Башталгыч класстын окуучуларын толеранттуулукка тарбиялоо татаал процесс. Алардын ар кандай улуттардын өкүлдөрүнө карата мамилеси алардын ата-энелери жана чөйрөсүндө жашагандардын ( бир үйдө, бир көчөдө, бардыгы үчүн жалпы майрамдарды даярдоого жана өткөрүүгө катышуусу) натыйжасында пайда болот.

Г. Д. Дмитриева, В. И. Матис, З. Ф. Мубинова, Г. В. Палаткина, В. Ф. Петренко ж.б. лардын көз караштарына таянуу менен биз бул көрүнүштү улуттар аралык позитивдүү өз ара аракеттенүүгө жөндөмдүүлүгү жана даярдыгы менен көрүнгөн, тараптардын өз ара сыйлоосунун жана тең укуктуулугунун негизинде курулган жана ар түрдүүлүктүн маанисин түшүнүүгө негизделген адамдын сапаты деп түшүнөбүз.

Бул маселени чечүүдө төмөндөгүлөргө көңүл бөлүү зарыл:

– Кыргызстан көп улуттуу өлкө жана анын маданиятынын көп түрдүүлүгү жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу;

– Кыргызстанда жашаган элдеринин бардык улуттарынын тец укуктуулугун баалоого;

– окуучулардын өз улутунун жана башка улуттун маданияттарына өздөш-түрүүсүнүн шарты катары;

– башталгыч класстын окуучуларын адам укуктарын сыйлоого жана тынчтыкта жанаша жашоого үйрөтүү;

– башка улуттун каада-салтына улуттук баалуулуктарына урмат сый мамилени, позитивдүү көз караштарды тарбиялоого;

– башталгыч класстын окуучулаынын жаш курагына ылайык башка улуттардын маданиятын үйрөнүүсү үчүн шарттарды түзүүгө;

– түрдүү маданияттын өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүү көндүмдөрүн калыптандырууга;

– башталгыч класстын окуучуларын сабырдуулуктун, улуттар аралык гумандуу мамиленин духунда тарбиялоого;

– окуучулардын өз улутунун баалуулуктарына сыймыктануу сезимин тарбиялоого;

– класстан тышкаркы иштерде башка улуттардын баалуулуктарын колдонууга;

– башка улуттун балдары менен сый мааилешүүсүн өнүктүрүү.

Улуттар аралык толеранттуулукка тарбиялоо өз кезегинде каада – салт-тарды, үрп-адаттарды, ырым-жырымдарды, ошондой эле фольклордук жана искусствонун өзгөчөлүктөрүн үйрөнүүнү талап кылат. Башталгыч класстын окуучуларынын рухий жактан байытуу улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды, маданияттын негиздерин, ошондой эле бир аймакта жашаган элдердин этникалык маданиятын өздөштүрүүсү аркылуу ишке ашат. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо адамгерчиликтүү сапаттарды, башка улуттардын баалулуктарын, каада-салтын, көз караштарын урматтоону, сабырдуулукка, адамгерчиликтүү сапаттарды, чыр-чатактарды акыл эстүүлүк менен чечүүгө тарбиялоо.

Демек, башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процесси – бул алардын өз улутунун жана башка улуттардын маданиятына, тарыхына, баалуулуктарына байланышкан билимдерди, билгич-тиктерди, көндүмдөрдү өздөштүрүүсүн, жалпы адамзаттык баалуулуктарды түшүнүүсүн жана кабыл алуусун, башка улуттагы адамдарга сый мамиле жасай билүүсү катары карасак болот.

## 1.2. Кыргызстанда башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун өнүгүшүнүн өбөлгөлөрү

Азыркы кезде дүйнөдөгү ааламдаштыруунун, Кыргызстандагы социалдык–экономикалык, саясий жактан тарыхый өзгөрүүлөрдүн шарт-тарында өлкөбүздүн билим берүү системасы модернизациялоого багыт алып, жаш муундарга билим жана тарбия берүүнүн мазмунун аныктаган страте-гиялык документтер иштелип чыккан. Мына ушул жагдайларда улуттук иденттүүлүк маселесине, улуттар аралык маданиятка тарбиялоого өзгөчө

көңүл бөлүнүүдө. Натыйжада мектеп окуучуларын улуттар аралык аралык маданиятка тарбиялоо проблемасы биринчи планга чыгып, аны калыптандыруунун өбөлгөлөрүн аныктоонун зарылдыгы пайда болду. Анткени, өбөлгөлөрдү аныктоо башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процессин байытып, алгылыктуу тажрыйбаларды чыгармачылык менен пайдаланып, теориялык базаны түзүүгө жана практикалык ишке ашырууга көмөктөшөт.

Окумуштуулар Б. Г. Могильницкий [158] жана В. М. Рябковдун [189] пикирлери боюнча изилденүүчү проблеманы тарыхый-педагогикалык талдоо илимий-тануучулук, прогноздук, социалдык эс-тутумдун тарбиялоочу функцияларды аткарат. Аталган функцияларды башталгыч класстын окуучуларына класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоо проблема-сынын абалын талдоо үчүн негиз катары алдык. Илимий таанып билүүчүлүк функция улуттар аралык маданиятка тарбиялоого байланышкан түшүнүк-төрдү (улут, маданият, мамилелешүү маднияты, улут аралык мамилелешүү  ж.б.у.с.), илимий билимдерди, конкреттүү фактылардын топтоонун негизинде бул кубулуштун өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн негизин анык-тоого жана анын тарыхый өбөлгөлөрүн ачууга жардам берет. Прогноздоочу функция биздин изилдөөбүздүн алкагында башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маамилелешүү маданиятка класстан тышкаркы иштердин системасында мындан ары өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү перспективаларын, тенденцияларын, багыттарын, потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануунун жолдорун аныктоого салым кошот. Социалдык эс-тутумдун тарбиялоочу функциясы тарыхый аспектиде башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгын калыптандырууда алардын башка улуттарга ар дайым аң-сезимдүү, сый-урмат менен мамиле жасоого үйрөтүүгө, аны өнүктүрүүгө түрткү болгон шарт түзүп, эмоциялык таасирин чагылдырат.

Илимий булактарды талдоо, кубулуштун өзгөчөлүктөрүнө жана ар кандай аспектилерине көңүл буруу окуучулардын улуттар аралык мада-

ниятка тарбиялоонун негизги түшүнүктөрүн талдоого, белгиленген проблеманын генезисине кайрылууга мүмкүндүк берди. Генезис бул кубулуштун пайда болушу, өнүгүүсү жана анын динамикасы абалы тууралуу маалымат берет. Бул өз кезегинде улуттар аралык баарлашуу маданиятынын өнүктүрүүнүн маселесин, топтолгон тажрыйбаларды логикалык жана теориялык методдор менен талдоого жардам берет.

Адамды жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде улуттун тарыхына, маданиятына, тилине, каада-салттарына, башка улуттун элдерине карата сый мамиле жасоодон улуттар аралык маданиятка тарбиялоо келип чыккан. Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо адамдын ишмердүүлүгүндө дайыма тынымсыз жаңыланып турган чөйрө катары өзүнүн өнүгүү жана калыптануу тарыхына ээ. Азыркы кезге чейин коомдук илимдерде топтолгон илимий натыйжалар жана педагогикалык тажрыйбалар башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоону натыйжалуу изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзөт. Бүгүнкү күнгө чейин сакталган адеп-ахлактыктын нормалардын, тарыхый тажрыйбалардын азыркы кездеги дүйнөнүн социомаданияттык реалдуулуктары менен байланышта болушу башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун баалуулук багыттарын өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Изилдөөнүн жүрүшүндө илимий булактарды, коомдун өнүгүүсүндө топтолгон тажрыйбаларды талдоонун негизинде мектеп окуучуларына улуттук маданиятка тарбиялоого таасир тийгизген өбөлгөлөрдү аныктай алдык.

**Педагогикалык-психологиялык өбөлгөлөр**. Өсүп келе жаткан жаш муундарды улуттар аралык маданиятка тарбиялоо жөнүндөгү маселе өткөн кылымдарда эле педагогика илиминин классиктеринин идеяларында белгиленген. Алар ар түрдүү улуттун балдарын достукка, өз ара жардамдашууга, бири-бирин урматтоого тарбиялоонун жолдорун издешкен. Алардын көз караштарын талдоо окуучулардын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун негизделишин, өнүгүү мезгилин айырмалоого мүмкүндүк берет. Байыркы грек ойчулдары да адамдар бири-биринен жүрүм-туруму, маданияты менен

айырмаланат деген ойду айтышкан. Белгилүү дарыгер Гиппократ өзүнүн «Аба, суулар жана жерлер жөнүндө» эмгегинде ар кандай элдердин физикалык жана психикалык өзгөчөлүктөрүн географиялык жана климаттык шарттарга байланыштырган. Ал «адамдардын үрп-адаттарынын формалары бул өлкөнүн маданиятын чагылдырат» деп эсептеген. Бийик, тегиз, шамал соккон, суусу мол, өлкөдө жашагандар денесинин эбегейсиз зор сырткы көрүнүшү менен өзгөчөлөнүп, бири-бирине окшош, эрке эмес, жоош руху менен айырмаланат [79. 304-б.]. Ал эми Демокрит түштүк менен түндүктүн климаты организмге, адамдын психикасына ар кандай таасир этет деген божомолду да билдирген.

Улуттар аралык маданиятка тарбиялоону изилдөөнүн теориялык негизи болуп баланын уникалдуу инсан катары баалуулугун тааныган өнүгүүнүн гуманисттик теориясы саналат. Атактуу Ж. Ж. Руссо бардык бала төрөлгөндөн баштап аларга табигый боорукердик жана социалдык дүйнөдө өз алдынча багыт алуу жөндөмү бирдей берилген деп эсептеген [188]. Өткөн кылымда эле Дж. Локк баланы «маданиятка ылайык тарбиялоо» маселесин белгилеген [137]. А. Дистервег бул идеяны өнүктүрүп, теориялык жактан негиздеп, билим берүүдөгү мындай мамилени «маданиятка ылайыктуулук» принциби деп атаган. Ал бул принциптин маңызын мындайча түшүндүргөн: «Тарбиялоодо адам кайсы жерде төрөлгөндүгүн, кайсы жерде жашай тургандыгын, ошол жердин жана мезгилдин шартын эске алуу зарыл. Бир сөз менен айтканда, сөздүн кеңири жана ар тараптуу мааниси бардык заманбап маданият, өзгөчө окуучунун мекени болгон өлкөнүн маданияты» мындайча түшүндүргөн [86, б. 19]. Бул принцип XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы педагогикада таанылган.

Улуттар аралык ынтымак идеяларын К. Д. Ушинский, ненецтердин туулуп-өскөн тундрага болгон сүйүүсүн, аюу жөнүндөгү Камчадаланын ырын, Ханты менен Мансинин оор тагдырын жана демилгелүү Коми жөнүндө жазган.  Эч ким унутулбайт – Россия зор, бирок бириккен». Бул идея К. Д. Ушинскийдин чыгармачылыгында кеңири орун алган [218].

Л. Н. Толстойдун китептери башка улуттун тилдерине которулуп, эне тилин окутуунун куралы болуп калган. Анын жомоктору, аңгемелери марий, чуваш, удмурт, мордва жана башка элдердин фольклордук чыгармалары катары жазылып алынган [56].

Улуттар аралык катнашты жана мамилелерди гармониялаштыруу проблемалары Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин педагогдорунун көңүлүнүн борборунда болгон. Улуттар аралык байланышты аныктоонун алгачкы аракеттеринин бири илимий жүгүртүүгө «байланыш» термининин кириши XX кылымдын 20-жылдардын башында болгон. Н. К. Крупская «Улуттук маданияттын маселеси боюнча» деген эмгегинде улуттар аралык маданиятка тарбиялоо боюнча маселе койгон. Бул үчүн ар кандай элдер үчүн ар кандай билим берүү программалары болушу керек деп эсептеген [151]. Ушундай эле сунуштар П. П. Блонский [55], А. В. Луначарский [141], А. С. Макаренко [144], С. Т. Шацкий [55] тарабынан берилип, улут-тар аралык өз ара аракеттенүүнүн маданиятын калыптандыруунун алгачкы этабы болуп калды.

А. С. Макаренко өзүнүн практикасында патриоттук жана интернационалдык тарбиянын формаларынын бири катары биздин көп улуттуу өлкөбүздүн республикаларына жана областтарына жыл сайын саякаттар жана экскурсияларды уюштурган. Бул иштердин системасы окуучуларга терең таасир тийгизип, алардын элдердин ортосундагы достуктун, Родинага болгон сүйүүнүн сезимдерин байыткан [144; 145].

В. А. Сухомлинскийдин окуучуларды элдердин достугунун духунда тарбиялоо боюнча мектептин ишинин мазмунун түзгөн фундаменталдык компоненттерин ачып берген [206]. Ал керек болсо балдарды элдердин достугунун духунда тарбиялоо бала мектепке келгенге чейин башталууга тийиш деп эсептеген. Бул процессте үй-бүлө маанилүү роль ойнойт деп баса белгилеген. Өзү жетектеген Павлыш мектебинде окуучулардын интернационалдык сезимдерди калыптандыруунун негизги багыттары тарбиялык иштердин системасы аркылуу элдердин достугунун тарыхый маңызын, кайра

түзүүчү маанисин, интернационалдык байланыштардын ордун жана ролун түшүндүрүү принцибине негизделген. В. А. Сухомлинский улуттар аралык мамилелешүү маданиятын клаптандырууда эки багытты сезимдерди ойготуу жана аны калыптандырууну баса белгилеген тарбиялык иштердин ар түрдүү формаларын өзүнүн практикасында пайдаланган.

Илимий адабияттарда «улуттар аралык мамилелешүү маданияты» деген түшүнүк КПСС Борбордук Комитетинин 1982-жылдын 19-февралындагы «Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун түзүлгөндүгүнун 60 жылдыгы жөнүндө» деп аталган токтом кабыл алынгандан кийин колдонулуп келе жатат. Коомдук-саясий документ болгон бул токтомдо улуттар аралык катнаш маданияты интернационалдык-патриоттук тарбиялоонун эң маанилүү милдеттеринин бири катары аныкталган. «Улуттар аралык мамилелешүү маданияты» маселесине арналган философиялык, социологиялык, педагогикалык, социалдык-психологиялык эмгектерде улуттар аралык катнаштын маңызы, аны калыптандыруунун негизги критерийлери жана факторлору тууралуу маселелер каралган [198].

Окумуштуулар Е. А. Баграмов, Т. Ю. Бурмистрова, С. Т. Калтахчян, И. Я. Копылов, М. И. Куличенко, Р. Я. Саликов, Е. В. Тадевосян, З. Ю. Юсупов жана башкалар СССРде улуттар аралык мамилелерди өнүктүрүүнүн жалпы теориялык проблемаларын, улут маселесин чечүүнүн тарыхый тажрыйбасын, улут жана улуттук мамилелер жөнүндөгү маркстик-лениндик окуу, интернационализмдин проблемаларын, эмгекчилердин таптык тилектештигин, социалисттик көп улуттуу мамлекеттин өнүгүшүнүн этаптарын жана башка маселелерди изилдешкен. Бирок, көп улуттуу социалисттик коомдун өнүгүшүндөгү карама-каршылыктар эске алынбай, эмгектерде камтылган теориялык корутундуларга жана практикалык сунуштарга таасирин тийгизген.

Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын принциптеринин бири болуп маданий-агартуу мейкиндигинин биримдиги, билим берүү системасы тарабынан улуттук маданияттарды, маданий салттарды жана өзгөчөлүктөрдү коргоо жана өнүктүрүү саналат.

Кыргызстанда 2021 жылдын 1-сентябрына карата бир тилде окуган 1677, 2-3 тилде окуган 656 мектеп бар. Ар түрдүү улуттук маданияты, каада-салты, менталитети жана психологиялык өзгөчөлүктөрү болгон элдердин балдары чогуу окуган мектептер көп улуттуу мүнөзү менен айырмаланат. Мектеп, ар бир класс жеке адамдын өнүгүүсүнүн чечүүчү шарттарынын бири болуп калган жалпы маданий чөйрөнүн өз вариантына ээ. Көп улуттуу чөйрөдө тарбиялоо сабырдуулук принцибине негизделип, ар бир балада көп улуттуу чөйрөдө өз ара аракеттенүү үчүн маанилүү болгон маданий, улуттук жана жарандык идентификациянын өзгөчөлүктөрүн өнүктүрүүнү камтыйт. Мына ушуга байланыштуу мектеп окуучуларынын баалуулук багыттарын максаттуу калыптандыруу, алардын жогорку адеп-ахлак нормаларын, салттуу үй-бүлөлүк жана социалдык баалуулуктарды, кыргыз коомунун салттарын өздөштүрүүсүнө баа берүү ыкмаларынын, каражаттарынын ар кандай системаларын түзүү жана ыкмаларды издөө болуп саналат. Кыргызстан элдеринин байлыгын, маданияттарынын биримдигин чагылдырган жалпы адамзаттык баалуулуктар системасы менен тааныштыруу, алар чогуу жалпы коомдо кабыл алынган стандарттын эталону болуп саналат.

Кыргызстан көп улуттуу өлкө. Анын аймагында маданияты, каада-салттары, диний ишенимдери бар 100 дөн ашык улуттун өкүлдөрү жашайт. Азыркы татаал шарттарда улуттар өз алдынча, бири-бири менен байланышпай өнүгө албайт. Мына ушуга байланыштуу бир мамлекеттин ичиндеги ар кандай элдердин мамилелеринде проблема бардык убакта болгон. Байланыштын деңгээли, конкреттүү тарыхый кырдаалга, режимдин саясатына жана башка обьективдүү факторлорго түздөн-түз көз каранды болот.

Ааламдашуу доорунда Кыргызстанда «Улуттар аралык маданиятка тарбиялоону кантип ишке ашыруу керек?» деген маселени чечүүнүн жолун издөө, бизди проблеманын тарыхый тажрыйбасын үйрөнүүгө жана өлкөдө болуп жаткан окуяларга адекваттуу баа берүү зарылдыгына алып келди.

Жаш муундарга интернационалдык-патриоттук тарбия берүү инсанды калыптандыруунун көп кырдуу процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналган. Окумуштуулар тарабынан бул проблема «интернационализм», «патриотизм» сыяктуу бир катар илимий категориялардын негизинде каралып, Кыргызстандын мектептеринде, өзгөчө көп тилдүү мектептеринде интернационалдык тарбия берүү боюнча бир кыйла тажрыйбалар топтолгондугу окумуштуулар тарабынан белгиленген. Патриотизмдин маңызы өлкөдө жүрүп жаткан кайра куруулларга байланыштуу коомдук практика менен адамдын аң-сезиминин жана анын башатын түзгөн таптык, улуттук жана жалпы адамзаттык кызыкчылыктардын биримдигинде каралган. Илимий эмгектерде интернационалдык тарбия берүү проблемасына өзгөчө көңүл бурулуп, улуттук жана интернационалдык тарбиянын диалектикасы көрсөтүлүп, улуттук өздүк аң-сезим менен улутчулдуктун айырмачылыктары ачылып, улуттук кызыкчылыкка жетишсиз көңүл бурулган. Ошондой эле тарбияны уюштуруунун айрым формалары (клубдар, кызыкчылык бирикмелер, спорттук-техникалык лагерлер ж.б.) жергиликтүү материалдардын негизинде талданган. Окуу тарбия ишинин жүрүшүндө окуучуларды биздин өлкеде жашаган элдердин прогрессивдүү маданий мурастары жана дүйнөлүк жана социалисттик коомдун рухий баалуулуктары менен тааныштырууга маселесине көңүл бөлүнгөн (Н. А. Асипова, Д. С. Жапаров, Н. И. Имаева, Р. Р. Иманкулов, А. Карыпкулов, В. В. Светличная, Л. Ф. Тимофеева, Л. А. Шейман ж.б. лар).

Ал эми СССРдин тарашы улуттар аралык мамиленин курчушуна алып келген. Окумуштуу Н. А. Асипова [1994-2023 ж. ж.] изилдөөлөрүндө Кыргыз Республикасындагы көп улуттуу мектептердин шартында улуттар аралык мамилелешүү маданиятын калыптандырууну жаңы социалдык шарттарга ылайык келген фундаменталдуу теориялык, методологиялык жана практикалык маселелерин, көп маданияттуулукка тарбиялоонун мазмунун, ишке ашыруу формаларын жолдорун, социалдык, адеп-ахлактык, аспектилерин ар тараптуу изилдеп, Кыргызстанда «Улуттар аралык

мамилелешүү педагогикасы» деп аталган тармактын негиздөөчүсү катары чоң салым кошкон. Н. А. Асипова улуттар аралык мамилелердеги маданиятты калыптандырууда гуманизм принциптерине басым жасап жүрүм-турум маданиятын өстүрүүгө, инсандын адеп-ахлак маданиятын, сабырдуулукту башкы сапат жана негизги көрсөткүч катары тарбиялоого, ар түрдүү улуттардын ортосунда биргелешкен иш чараларды уюштуруунун актуалдуу маселелерин иштеп чыккан. Окумуштуу мектеп окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү маселесин изилдөөдө социалдык улуттук, регионалдык, социалдык-психологиялык жагдайлардын таасирин аныктаган [19; 27; 28]. Өсүп келе жаткан жаш муундарды көп маданияттуулукка тарбиялоо көп улуттуу Кыргызстандын стабилдүү өнүгүүсүнүн зарыл шарттарынын бири болуп саналат. Көп маданияттуулукка тарбиялангандык анын социалдык жана кесиптик чөйрөсүн аныктап, көп маданияттуу коомдо мамилелешүү маданиятын менен шайкеш келтирет.

Адылбек кызы Гүлназдын [6], изилдөөсү көп улуттуу билим берүү жамаатында коммуникацияларды башкаруу көйгөйлөрүнө, башталгыч класстын окуучуларына улуттук, психологиялык, маданияттык факторлорду эске алуу менен көп маданиятка тарбиялоонун педагогикалык маселелерин арналган.

Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо улуттук психологияны эске алууну, гуманизмдин элементардык салттарын сактоону талап кылат. Өз кезегинде К. Маркс, Ф. Энгельс этностор аралык катнаш маданиятынын предметинин өзгөчө сапаттарынын бири – улуттук мүнөз маселесине көңүл бурушуп, спецификалык өзгөчөлүктөрүн, улуттук турмуш-тиричилик сапаттарын жана орус элдеринин кулк-мүнөзүн өзгөчө мүнөздөшкөн **Улуттар аралык маданиятка тарбиялоону** – коомдун социалдык-тарыхый өнүгүүсү менен шартталган, объективдүүлүктүн контекстинде коюлган талаптарга ылайык улуттар тарабынан жаралган, улуттук баалуу-луктарга негизделген максаттарда, милдеттерде аныкталган инсандын интегралдык

сапатын тарбиялоого багытталган системалуу, максаттуу жана этаптуу процессин түшүнөбүз.

В. И. Ленин улуттук маселенин психологиялык аспектисинин маанилүүлүгүн баса белгилеп, улуттук сезимдерге этият мамиле кылуунун зарылдыгы жөнүндө көп айткан: «Улуттук маселеде өзгөчө маанилүү болгон психологияны кантип түшүнгүңөр келбейт?, кичине мажбурлоодо борборлоштуруунун талашсыз прогрессивдүү маанисин, ири мамлекеттерди булгайт, жокко чыгарат. » [136].

Улуттар аралык мамилелердин маданияты өзүнүн табияты боюнча этностор аралык мамилелердин социалдык-саясий, адеп-ахлактык маңызын чагылдырган өзгөчөлөнгөн формадагы коомдун руханий турмушунун кубулушу болуп саналат. Ал социалдык-экономикалык жагдайлар менен шартталып улуттар ортосундагы байланыштын руханий жана саясий формаларына айланат. Ал улуттук психологияны, гуманизмдин элементардык салттарын сактоону да талап кылат. Улуттун психологиясынын жалпы белгилеринин, көз караштарынын, каада-салтынын, нарктык багыттарынын белгилүү бир системасы болсо, улуттук психология менталдык түзүлүштүн жалпы белгилеринен тышкары, анын өзгөчөлүктөрүн да камтыйт.

Окумуштуу И. А. Новикованын пикири боюнча улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо анын социалдык-психологиялык аспектилери чоң мааниге ээ. Окумуштуу улуттар аралык маданиятка тарбиялоо руханий улуттук баалуулуктарды өз ара алмашуу принциптеринде ар түрдүү элдердин психологиясынын, жашоо образынын, үрп-адаттарынын өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү билимдердин кеңейишине байланыштуу боло тургандыгын белгилеген. Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо, эреже катары, максатка умтулган улуттук саясаттын, адамдар аралык мамилелерде гумандуу нормаларды жана интернационалисттик этиканы орнотуунун натыйжасы болуп саналат. «Этностор аралык баарлашуу маданияты ошондой эле микро шарттарды – ички шарттарды, анын ичинде инсандын башка маданиятты

кабыл алууга жана өнүктүрүүгө даярдыгынын индивидуалдык, социалдык-психологиялык факторлорун билдирет» [32].

Ошентип, улуттук психологиянын өзүнүн материалдык базасы жана курчап турган дүйнөнү кабыл алууда бүтүндөй бир элдин, улуттун өкүлдөрүнө тийиштүү болгон жалпы нерсени чагылдырган конкреттүү алып жүрүүчүлөрү бар. Ал жүрүм-турумдун туруктуу формаларында, психологиялык түзүлүштүн өзгөчөлүктөрүнөн, сүйлөө речинде жана тилде, белгилүү окуяларга, бири-бири менен жана башка адамдар менен болгон мамилесинде көрүнөт.

Улуттук-психологиялык факторлор өзүнүн мазмунуна улуттук аң-сезимдин, табиттин, адаттардын, үрп-адаттардын жана каада-салттардын, тил-дин өзгөчөлүктөрүн өз мазмунуна топтоп, ар бир адамдын калыптанышына зор таасирин тийгизет. Бул жерде абстрактуу инсан жөнүндө эмес, белгилүү бир улуттук чөйрөдө жана өнүгүүнүн конкреттүү этабында жашап, өнүгүп, аракеттенип жаткан адам жөнүндө болуп жатат. Мына ушуга байланыштуу Ш. М. Ниязалиев «инсан өзүнүн өнүгүү жана калыптануу процессинде өз улутунун адаттарын, традицияларынын, жашоо тиричилигинин, бүтүндөй руханий бейнесинин улуттук өзгөчөлүгүнүн таасирин башынан өткөрөт” деген [170 С. 95]. Ар бир инсан, белгилүү бир шарттарда, белгилүү бир психологиялык факторлордун таасири астында жашап жана өнүккөн улуттук айлана-чөйрөнүн улуттук өзгөчөлүгүнүн чагылышы болуп саналат.

Мурдагы союздук республикалардын аймагында улуттар аралык чыр-чатактарды чечүү коомдук илимдердин кесилишинде олуттуу теориялык изил-дөөлөрдү талап кылды. XX кылымдын аягындагы көп улуттуу постсоветтик коомдогу саясий, социалдык-экономикалык абал **«улуттар аралык байланыш педагогикасы»** деп аталган педагогика илиминин тармагынын пайда болушуна алып келген. Улуттар аралык байланыш педагогикасы төмөнкүдөй максаттарды коёт: 1) көп улуттуу өлкөнүн элине терең урматтоо, Ата Мекенди сүйүүгө тарбиялоо; 2) өлкөнүн ар кандай улуттарынын өкүлдөрүнө,

алардын тилдерине, коомдук баалуулуктарына камкор мамилени тарбиялоо; 3) тынчтык жана жер жүзүндөгү бардык элдерди урматтоо духунда тарбиялоо; 4) адамдардын диний сезимдерине сабырдуулуктун духунда тарбиялоо, пайда болгон чыр-чатактарды тынчтык жолу менен чечүүнү камсыз кылуу, ар түрдүү диндердин туташуусундагы маданият [114; 179; 185 ж.б.].

Пайда болгон жаңы тармак коомдук-гуманисттик функцияларды аткарууга чакырылат. Окумуштуу К. И. Султанбаева төмөндөгүдөй фунцияларын белгилеген:

1. Сабырдуулукту калыптандыруунун бирдиктүү теориясына негиздеп укуктук технологиялардын жардамы менен социалдык багыттагы улуттар аралык гармониялуу мамилелерди камсыз кылуу. Аларды иштеп жаткан педагогикалык системаларга киргизүү социалдык чөйрөнү акырындык менен гумандаштырууда, коомдук аң-сезимде тсабырдуулуктун жана жакшы ниеттин атмосферасын түзөт.

2. Максаттык функция. Бул балдардын көп улуттуу чөйрөдө улуттар аралык баарлашуу маданиятын тарбиялоонун стратегиялык максатын жана тактикалык милдеттерин аныктап, алардын социалдашуусу жана улуттук өзүн аныктоосу жүрүп жаткан билим берүү системасындагы педагогикалык процессти өркүндөтөт.

3. Диагностикалык функция билим берүү системаларындагы улуттар аралык мамилелердин реалдуу абалына комплекстүү мамилени колдонуп жана объективдүү баа берүү болуп саналат. Алынган маалыматтардын негизинде педагогикалык ишмердүүлүгүнүн жалпы логикасы түзүлөт

4. Прогноздоочу функция – улуттар аралык мамилелер чөйрөсүндө кабыл алынган чечимдердин натыйжасын алдын ала көрүү болуп саналат. Бул функция практикага багытталган, долбоорлочу мүнөзгө ээ.

5. Социалдаштыруучу функциясы – көп улуттуу чөйрөдө адамдардын бири-бирин түшүнүгөн, пайдалуу байланыштарды түзүүгө мүмкүндүк берген өз ара аракеттенүүнүн социалдык маанилүү маданий стереотиптери менен камсыз

кылууну көздөйт. Социалдашуу процессинде адам улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды өзүнө таандык кылып өздөштүрүп алат.

6. Гуманисттик функция – толеранттуулук жөнүндө теориялык билимдерди иш-аракеттеринин чөйрөсүнө которууда туюнат. Бул функция өнүгүп келе жаткан инсанды тарбиялоого формалдуу мамиле кылуу менен өзүнүн маанисин жоготот. Гумандаштыруу – бул биринчи кезекте байланышта болгондордун ортосунда сый мамиле түзүү [204].

Бул тармактын предмети көп улуттуу коомдо адамдардын мамилелерин гумандаштырууну, гармонизациялоону камсыз кылуунун жолдорун, шарттарын жана улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маселелрин изилдейт.

**Тарыхый жана саясий өбөлгөлөр.** Көп улуттуу Кыргыз Республикасында улуттар аралык маданиятка тарбиялоо маселеси татаал жана тарыхый тамырларга ээ болгон, дайыма актуалдуу проблемаларынын бири болуп келген. Изилдөөдө улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун тарыхын үйрөнүү, педагогикалык практикада топтолгон тажрыйбаларды чыгармачылык менен колдонууга мүмкүндүк берет. Алгач өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү, таптардын жана мамлекеттердин пайда болушу, бир коомдук-экономикалык формациянын экинчиси менен алмашуусунда улуттардын калыптанышы менен уланган. Эл социалдык жалпылык катары тарыхый кырдаалдын катышуучулары болуп саналат. Кыргыздар Борбордук Азиядагы эң байыркы түрк тилдүү улуттардын бири, өлкөнүн түпкү калкы болуп эсептелет. XIX кылымдын аягында - XX кылымдын башында Кыргызстан көп улуттуу өлкө болгон. Анын бардык калкы ошол кезде 663 миң киши деп эсептелген. Кыргызстандын аймагын мекендеген элдер жана этнографиялык топтор төмөнкү тил топторуна кирген: түрк (кыргыздар, өзбектер, уйгурлар, казактар, татарлар ж.б. лар), славян (орустар жана украиндер), иран (тажиктер); кытай (дунган); герман (немецтер). Антропологиялык жактан Кыргызстандын калкы эки чоң расага: монголоиддик жана кавказдык расага кирген. Кыргызстандын жалпы калкынын саны 1913-жылга карата 864 миң кишиге чейин өскөн, анын 543 миңи кыргыздар, калганы Россиянын

борбордук райондорунан жана азиялык элдерден келген иммигранттар болгон [73]. Ал эми бүгүнкү күндө өлкөбүздүн калкынын саны 7 миллиондон ашып, 100 ашык улуттун өкүлдөрү жашайт. Окумуштуулар бүгүнкү күндөгү эгемендүү кыргыз мамлекеттүүлүгүнө жетүү үчүн төмөндөгүдөй беш тарыхый этапты белгилешкен:

*Биринчи этап:* Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башаты III-I кылымдар. б. з. ч., байыркы кыргыз мамлекети.

*Экинчи этап:* Кыргыз мамлекети жалпы түрк мамлекеттер система-сында. Өнүгүү туу чокусу 7-кылымдын аягы 8-кылымдын башына туура келип, 9-кылымдагы кыргыздын улуу державасына, бул мезгилде мамлекет-тин чек аралары Монголиядан Тянь-Шанга чейин кеңейген.

*Үчүнчү этап:* Жашоо үчүн күрөш жана өз мамлекетин кайра жаратуу аракети (XIII-XIX кылымдар). Тагай бийдин (Мухаммед-кыргыз) ишмердүүлүгү жана Ниязбек уулу Ормондун жалпы кыргыз ханы деп жарыяланышы.

*Төртүнчү этап:* СССРдин курамында автономиялуу облустан (1924) союздук республикага (1936) чейин кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн советтик вариантын түзүү.

*Бешинчи этап:* Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1991-жылдын 31-августундагы Декларациясында жарыяланган Эгемен Кыргызстан. Кыргыз Республикасынын конституциясы, мамлекеттин символдору герби, гимни, желеги кабыл алынып, улуттук валютасы киргизилген. Кыргыз мамлекети өзүнүн өнүгүүсүнүн бардык этаптарында улуттар арасындагы ынтымакты сактоого умтулган. 1990-жылдын 15-декабрында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик суверенитетин жөнгө салуучу Декларациянын кабыл алынышы [71], 1991-жылы СССРдин тарашы менен эгемендүү Кыргыз Республикасынын түзүлүшү, улуттук мамлекет-түүлүктүн негизги принциптери эске алуу менен бирдиктүү, консолида-цияланган коомду курууга багыт алган [18; 38; 73; 146 ж.б.]. Кыргыз мамлекетинин улуттук саясаты бардык улуттун жана этностордун өкүлдөрү,

бардык жарандар үчүн бирдей, жашоо жана эмгек шарттарын түзүүгө умтулган. Өлкөдө маданиятты, искусствону, билим берүүнү, бардык этностордун тилдерин өнүктүрүүдө эч кандай чектөөлөр жок. Улуттар аралык ынтымак коомдогу стабилдүүлүктү, экономикалык, социалдык жана башка реформаларды ишке ашыруунун зарыл шарттарынын бири болуп саналат.

Кыргызстандын улуттук саясатында улуттук иденттүүлүктүн калып-тандыруу маанилүү роль ойной тургандыгы белгиленген. Жарандардын ынтымакта жашоосу үчүн, улуттук идея улуттук өзгөчөлүктү калыптандыруу саясаты коомдун биримдигине, интеграциясына багытталган. Бул кыргыз элин башка элдер менен мамиле түзүүгө түртсө, тилин, маданиятын, каада-салтын, салттык билимин сактап, түпкүлүктүү эл катары тарыхта калуусунун күбөсү болгон. “Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясында” “мамлекет-улут”, “мамлекеттик жаран”, “этностук-жаран” деген саясый-илимий түшүнүктөр менен бирге “көп түрдүүлүктөгү, анын ичинде этностук, маданий, тилдик, курактык жана коомдук турмуштун башка чөйрөлөрүндөгү биримдикти таануу”, “Кыргызстан элинин тарыхый–маданий мурастарын, мамлекеттин тарыхын урматтоо, кылымдар бою калыптанган улуттук баалуулуктарды жана биримдиктин идеялдарын, этностордун өзгөчөлүктөрүн сактоо, маданияттар аралык диалогду жана толеранттуулукту өнүктүрүү; мамлекеттик кыргыз тилин бириктирүү ролун камсыз кылуу, жалпы жарандыкты калыптандыруу жана Кыргызстандын бардык этностордун мүчөлөрү кыргыз жараны сыймыктуу экендигин аңдап-түшүнүүсүн бекемдөө” – сыяктуу КыргызРеспубликсынын келечегине таасир этүүчү саясый-илимий максаттар коюлган [Концепция, 13]. 2020-жылдын 13-ноябрында КР президентинин жарлыгы менен 2021-2026-жылдарга Кыргызстанда "Кыргыз жараны" деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы бекитилген. Бул концепция 2013-2017-жылдарга

Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо Концепциясынын логикалык уландысы болуп саналат.

Концепциянын негизги багыты өлкөдө улуттук саясатты калыптандырууга жаңы мамиле жасоо – Кыргыз жаранын өзүн таануусун өнүктүрүүнү, этностор аралык ынтымакты бекемдөөгө, жарандык бирдейликти жана туруктуулукту камсыздоого өбөлгө түзүүнү боюнча мамлекеттин этникалык саясатынын биринчи стратегиялык документи болуп калды,.

Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү ар бир кыргыз жаранын өлкөнүн социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий турмушуна катышуусу үчүн бирдей шарттарды түзүү, коомдо көп түрдүүлүктү сактоо жана толеранттуулукту жогорулатуу жолу менен жетишилет. Толеранттуулук жана көп түрдүүлүк деген баалуулуктар ар түрдүү социалдык топтордун жана этностук жамааттардын ортосунда активдүү кызматташууну ишмердүүлүктү талап кылат.

Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясынын идеяларын ишке ашырууда мектеп өзгөчө орунду ээлеп, өлкөнүн келечектеги ар биралар бекитилген жарандын керектөөлөрүн камсыз кылууга тийиш. «Иденттүүлүк» (идентичности) жана иденттешүү (идентификация) латын тилинен кыргыз тилине «иденттүүлүк» - «окшоштук», «бирдейлик»; ал эми «иденттешүү» - окшоштуруу, окшотуу, окшошуу деп которулат. Бул түшүнүктөр XX-кылымдын экинчи жарымынан баштап коомдук илимдерде колдонула баштаган. СССРдин тарашы менен пайда болгон улуттук мамлекеттердин эркин иденттүүлүктөгү жана иденттешкен коомго умтулуусу башталды. Анткени, Совет мезгилинде советтик адамынын иденттүүлүгүн аныктаган. Бүгүнкү күндө ааламдашуу шартында иденттүүлүк жана иденттешүү мамлекеттин жарандык иденттүүлүгүн түзүү, аныктоо эгемендүү Кыргызстандын өнүгүшүнүн негизги пайдубалы.

Ааламдашуу процесстери жана өлкөбүздүн эгемендүүлүгү адамдардын баалуулуктары-нын, жашоодогу максаттарынын жана бүтүндөй жашоо образынын трансформацияланышына алып келди. Мындай коомдун өнүгүү багытынын өзгөрүшү, өз кезегинде, анда «эски» жана «жаңы» түшүнүктөрүнүн карама-каршылыгын курчутту. Иденттүүлүктө да советтик иденттүү-лүк эски катары жоюлуп, “Кыргыз жараны” иденттүүлүгү жаңы катары калыптана баштады.

Кыргыздардын жана кыргызстандыктардын иденттүүлүктүн окумуш-туулар К. Исаев, С. Нурова, А. Асанканов, Ж. Ж. Жоробеков, Ж. Жунушалиев, Р. Б. Салморбекова, Н. А. Омуралиев, Ж. Урманбетова С. Абдрасулов, А. Токтосунова, Н. Меңдибаев, А. Бугазов, М. Амердинова, Т. Шаршембиева ж.б. лар иликтешкен. Иденттүүлүк-инсандын, улуттун, калктын башка-лардан айырмаланган же бирдейлигин сезе турган сапаттарынын, ишени-минин, идеясынын жыйынтыгы. Инсандын же улуттун бул өзгөчө сапаттары, ишеними жана идеясы алардын маданиятына, деңгээлине, өзгөчөлүгүнө тиешелүү. Идент-тештирүүлүк - бул инсандын же улуттун маданиятынын эл аралык деңгээлге көтөрүлүшү, жана ага жараша иденттүүлүк бекемделет. Иденттүүлүктөрдүн калыптанышы– өлкөлүк, жарандык, улуттук, маданий, диндик, саясый чөлкөмдүк - аталган иденттештирүүлөрдүн деңгээлине, мамлекеттин саясатына, идеал баалуулуктарына, каада-салттарга, иш чара-лардын жыйынтыгына көз каранды. Иденттештирүүнүн күчөшү менен ар бир элдин материалдык жана рухий байлыктары, маданияты өнүгүп, эл аралык деңгээлге көтөрүлүп, улуттук жарандуулуктун, маданияттын иденттүүлүгү, бирдиктүү мамлекеттүүлүгү күчөйт.

Ааламдашуу шартында мамлекеттин милдети жаңы көз караш менен коомду тануу кыргыз коомчулугунун иденттүүлүгүн жана иденттешүүсүн аныктоо орчундуу маселелеринен. Ааламдаштыруу шартында Кыргызстан-дыктар өздөрүнүн улуттук жарандык иденттүүлүктөрүн аныктап, коомдун кийинки өнүгүү стратегиясын түзүү милдети турат. Жарандык иденттүүлүк

аркылуу жарандардын мекенчилдик сезимин биле алсак, этникалык иденттүүлүк аркылуу Кыргызстанда жашаган элдердин өздөрүнүн түпкү тарыхын, тектик иденттүүлүгүн, өздөрүнүн каада-салтын, үрп-адатын, этнос катары өздөрүнүн тиешелүү этникалык мүнөздөмөсүн тактоо абзел.

Улуттук иденттүүлүк бизде адамдын инсандыгынын иденттүүлүгүнүн компоненттеринин бири катары, анын тигил же бул этноско же улутка тиешелүүлүгү менен байланышкан деп түшүнүлөт. Ал улут деген түшүнүктөр менен бирдей эмес же улуту, бирок бул ага күчтүү таасир этүүчү фактор болушу мүмкүн. Башталгыч класста көп маданиятка тарбиялоонун өбөлгөлөрүн, педагогикалык системасынын түзүмүндөгү негизги звено болуп иш-аракеттердин эң маанилүү түрлөрү: таанып билүү, баарлашуу, эмгек, оюн ж.б. саналат. Мына ушулар башталгыч класстын окуучусунун когнитивдик, мотивдик. Эмоционалдык- баалоочу, жана иш- аракеттик чөйрөлөрүн өнүктүрөт. Окумуштуулар А. Г. Асмолов, Ж. Пиаженин изилдөөлөрүндө башталгыч класстын окуучуларынын этникалык идентификация процесси бир нече этаптан тура тургандыгын белгилешкен. Бул идентификациялоо төмөндөгүдөй этаптарда ишке ашат:

а) 6-7 жаш. Бул куракта бала биринчи - фрагменттүү жана алардын улутун системасыз билуу. Эң маанилүүсү ал үчүн үй-бүлө жана жакынкы социалдык чөйрө этникалык топ. Ал бул билимди улуттан эмес, үй-бүлөдөн жана жакынкы социалдык чөйрөдөн алат.

б) 8-9 жашында бала өзүнүн улуту менен өзүн так аныктайт; идентификациялоо үчүн негиз – ата-энесинин улутун, жашаган жерин, эне тили көрсөтөт;

в) эрте өспүрүм куракта 10-11 жаш курагында этностук иденттүүлүк толук калыптанат, алар башка улуттун этникалык, тарыхый, салттуу күнүмдүк маданияттын өзгөчөлүктө үн белгилешет [28, 85-б.].

Бүгүнкү күндө башталгыч класстын окуучусунун инсандыгы үчүн этникалык иденттүүлүк же этникалык өзүн-өзү аңдоо боюнча теориялык жана эмпирикалык изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Жогоруда белгиленген

окумуштуулардын эмгектеринде каралган көз караштар башталгыч класстын окуучусунун психикалык өнүгүү этаптарына ылайык иденттүүлүгүнүн калыптануу этаптары кайра карап чыгууну талап кылат.

Коомдук өнүгүүнүн азыркы этабында улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо саясий өбөлгөлөрдүн таасири чоң. Саясат – улуттардын, коомдун социалдык жамааттарынын таламдарын чечүүнүн механизмдерин жана ыкмалары иштеп чыккан, коомдук турмуштун чөйрөсү. Саясий система – социалдык-этникалык топтордун жашоо чөйрөсүнүн негизинде бөлүнгөн, экономикалык жана руханий менен катар коомдун подсистемаларынын бири. Системадан окуучуларды улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо саясаттын таасиринин аныктоо үчүн саясаттын структурасынын улуттардын жана мамлекеттердин ортосундагы саясий мамилелерди «коом – мектеп – окуучу» деген байланыштын негизинде көрө алабыз.

Кыргыздардын улуттук аң-сезиминин эң негизги өзгөчөлүгү – улуттар жана мамлекеттер аралык достукка умтулуу. Эгемендүү коомдо улуттар аралык мамилелердин мүнөзүнө үстөмдүк кылуучу факторлор болгон бийликтин саясий режими жана формалары чечүүчү мааниге ээ болот. Ушуга байланыштуу “2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында” Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандартында жана башка документтерде Кыргызстандын жаранынын руханий-адептик жактан өнүктүрүүдө улуттук баалуулуктар роль ойной тургадыгы баса белгиленген. Этно-улуттук өнүгүү жана улуттар аралык ынтымак – бул Кыргыз мамлекетинин негизги принциптеринин бири. Дал ушул принциптер Кыргыз мамлекетинин Конституциясында, эгемендүүлүк жана көз карандысыздык декларациясында, мамлекеттик курулушка тиешелүү мыйзамдарда жана башка укуктук актыларда чагылдырылган. Мамлекеттин улуттук саясаттын өзөгүн этноулуттук мамилелерди жөнгө салууда этно-улуттук салттарды жана демократиялык принциптерди сактоо жана өркүндөтүү түзөт.

СССРдин таркатылышы менен коммунисттик идеологиянын четтетилиши, Кыргызстанда конструктивдүү саясий ишмердүүлүктөр менен катар деструктивдүү көз караштардын пайда болушу, коррупциянын гүлдөп өсүшү, башкаруу органдарында иштегендердин кесиптик жарамсыздыктары жана башкарууга жөндөмсүздүктөрү, өздөрүнүн жеке баюу кызыкчылыгын эң жогорку максат кылып коюп, ага жетүү үчүн элдин, улуттун кызык-чылыгын соода-сатыкка айландыруулары улуттук аралык чыр-чатактын пайда болушуна себеп болгон. Н. Өмүралиевдин пикири боюнча улуттар аралык мамилелерге саясий факторлор, атап айтканда башкаруунун принциптери жана формалары, саясий системанын мүнөзү, мамлекеттик улуттук саясаттын түрү таасир этет. Тарыхый калыптанып калган улуттук-мамлекеттик түзүлүш-түн башкаруунун унитардык же федералдык формасы улуттар аралык мамилелерге таасир этүүчү тарыхый-саясий фактор болуп саналат. Көпчүлүк саясатчылар федералдык мамлекетти "улуттук маселени чечүүнүн" демократиялык жолу катары карашат. Саясий системанын таасирине келсек, анда, табигый түрдө, этностук дискриминациянын жогорку деңгээли менен мүнөздөлгөн авторитардык режимдерге караганда, демокра-тиялык жарандык коомдо маданий плюрализмдин мүмкүнчүлүктөрү алда канча кеңири [177].

Улуттар аралык мамиленин оң жана терс жагдайларына саясий фактор, саясий элита өтө чоң таасир тийгизет. Анткени, саясий элита-коомдун ар кандай катмарынын, анын ичинде этностук азчылыктын, полиэтностордун кызыкчылыктарын саясий көрсөтмөлөрдө бириктирип, кармап жана чагылдырып турганга керек болгон чоң көлөмдөгү саясий бийликти өз колдоруна топтогон жана саясий ой мүдөөлөрүн ишке ашыруу механизмин түзгөн, салыштырмалуу анча чоң эмес социалдык топ. Саясий абалдын бүгүнкү шарттарында көп түрдүүлүктү чыр-чатактын булагы эмес, өнүгүүнүн базасы катары кабылдообуз мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салымын кошоору белгилүү.

**Социалдык-экономикалык факторлор**. Тарыхый тамырларга ээ болгон улуттар аралык маданиятка тарбиялоо коомдогу өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү, таптардын жана мамлекеттердин пайда болушу, бир коомдук-экономикалык формациянын экинчиси менен алмашуусунда улуттардын калыптанышы менен уланган**.** Кандай гана коом болбосун, адамдардын ар бир жаңы мууну белгилүү бир шарттарда жана улуттук чөйрөдө да тарбияланат. Ал эми Н. Жандилдин адам бала кезинен «экономика-социалдык мамиле-лердин жана идеологиялык ишенимдердин да, улуттук өзгөчө кубулуштардын да таасирине дуушар болгон» – деп белгилеген [94, 124-б.]. Л. Б. Буева социалдык факторду (адамдардын биргелешкен ишмер-дүүлүгү жана анын мазмунун) эстен чыгарып коюу мамилелешүүнү жана катнашты талдоодо формалдуу мамиле жасоого алып келет деп эсептеген [62]**.** М. С. Каган адамдардын мамилелешүүсүнүн иш-аракеттик жаратылы-шын бышыктап, анын обьекти боюнча ортомчулукту - ал ишке ашырылып жаткан жана анын жардамы менен да, биргелешкен күч-аракети менен баарлашкан субьектилердин түзүлгөн да ырастайт [98; 134-б.].

СССР мезгилинде 1980-жылдардан башталган экономикалык кризис, ал эми 1991-жылы союздун тарашы, өлкөнүн базар экономикасына өтүшү, эмгекти уюштуруунун жаңы формаларынын киргизилиши, рыноктук мамилелердин үстөмдүк кылышы улут маселесине таасир тийгизген. Жаңы социалдык-экономикалык шарттарда көп улуттуу чөйрөдө улуттук маселе-сине жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөндүгү калктын иш менен камсыз болушу жана кирешелеринин деңгээли, социалдык-кесиптик мобилдүүлүгү жана жумушсуздуктун, этникалык линия боюнча түзүлгөн кылмыштуу мафиялык топтордун болушу улуттар аралык мамилелердин курчушуна таасирин тийгизип, өз кезегинде чыр-чатактардын пайда кылган.

Тарыхта улуттар ортосундагы мамилелер ынтымакта, достукта, кайдыгерликте, айрым терс улутчулдук ж.б. жагдайларда калыптанган. Улуттук мамилелерден келип чыккан улуттук айрым проблемалар жашоо-турмушта билинет. Алар улуттук саясатта өз учурунда эске алынып, иш-

аракет чаралар көрүлбөсө, терс улутчулдук, шовинизм, расизм идеологиялары жана саясаттары келип чыгат. Буга Кыргызстандын түштүгүндө жат көрүнүштөрдөгү улутчулдук мамилелер мисал боло алат. Ашынган улутчулдук улуттук чыр чатактардын келип чыгышына себеп болгон. Мына ушул жагдайлар өз кезегинде өсүп келе жаткан жашмуундарга сөзсүз таасирин тийгизет. Мына ушуга байланыштуу мектеп партасынан баштап улуттар аралык маданиятка тарбиялоо өлкөнүн стабилдүү өнүгүшүнүн, улуттар аралык биримдиктин фундаменти болуп калат.

**Маданий өбөлгөлөр** өзүнүн табияты боюнча этностор аралык мамилелердин социалдык-саясий, адеп-ахлактык маңызын чагылдырган өзгөчө формадагы коомдун руханий турмушунун кубулушу болуп саналат. Саясий мамлекеттердин жашоо шартында титулдук улут тарабынан белгилүү бир маданий үстөмдүктүн болушу мүмкүн. Бул үстөмдүк маданий тең салмактуу саясатынын жардамы менен жок кылынса дагы, диний агымдар, тил жагдайы, мектеп билиминин абалы, жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгү, салттуу майрамдарды жана ырым-жырымдарды сактоо шарттары, этникалык тарых проблемалары, социалдык-кесиптик мобилдүүлүк улуттар мамилеге таасирин тийгизет.

Өлкөбүздүн эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдарында улуттардын маданий борборлорунун, 1994-жылы 22-январында болгон 1-элдик курултайда Кыргызстан элдеринин ассемблеясынын түзүлүшү жаш муундарды тарбиялоодо жагымдуу этномаданий, социалдык-маданий чөйрөнү, шарттарды түзгөн. Алардын жардамы менен фольклордук, түшүм майрамдары, жолугушууларды, элдик оюндарды, спорттук мелдештерди өткөрүү жакшы салтка айланууда. Мына ушул сыяктуу иш чаралар улуттар мектеп окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо маанилүү роль ойногон.

Көп улуттуу Кыргызстан үчүн улуттук иденттүүлүк маселеси маанилүү. Бул биздин өлкөнүн калкынын бай этномаданий потенциалын ишке ашыруунун каражаты. Улуттук иденттүүлүк маселесине көңүл

буруусунун зарылдыгы коомубуздагы бай этномаданий потенциалды жигердүү пайдалануунун зарылдыгы менен шартталган. Бул өлкөдөгү биримдикти сактоонун механизмдеринин бири болуп саналат.

Кыргызстанда жашаган бардык улуттардын ар биринин көп жылдар бою калыптанган өзгөчө маданияты бар. Улуттун рухий маданиятынын пайда болушуна, психологиясына, жүрүм-турумунун, үрп-адаттарынын, ырым-жырымдарынын, калыптанышына географиялык чөйрөнүн (климат, топурак, рельеф, өсүмдүктөр, фауна ж.б.), жаратылыштык шарттар таасирин тийгизет.

Жаратылыш шарттары, климат эмгек куралдарына, турмуш-тиричилик буюмдарына, улуттун кийим-кечесине, турак жайынын өзгөчөлүктөрүнө, чарба жүргүзүүсүнө түрлөрүнө таасирин тийгизген. Өз кезегинде жаш муундарды улуттар аралык маданиятка тарбиялоо да андан көз каранды.

Улуттук маданияттын калыптанышында элдин тили чоң роль ойнойт. Жалпы тил биринчи кезекте топтун биримдиги колдоп, анын иденттүүлүгүн түзүүгө жардам берет. Тил элдин калыптанган маданияты катары улуттун каада-салттары жөнүндөгү жалпы билимин чагылдырып, анын өкүлдөрүнүн практикалык тажрыйбага ээ болуу процессине катышып, тарыхый эс тутумун кыйыр түрдө материалдаштырат. Тарыхый өнүгүү процессинде калыптанган тил улуттук психологиянын элементтеринин бири. Улуттук тил – улуттун калыптануу өзгөчөлүктөрү, оригиналдуулугу жана бөтөнчөлүгү менен туюнтулган улуттун өнүгүүсүнүн жемиши жана натыйжасы болгон руханий дүйнөсү. Тилде адамдардын ортосундагы мамилелешүү каражаты гана болбостон, улуттун руханий дүйнөсүн, турмушунун бүткүл байлыгын чагылдырат. Окумуштуу Ш. М. Ниязалиев: «Өзүнүн улуттук тили аркылуу гана өзүңүздүн башыңыздан өткөндөрдү жана кубанычыңызды, жактырган жана жек көрүүнүздү, оюңузду, сезимдериңизди, дүйнөгө, коомго, башка адамга болгон руханий мамилеңизди жогорку эмоционалдык, кыска жана тактык менен жеткире аласыз», - деп белгилейт [170. С. 98.].

Жаш муундарды улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо диндин таасири болот. Башка руханий ишенимди кабыл алуу маданий жашоо образын олуттуу түрдө өзгөртөт. Ошондуктан, бул маселе аяр мамиле жасоону талап кылат.

Демек, улуттук маданияттын өзгөчөлүгү жана ар түрдүү факторлор менен аныкталат. Ар бир улут өзүнүн маданиятынын өзгөчөлүгү аркылуу жаш муундардын өнүгүшүнө жана инсан катары калыптанышына таасирин тийгизет. Ошондой болсо дагы улуттук маданияттын мааниси жалпы мүнөзгө ээ болуу менен дүйнөлүк маданиятка салым кошот. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо үчүн жүргүзүлгөн тарбиялык иштердин системасында жогоруда белгиленген өбөлгөлөрдү эске алуу зарыл.

### 1.3. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү

Мектеп окуучулары азыркы кездеги өлкөдө болуп жаткан социалдык-экономикалык, руханий, саясий турмушундагы өзгөрүүлөрдү башынан өткөрүп жатышат. Алардын жаш курак өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен улуттар аралык маданиятка тарбиялоо маселесин чечүүдө мектеп социалдык институт катары негизги ролду ойнойт. Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун аспектилерин бир катар өзгөчөлүктөргө ээ. Мына ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартында тарбиялоону Кыргызстан элинин маданий, руханий, адеп-ахлактык жана үй-бүлөлүк, улуттук баалуулуктарына ылайык келишин камсыз кылуу менен окуучунун төмөндөгүдөй инсандык сапаттарын калыптандырууну көздөйт:

– Ата мекенди сүйүү, улуттук каада-салттарды урматтоо жана Кыргызстандын маданий мурастарын жана жаратылыш байлыктарына аяр мамиле кылуу;

– демократиялык, жарандык укуктарды, социалдык, саясий жана маданий турмушта толеранттуу жүрүм турумдун негизи катары маданияттардын көп түрдүүлүгү баалуулуктарын кабыл алуу;

– өз өлкөсүнүн жана дүйнө элдеринин маданий жана руханий баалуулуктарын өздөштүрүү менен эне тилин жана маданиятын үйрөнүүнү, башкаларды сыйлоо, чыр-чатактарды болтурбоо жана өз ара жардамдашуу ж.б.

Мына ушул сапаттарды камтыган башталгыч жалпы билим берүүнүн бүтүрүүчүсүнүн төмөндөгүдөй модели бол тургандыгы аныкталган:

– жөнөкөй маалыматты тандап алуу көндүмдөрүнө ээ болот;

– адам, жаратылыш жана коом, алардын өз ара байланышы жана өз ара көз карандылыгы жөнүндө жалпы түшүнүктөрү бар;

– өзүн демократиялык коомдун жараны катары сезет, этиканы жана жүрүм-турум ченемдерин сактайт;

– социалдык алгылыктуу жүрүм-турум, эмпатия, теңтуштары жана чоңдор менен өз ара аракеттенүү көндүмдөрүнө ээ болот;

– окууда жана турмуштук кырдаалдарда пайда болгон көйгөйлөрдүн себептерин аныктоо, аларды чыр-чатаксыз жолдор менен чечүү жөндөмүнө ээ кылуу.

Көп улуттуу Кыргызстанда – аймактык, саясий, экономикалык, этникалык жана диний дооматтарга байланыштуу чыр-чатактар өлкөдөгү стабилдүүлүккө коркунуч келтирип, өз кезегинде балдардын улуттук өзүн-өзү идентификациялоосунун төмөндөшүнө алып келген. Изилдөөбүздүн жүрү-шүндө көпчүлүк окуучулардын Кыргызстандын элдери, алардын улуттук баалуулуктары, каада-салттары, тарыхы, маданияты жөнүндө жеткиликтүү түшүнүктөрүнүн жоктугун байкай алдык. Бул сөзсүз алардын башка улуттардын баалуулуктарын түшүнүүсүндө кыйынчылыктарды жаратып, терс көз караштарын, мамилесин пайда кылат. Мына ушул жагдайлар мектепте башталгыч класстан баштап эле окуучуларды улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун зарылдыгын көрсөтөт.

Илимий булактарга, мектеп практикасында топтолгон тажрыйбаларга, изилдөөбүздүн натыйжаларына таянуу менен төмөндөгүдөй жагдайларды белгилемекчибиз. **Биринчи**, мектеп курагындагы балдарды улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо, алардын диалогго даярдыгын калыптандырууда социалдашуу процессинин байланыштарын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн, өз ара көз карандылыгын эске алуунун зарылдыгы. Социалдаштыруу проблемасынын педагогикалык (А. Бодалев, А. Мудрик, Л. Новикова, И. Кон ж.б.), психологиялык (Н. П. Аникеева, Л. Божович, Д. Эльконин, В. Кудрявцев ж.б.), жаңы социалдык-маданий кырдаалды эске алуу менен социалдык-педагогикалык (А. Беспалько, И. Зверев, Л. Новикова ж.б.) аспектилери каралган.

**Экинчиден,** педагогдордун негизги көңүлүн улуттук баалуулуктардын жана алардын өзгөчөлүктөрүнүн мектеп окуучусунун инсандык асыл сапаттарынын калыптанышына тийгизген таасирине көңүлү буруу керек. Окумуштуу Н. А. Асипова мектеп окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү маданиятын тарбиялоодо алардын жеке психологиялык жана этнопсихологиялык чөйрөнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу маанилүү педагогикалык шарттардын бири экендигин баса белгилеген. Улуттар аралык мамилелешүүнүн субъектиси катары инсандын субъекттик түзүүчү касиеттери улуттук ички чөйрөдө пайда болсо, ал эми улуттар аралык байланыштар жана мамилелер улуттук аныкталгандыгынын ченин актуалдаштырса, бул өз кезегинде инсандын калыптанышы жана башка адамдар менен болгон мамилелеринин калыптанышына таасир тийгизген ошол объективдүү факторлордун жана социалдаштыруунун салттуу ыкмаларынын жана формаларын атайын изилдөөнүн зарылдыгын билдирет» [22].

**Үчүнчүдөн,** башталгыч класстан баштап эле окуучулардын улуттук аң-сезимин, өзүнүн жана башка улуттар, алардын баалуулуктары, өзүн улуттук идентификациялоо тууралуу билимди, билгичтиктерин калыптандыруу

зарыл. Бул баланын когнитивдик жөндөмдөрдүн өнүгүшү менен тыгыз байланышат.

Окумуштуулар И. С. Пянко менен Е. Н. Щербинанын көз караштары боюнча башталгыч класстын окуучуларынын улут жөнүндөгү көз карашы алгач адамдын терисинин түсүнө, сырткы келбетине, тилине, материалдык маданияттын элементтерине (тамак-аш, кийим-кече), каада-салттарга негизделет. Окуучунун улуттук өзгөчөлүктөрдү кабыл алуусу, баалуулуктарды талдай билүү жөндөмдүүлүгү акырындык менен өнүгөт [184, 263-б.]. Башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо татаал. Анткени, ушул маселеге байланышкан идеяларды, көз караштарды тарбиялоо процессинде түшүндүрүүдө кыйынчылыктар жаратат. Бул жагдай өз кезегинде башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процессинин мазмунун жана анын натыйжалуулугун аныктоону талап кылат.

Башталгыч калсстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо алардын улуттарга карата мамилесин калыптандыруу жана диалог жүргүзө билүүгө даярдыгы маанилүү. Окумуштуулар С. Н. Филипченко, А. А. Матвеева башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка мамилеси – алардын окуу процессинде бул маселеге муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын сактоосу, оң тажрыйбага ээ болуусу жана аны бекемдөөсү, ар улуттун өкүлдөрүнүн ортосундагы өз ара мамилелерди жөнгө салууга багытталган интегралдык билими, тарбиясы деген тыянакка келишкен [216].

Окумуштуулар Ж. Пиаже [180], М. Беннет [233], В. С. Мухина [164] жана башкалар башталгыч класстардын окуучуларынын маданияттар аралык диалогго даярдыгын калыптандырууну төмөндөгүдөй этаптарга бөлүшкөн:

6-7 жашта окуучу улуту жөнүндө системалуу эмес ойлорго ээ болушат; 8-9 жаштагы окуучу өзүн өзүнүн улутунун өкүлү катары тааныйт; 10-11 жашта өзүнүн идентификациялай алат.

Окуучулардын маданияттар аралык диалогго даярдыгын калыптандыруу процесси төмөнкү өзгөчөлүктөргө ээ: өзүн-өзү аныктоосу, б. а. өзүн этникалык топтун бир бөлүгү катары сезүүсү; маданияттар аралык айырма-чылыктарды позитивдүү нерсе катары таанууга даярдыгы; маданий тоскоолдуктарды жеңүүсү; өз ара түшүнүшүүгө жана улуттар аралык диалогго даяр болуусу [233, 283, 196]. Башталгыч мектеп курагы негизинен баланын социалдык абалынын өзгөрүшү менен байланышкан. Анын системалуу билим ала баштаашы, класс коллективинин мүчөсү болушу балдар жана чоңдор менен болгон мамилесин өзгөртөт. Бул баланын курчап турган реалдуулук менен болгон мамилелеринин системасын кеңейтип, инсан катары өнүгүүсү үчүн социалдашуунун жана маданий процесстердин маанисин жогорулатат [21].

Мына ушуга байланыштуу улуттар аралык маданиятка тарбиялоону башталгыч класстан баштоо керек. Бул курак улуттар аралык маданиятка тарбиялоого ыңгайлуу курак болуп саналат Башталгыч класстын окуучуларынын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрү, дилгирлиги, ынтызарлыгы, кызыгуусу, адеп-ахлактык баалуулуктарды кабыл алууга сезимталдыгы, эмоционалдык ачыктыгы, мамилелешүүгө ыктоосу, аң-сезимде улутчулдук калдыктардын жоктугу улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун түптө-лүшүнө негиз болот.

Проблема боюнча илимий адабияттарды, республикабыздын мектеп практикасын талдоо башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоого таасир тийгизген тышкы (мамлекеттеги, жарандык коомдогу баалуулуктар жана көз караштар, макро жана микро коомдогу жашоо образы, коомдун маданияты) жана ички (инсандын турмуштук тажрыйбасын, баалуулугун, багытталышын, социалдашуу жана айлана-чөйрөгө ыңгайлануу процесси) факторлорду аныктоого мүмкүндүк берди. Өзгөчө ички процесстердин натыйжасында улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун мазмуну калыптанат. Ошондой эле башталгыч класстардын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо субьективдүү жана

обьективдүү факторлор да чоң мааниге ээ болот. Булар жалпы социалдык тышкы факторлор: өлкөдөгү саясий туруктуулуктун, улуттар аралык мамилелердин, саясий режимдин жана экономикалык өнүгүүнүн деңгээли менен аныкталуучу коомдун жашоо образы, үй-бүлө салттары, мектептин коомчулук менен байланышы.

Л. П. Буева «адам, берилген коомдук шарттардын продуктусу болуу менен, ошол эле учурда өткөн, азыркы жана келечектин биримдигин билдирет» деп белгилеген [47, 32-б.]. Кандай гана коом болбосун, адамдардын ар бир жаңы мууну белгилүү шарттарда жана улуттук чөйрөдө да тарбияланат. Бала да ушул коомдун бир бөлүгү болуп, кичинесинен эне сүтү менен өз элинин улуттук психологиясынын өзгөчөлүгүн сиңирип алат.

Башталгыч класстын окуучусунун инсан катары өнүгүүсүндө, социалдашуусунда үй-бүлө чоң роль ойнойт. Алгачкы баланын социалдашуусу үй-бүлөдө башталып, ал курчап турган дүйнө жөнүндө биринчи маалыматтарды алып, баскан-турганды, сүйлөгөндү, башка адамдар менен мамилелешүүнү үйрөнөт. Үй–бүлөдө баланын калыптанышына жана өнүгүшүнө таасир тийгизген улуттук психологиянын бир түрү бар. Ушул жагдайга байланыштуу Ю. В. Бромлей «. жаштарды социалдаштырууда, анын ичинде алардын улуттук, айрым этностук өзгөчөлүктөрүн, жүрүм-турум нормаларын, үрп-адаттарды ж.б. калыптандырууда үй-бүлөнүн ролу өтө зор» деп белгилеген [46. С. 216]. Социологиялык изилдөөлөрдө дисфункционалдуу үй-бүлөлөрдүн санынын көбөйүшү, көп муундуу үй-бүлөнүн жок болушу, чакан үй-бүлөлөрдүн санынын өсүшү, үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн бирге болуу убактысын кыскарышы антисоциалдык баалуулуктарга жана мамилелерге ээ болгон балдардын санынын өсүшүнө алып келгени белгиленүүдө. Бул өз кезегинде улуттар аралык маданиятка тарбиялоого кандайдыр бир деңгээлде таасирин тийгизет. Кыргыз элине өзүнчө токтоло кетели. Кыргыздар балдарга кыйынчылыктарды жеңүүгө, ийкемдүүлүккө, токтоолукка, уюшкандыкка, жигердүү эмгекчилдикке, боорукер болууга, муктаж болгондорго жардам берүүгө, турмуштук татаал маселелерди

тынчтык жолу менен чечүүгө умтулууга, башка улуттун диний көз караштарына, үрп-адаттарына карата сабырдуулукка, улууларды сыйлоого, кайрымдуулукка тарбиялоого умтулушкан. Коомдогу өзгөрүүлөргө жараша үй-бүлөдө этностук, маданий салттар, тилдик кырдаал түзүлөт. Мектепке келгенден кийин бала өзү окуган класста ар улуттун балдары жана мугалим менен болгон мамилеси үй-бүлөдө калыптанган мамилелешүү маданиятынын деңгээлине жараша өнүгөт. Мына ушул жагдайда окуучуларды көп улуттуу коллективде тарбиялоодо улуттук психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алынышы керек.

Окумуштуу О. В. Мусатованын пикири боюнча башталгыч мектеп курагы инсандын калыптанышындагы эң маанилүү мезгилдердин бири болгондуктан, бул куракта адекваттуу өзүн-өзү сыйлоонун калыптанышы, өзүнө жана башкаларга сын көз карашынын жана адеп-ахлактык жактан өнүгүүсү, социалдык нормаларды өздөштүрүүсү сыяктуу инсандык касиеттер түптөлөт. Окуучунун, социалдаштыруунун, адеп-ахлактык өнүгүүсүнүн чечүүчү компоненттери мектепке чейинки куракта алынган тажрыйба болуп саналат [162]. Баланын мектепке келиши менен анын социалдашуу мезгили башталып, жүрүш-туруш нормаларын, баалуулуктарды, үйрөнүп, мамилелешүүнүн тажрыйбасын ала баштайт. Бул баланын үй-бүлөдө алган социалдык тажрыйбасынын мазмунуна дагы көз каранды.

Башталгыч класстардын окуучулары мамилелешүү тажрыйбасынын жетишсиздигине байланыштуу башкалардын жүрүм-турумунан үлгү алууга чоң маани беришет. Башка адамдар менен мамилелешүүсү алардын өзүн-өзү идентификациялоосунун жана инсандык сапаттарынын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо окуучулардын эң жөнөкөй жүрүм-турум элементтеринин калыптанышынан башталган интегративдик мүнөзгө ээ болгон жеке инсандык сапаттарын өнүктүрүү маанилүү. Башталгыч класстын окуучусу эркин мамилелешүүсү жана сезимталдуулугу чоң кишилер мамилелешүүсүндө алардын иш-аракеттеринин жана сапаттарын, жүрүм-турумунун сапаттарын, баалоонун социалдык маанилүү талдоо

ыкмаларын үйрөнүшүп, түз жана кыйыр түрүндө таасирленип тарбия алышат. Чоң кишилердин инсандык сапаттарынын, жалпы маданиятынын деңгээли мамилелешүүсүнүн мүнөзүн аныктайт. Бул куракта окуучулардын курбулары менен мамилелешүүсүнө көңүл бурбай коюу туура эмес. Башталгыч мектеп курагында баланын теңтуштары менен мамилелеринин мүнөзү олуттуу өзгөрүп, негизги байланыштары жана мамилелери локалдашат. Теңтуштары менен мамилелешүү баланын инсандыгын, адеп ахлактык аң сезимин өнүктүрүүнүн, калыптандыруунун маанилүү психологиялык шарты болуп саналат. Ошондуктан биринчи класстан баштап эле окуучулар үчүн маанилүү болгон сапаттарды: жолдошторуна жардам берүүгө даяр болуу, достукту, ак ниеттүүлүктү, боорукердикти тарбиялоого көңүл бөлүү зарыл [57, 63, 77, 89, 90]. Окуучунун өзүнүн теңтуштары, чоң кишилер менен мамилелешүү процессинде коммуникациялык көндүмдөрү жана өзүнүн «мени» жөнүндө билими калыптанат [97, 105-б.].

Изилдөөнүн жүрүшүндө башталгыч класстын окуучуларынын чөйрөсүндө кастык, ачуулануу, агрессивдүүлүк жайылып бара жаткандыгын байкай алдык. Анткени, өлкөбүздүн түштүк регионунда болгон улуттар аралык пикир келишпестиктер, чек арага байланышкан чыр чатактар, массалык маалымат каражаттары сабырсыздыктын, өзүмчүлдүктүн, агрессиянын өсүшүнө алып келүүдө. Мына ушуга байланыштуу башталгыч класстан баштап башка улуттун каада-салтын, баалуулуктарын, адамдардын укуктарын урматтоо духунда тарбиялоонун натыйжалуу механизмдерин издөөнүн зарылдыгы пайда болду.

Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо үчүн балага балдардын чөйрөсү керек. Көп улуттуу коллективдин бардык мүчөлөрүнүн этномаданий жана этнопсихологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу тарбиялоонун натыйжалуу-лугун арттырат. Окуучу коллективдеги башка улуттун өкүлүнүн балдары менен үзгүлтүксүз мамилелешүүсү аркылуу өз укуктарын коргоого үйрөнөт. Н. Комольцеванын ою боюнча 1-4-класстардагы окуучуларда аң-сезимсиз түрдө көңүл буруу үстөмдүк кылса дагы өзүнүн көңүл буруусун өзү эң

маанилүү деп эсептеген ишмердүүлүккө оңой эле буруп, өзүнүн кызыкчылыгына багыттай алат.

Бала 6-7 жашында мектепке киргенде «Мен окуучумун» деген көз карашка, ал үчүн маанилүү болгон иш-аракеттин жаңы түрүнө окуу ишмердүүлүгүнө ээ болот. Бул жаңы иш-аракеттин негизинде аң-сезимдүү ой жүгүртүүсү, эске тутуусу, көңүл буруусу, кабылдоосу өнүгүп, интеллектуалдашып, эрктүүлүккө айланып, баланын инсанынын жаңы касиети – рефлексия пайда болот. Ал өзүнүн үй-бүлөдөгү, класстагы ордун аңдап билип, окуучу катары өзүн-өзү жакшы, жаман деп баалай баштайт. 6-7 жаштагы баланын нерв процесстеринин мобилдүүлүгүнүн жогорулашы анын активдүүлүгү, күчтүү эмоционалдык толкунданусу сыяктуу мүнөздүү белгилери ачык байкалат. Физиологиялык жактан алганда, баланын чоң булчуңдардын жетилиши майда булчуңдардын өнүгүшүнөн алдыда болот. Алар кичинекей кыймылдарды (жазуу) аткарганда балдар бат чарчашат. Салыштырмалуу физикалык чыдамкайлыктары жогорулай баштайт. Ишке жөндөмдүүлүгү сабак башталгандан 25-30 мүнөттөн кийин төмөндөп, 2-сабакта кескин төмөндөп кетиши мүмкүн.

Э. Х. Эриксондун концепциясы боюнча, бул мезгилде балада социалдык-психологиялык компетенттүүлүк калыптанат. Биринчиден, 1-класстын окуучуларында окуу-тарбия иштеринин мазмунуна кызыгуу, билимди өздөштүрүү зарылчылыгы пайда болот. Окуу ишинин мазмунуна кызыгуунун калыптанышы, билимди өздөштүрүүдөгү жетишкендиктерге канааттануу сезими менен байланышкан. Мугалимдин, чоң кишилердин баланын кичине болсо да ийгилигине басым жасашы, анын алдыга жылып, жактыруусуна түрткү болот. Л. С. Выготский пикири боюнча башталгыч мектеп курагында интеллект интенсивдүү өнүгөт. Ой жүгүртүүнүн өнүгүшү, өз кезегинде, кабыл алуунун жана эске тутуунун сапаттык кайра түзүлүшүнө алып келет. 1-2-класстын окуучулары биринчи кезекте обьекттин аракетин (эмне кылат) же анын максатын (эмне үчүн) мүнөздөгөн тышкы белгилерди бөлүп көрсөтүп, конкреттүү категориялар менен ойлоно баштайт. 3-4-

класстарда окуучулар окуу процессинде алган билимине таянып, кубулуштардын ортосундагы байланыштарды жана мамилелерди талдай башташат [54]. Окуучунун курчап турган кубулуштарды себеп-натыйжа байланышын негизинде түшүнүүдө окуучулар үчүн өзгөчө кыйынчылыктар жаралат. Ал үчүн натыйжадан себепке караганда себептен натыйжага байланыш түзүү оңой. Бул түшүнүктүү: себептен натыйжага түз байланыш түзүлөт, ал эми фактыларды тескери тартипте кароо ар кандай себептерди талдоону камтыйт, бул көбүнчө баланын колунан келбейт. Ой жүгүртүүнүн өнүгүшү, башталгыч мектеп курагынын аягында рефлексиянын пайда болушуна көмөктөшүп, таанып билүү активдүүлүктү, башка адамдарга жана өзүнө болгон мамилелердин мүнөзүн өзгөртөт. Окуунун таасири астында эс тутуму эки багытта өнүгөт: сөздүк-логикалык жана семантикалык жаттоо (визуалдык-образдуу жаттоо менен салыштырганда). Бала өзүнүн эс тутумун аң-сезимдүү башкаруу жана анын көрүнүштөрүн жөнгө салуу (эстөө, кайра жаратуу, кайра чакыруу) жөндөмүнө ээ болот. Башталгыч класстын окуучуларында биринчи сигналдык системасынын салыштырмалуу басымдуу болушуна байланыштуу визуалдык-сүрөттүк эске тутуу көбүрөөк өнүккөн. Балдар эсинде аныктамалар менен түшүндүрмөлөргө караганда белгилүү бир маалыматты жакшы сакташат: окуялар, адамдын жүзүн, обьекттер. Алар семантикалык маанилик байланыштарды билбестен, механикалык кайталоо жолу менен жаттап калышат. Баланын дагы эле сүйлөө жөндөмү начар, текстти өз сөзү менен айтканга караганда, ага баарын жаттап алуу оңой. Балдар дагы эле семантикалык жаттоону кантип уюштурууну билишпейт. Эстөөнүн натыйжалуулугу мотивациядан көз каранды. Окуучу материалды белгилүү бир көз караш менен жаттап алса, анда материалды тезирээк эсинде сактайт. Башталгыч класста балдар менен кыздардын жаттоо жагынан айрым айырмачылыктары бар. Кыздар өздөрүн мажбурлаганды билишет, жаттоого даяр болушат, алардын механикалык эс тутуму балдардыкына караганда жакшыраак. Балдар жаттоо ыкмаларын ийгиликтүү өздөштүрүшөт, алардын ортомчу эс тутуму кыздардыкына

караганда натыйжалуураак болот. Окуучулардын кабыл алуусун өнүктүрүүдө, предметтердин жана кубулуштардын маанилүү белгилерин аныктоого үйрөтүүдө мугалимдин ролу чоң. Кабылдоодо сөздүн ролу өзгөрөт. Башталгыч класстын окуучулары үчүн сөз биринчи кезекте предметти тааныгандан кийин оозеки белгилөө болуп саналат. Кабыл алууну өнүктүрүүнүн эффективдүү ыкмаларынын бири – салыштыруу. Бул учурда кабыл алуу тереңдейт, каталардын саны азаят. Башталгыч мектеп курагында көңүл бурууну ыктыярдуу жөнгө салуунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Окуучу адатта, "жакын" мотивация болгондо гана (мактоо, оң белги) өзүн мажбурлайт.

Алгачкы башталгыч мектеп курагында мамилелешүү негизинен чоң кишилердин адеп-ахлак нормалары менен жөнгө салынса, андан кийин 9-10 жашында чыныгы жолдоштук сапаттарга байланышкан «стихиялуу балдардын нормалары» биринчи планга чыгат. Мектеп окуучуларынын туура өнүгүүсү менен байланышкан талаптардын эки системасы бар – окуучунун позициясына жана мамилелешүүчү субъектинин позициясына карата. Алар биримдикте иш-аракет кылышы керек, антпесе, теңтуштар менен чыр-чатакта болушу мүмкүн. Мектепке келген алгачкы учурда окуучунун өзүн-өзү баалоосу мугалим тарабынан калыптанат. Башталгыч класстын соңунда бардык жагдайлар башкалар тарабынан жөнгө салынып, кайра бааланат. 3-4-класста өзүн-өзү терс баалагандардын саны кескин көбөйөт. Балдарда өзүнө болгон наразычылык классташтары менен мамилелешүүгө гана эмес, тарбиялык иштерге да жайылат. Өзүнө карата сын көз караштын курчушу, алардын инсандыгын башка адамдар тарабынан жалпы оң баалоо зарылдыгын актуалдуу кылат. Башталгыч класстын окуучусунун мүнөзүнүн импульсивдүүлүгү, бардык жагдайларды ойлонбой дароо иш-аракет кылуу тенденциясы, жалпы эркинин жетишсиздиги менен өзгөчөлөнөт. Ал эми башталгыч классты аяктаганда балада тырышчаактык, тыкандык эмгекти сүйүүсү, тартиптүүлүк, тактык өсүп, алардын жүрүм-турумун башкара билүү, өжөрлүгү өсөт. 3-4-класстын окуучуларында милдет мотиви негизги орунду

ээлей баштайт. Башталгыч класстын аягында окуучунун окуу иш-аракеттерине болгон мамилеси өзгөрүп, өзүм билем деген пикири, ой жүгүртүүсү калыптана баштайт. Жогоруда айтылган өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен башталгыч класстын окуучуларына класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процессин төрт этапта ишке ашыруу керек. Биринчи класста окуучулардын башка улуттун өкүлдөрүнө болгон терс сезимдерин жоюуга багытталат. Окуучулардын керектүү маалыматты кабыл алуусу, инсандык сапатты калыптандыруунун каражаты катары сөз өзгөчө мааниге ээ. Бул үчүн тренингдерди, элдик оюндарды колдонуу максатка ылайыктуу. Экинчи класста окуучуларды улуттук идентификацияга багыттоо, башка улуттун өкүлдөрүнө сый мамилени тарбиялоо зарыл. Бул маселелерди чечүү үчүн окуучуларга Кыргызстанда жашаган элдердин баалуулуктары жөнүндө маалымат берүү маанилүү. Бул этапта кошумча материалды өз алдынча үйрөнүү, көйгөйлүү кырдаалдардын негизинде салыштыруу ыкмасын колдонуу, иштин жүрүшүнө жана натыйжаларына биргелешип баа берүү, тапшырмаларды аткаргандан кийин ой жүгүртүү түрүндөгү иш-аракет жана позитивдүү сезимдер менен байланышкан мамилелешүү ж.б. мүнөздүү. Үчүнчү класста мектеп окуучуларын улуттар аралык чыр-чатактарды жеңүүгө үйрөтүү зарыл. Ушуга байланыштуу, окуучуларды реалдуу турмуштук кырдаалдарда чечим кабыл алуу процессине (оюнга же машыгууга алдын ала орнотуу шарты менен тартуу,) катыштырабыз. Тандап алган кырдаалды чечүү үчүн алдын ала даярдалган суроолорду, иш-аракеттерди окуучулар түшүндүрүп жана тактап талдайт. Бул этапта кошумча каражаттар – аңгемелешүү жана элдик чыгармачылыктын көргөзмөсү, улуттук оюндар боюнча мелдештер ж. блар колдонулат. Төртүнчү класста өзүнүн жана башка улуттардын өкүлдөрүнүн ишмердүүлүгү, баалуулуктары тууралуу түшүнүктөрүн, жүрүм-турум ыкмаларын өркүндөтүү зарыл. Мында негизги метод – окуучунун конкреттүү кырдаалдарды, окуяларды жана кубулуштарды талдай билүү жөндөмүн өркүндөтүүгө багытталган.

Илимий булактарды талдоо, изилдөөбүздүн натыйжасы башталгыч класстын окуучуларын маданияттар аралык диалогго даярдыгын калыптандыруу улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо өзгөчө мааниге ээ болоорун көрсөттү. Алардын маданияттар аралык диалогго даярдыгы ишке ашыруу төмөнкү натыйжаларды камтыйт:

– өзүнүн, ата-энесинин улутун, жашаган өлкөсү, эне тилин өздөштүрөт;

– өз улутунун каада-салттары, үрп-адаттары жөнүндө түшүнүккө ээ болот;

– улуттук баалуулуктар тууралуу элементардык маалыматтарды алат;

– башка улуттун маданияты жөнүндө маалыматка ээ;

– башка улуттун балдары менен сый мамиле түзө билүүсү;

– улуттар аралык чөйрөдө мамиле түзө алышы;

– башка улуттун маданиятына, каада-салтына кызыгуусу пайда болот. Демек, башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгы – бул башка улуттун маданияты, каада-салты жана үрп-адаттары жөнүндөгү билими менен мүнөздөлгөн, улуттук баалуулуктарга сый мамиле жасоосун, башка улуттун балдары менен менен өз ара пикир келишпестигин жеңе билген окуучунун инсанынын интегративдик сапаты деп айта алабыз. Улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо алардын жаш курак жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн, маданияттар аралык диалогго даярдыгын, улуттук баалулуктарга мамилесин, аң сезиминин калыптанышын эске алуу керек.

**Биринчи бап боюнча тыянак**

Кыргыз Республикасынын улуттук саясатынын Стратегиясында, кабыл алынган концептуалдык документтеринде өлкөнүн маданий өнүгүүсүн жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды түшүнгөн «Кыргыз жаранын» тарбиялоонун зарылдыгы баса көрсөтүлгөн. Азыркы кездеги көп улуттуу өлкөбүздөгү социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун мааниси улам барган сайын өсүүдө. Мына ушуга

байланыштуу улуттар аралык маданиятка тарбиялоо проблемасын жаңы социалдык-экономикалык шарттарга ылайык ар тараптуу изилдөөнүн зарылдыгын пайда кылды. Улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун ар кыл аспектилери философия, социология, тарых, педагогика, психология жана башка илимдерде изилденип, методологиялык, теориялык жана практикалык маселелери чечилген.

Мектеп социалдык институт катары улуттар аралык маданиятка тарбиялоо маселесин чечүүдө чоң роль ойнойт. Азыркы кезге чейин топтолгон илимий булактарды логикалык, тарыхый биримдикте талдоо жана андагы жетишкендиктерди чыгармачылык менен үлгү катары колдонуу менен изилдөөбүздө коюлган милдеттерди чечүүгө жана башталгыч класстын окуучуларын класстан тышкаркы пиштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процессинин мазмунун, маңызын, факторлорун, педагогикалык шарттарын жана башка маселелерди аныктоого жардам берет. Азыркы кезге чейинки илимий изилдөөлөр, социалдыө экономикалык, тарыхый өбөлгөлөр Кыргызстанда «Улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун педагогикасы» деп аталган педагогика илиминин тармагынын пайда болушуна алып келди. Азыркы кезге чейин топтолгон илимий булактарды логикалык жана тарыхый биримдикте талдоо жана андагы жетишкендиктерди чыгармачылык менен үлгү катары колдонуу менен изилдөөбүздө коюлган милдеттерди чечүүгө жана башталгыч класстын окуучуларын класстан тышкаркы пиштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процессинин мазмунун, маңызын, факторлорун, педагогикалык шарттарын жана башка маселелерди аныктоого жардам берет. Өзгөчө улуттар аралык маданиятка тарбиялоо ишин башталгыч класстардан баштоо зарыл. Башталгыч класстын окуучуларынын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө мектеп окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо алардын турмуштук тажрыйбасына, кызыкчылыктарына жана муктаждыктарына негизделиши керек экендигин далилдеди. Ар түрдүү улуттун өкүлдөрү окуган мектеп окуучуларына өз улутунун жана башка

улуттун улуттук баалуулуктарынын маанисин ачып көрсөтүү тарбиялык иштин натыйжалуулугун арттырат. Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо интегративдик мүнөздөгү көп функционалдуу көрүнүш катары когнитивдик, мотивциялык, эмоционалдык жана коммуникативдик, жүрүм-туруму активдүүлүгү камтыган структуралык компоненттерден турат.

Кыргызстандын мектептеринин практикасы окуучуларды улуттар аралык маданиятка тарбиялоону башталгыч класстардан баштап эле өнүктүрүү зарыл экендигин көрсөтүүдө. Бул маселе мектепти демократиялаштыруу, гумандаштыруу, билим тарбия берүү ишинде инновациялык формаларды жана ыкмаларды колдонууга, билим берүү системасын жаңылоонун негизги позицияларына негизделүүгө тийиш. Мектепте коомдогу өзгөрүү-лөргө ылайык окуучулардын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маз-муну, форма менен методдору алардын улуттук өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен Кыргызстандын жараны деген духта тарбиялоого багытталышы керек.

# ЭКИНЧИ БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ, МЕТОДДОРУ ЖАНА МАТЕРИАЛДАРЫ

## 2.1. Изилдөөнүн методологиялык негиздери жана методдору

Кыргызстандагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр мектеп окуучу-ларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маселеси изилдөөнүн кон-цептуалдык багыттарын аныктоону, өз кезегинде туура методологиялык негизди жана методдорду тандоону талап кылат. Окумуштуу В. И. Буренков улуттар аралык мамилелердин маданиятын изилдөөнүн методологиясы өнүгүүнүн гуманисттик теориясына жана ар кандай этностук топтун инсаны-

нын теӊ укуктуулук, кызматташуу жана баалуулугун таануу, негизделиши керектигин белгилеген. [48, 74-б.].

Окумуштуу В. В. Краевский педагогикалык кубулуштун компоненттерин жана системанын ордун жана ролун, анын кызмат өтөөсүнө тааасир тийгизген негизги факторлорду, кайра түзүүчү таасири бар элементтерин аныктоо, коюлган максатка жетүүнү, алынган натыйжаларды практикага киргизүү процессин үйрөнүү маанилүү боло тургандыгын белгилеген [123]. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун методологиялык жактан туура негизделиши анын конкреттүү составын, структурасын, функцияларын аныктоодо өзгөчө мааниге ээ болот.

Тарбиялоонун теориясында баланын инсанынын өнүгүшүн жана калып-танышын башкарууга багытталган мамиле жасоонун бир кыйла багыттары аныкталган. Изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун методологиялык негизи катары көп маданияттык (Асипова, А. Г. Асмолов, Б. Библер, В. П. Зинченко, А. Леонтьев В. И. Слободчиков), аксиологиялык. (А. Айымбетова, А. И. Арнольдова, Е. А. Баллера, Е. О. Крачковской, А. Г. Здравосмыслова, И. Я. Копылова ж.б. лар), диалогдук ( Н. А. Асипова, В. С. Библер ж. б), инсанга багытталган (И. Б. Бекбоев, Е. В. Бондаревская, М. В. Кларин, И. С. Якиманский ж. б). этнопедагогикалык (Н. А. Асипова, А. Алимбеков, А. Э. Измайлов, А. Т. Калдыбаева, Т. В. Панкова ж.б. лар) мамиле жасоонун багыттарын белгелемекчибиз.

Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү мадниятынын тарбиялоонун методологиялык негиздерин аныктоодо педагогикалык процесстин бүтүндүгү жөнүндөгү концепциянын багыттарына таянуу алардын жекече өзгөчөлүктөрүн, көз караштарын эске алуу менен тарбиялык иштердин таасирин артыруунун логикалык ырааттуу схемасын түзүүгө, педагогикалык шарттарын, теориялык моделин аныктоого жардам берди. Демек, мамиле жасоонун багыттары башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү маданиятын уюштурууга жана

анын натыйжалуулугун камсыз кылган педагогикалык шарттарды аныктоого жардам берип, колдонулган методдордун натыйжалуулугун баалоого негиз болду.

**Изилдөөнүн обьектиси** - класстан тышкаркы тарбиялык иштер.

**Изилдөөнүн предмети** – башталгыч класстын окуучуларынын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун педагогикалык шарттары.

**Изилдөөнүн гипотезасы** – башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мадниятка тарбиялоо натыйжалуу болот, эгерде:

–башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мадниятка тарбиялоодо педагогикалык шарттары аныкталып жана ишке ашырылса;

– башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоону ишке ашыруу теориялык модель иштелип чыкса;

– улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо класстан тышкаркы иштердин ийкемдүү системасы колдонулса.

– мугалимдер, ата-энелер улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маселеси боюнча жеткиликтүү даярдык алса;

Изилдөөнүн жүрүшүндө изилдөөнүн методдорунун төмөндөгүдөй комплекси колдондук.

1. **Теориялык методдор** – башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбияланышына класстан тышкаркы иштердин тийгизген таасирин аныктоого мүмкүндүк берген педагогикалык психологиялык, философиялык, социологиялык адабияттарды талдоо жана синтездөө менен баалуу маалыматтар үйрөнүлдү.

**Педагогикалык идеяларды теориялык талдоо жана синтездөө методу.** Анализ (талдоо)– бул изилденип жаткан кубулуштардын, процесстердин курамын, анын касиеттерин, белгилерин сапаттарга бөлүү менен изилдейт. Синтез – таанымдык операция катары предметтин ар кыл элементтерин бирдиктүү бүтүнгө (сиситемага) бириктирип, теориялык изилдөөдө мааниге ээ болот. Изилдөөнүн жүрүшүндө класстан тышкаркы

иштер белгилүү система катары каралды. Мына ушул методду колдонуу менен башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү мадниятынын калыптанышына класстан тышкаркы иштердин тийгизген таасиринин деңгээли, жалпы байланышы жана катнашы изилденди.

Педагогика илиминде мектеп окуучуларына улуттар аралык маданиятка тарбиялоо боюнча бир катар теориялар, концепциялар каралган. Аталган метод изилдөөнүн алгылыктуу мазмунду, форма, методдорду табууга, класстан тышкаркы иштердин ролун аныктоого байланышкан маселелерди, илимий булактарды жалпылоодо, белгилүү бир этапта изилденип жаткан проблеманын иштелип чыгышын окуп үйрөнүүдө колдонулду. Изилдөөнүн жүрүшүндө үйрөнүлүүчү башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү мадниятынын калыптанышына класстан тышкаркы иштердин тийгизген тарбиялык таасири талданып составдарга ажыратылып, синтезделип, андан ары бүтүн педагогикалык процесс катары бириктирилип, берилген кубулуштун ички мазмун талданды. Аңдан ары жүргүзүлгөн иштин жыйынтыгы иштетилип, жалпылоо жана илимий тыянактарды, практикалык сунуштарды берүү менен аяктады. Демек, тарыхый-логикалык (илимий) талдоо методун колдонуу башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү мадниятынын калыптандыруу маселесинин өнүгүшү жана аны уюштуруунун тенденциясын ачып көрсөтөт

**Моделдештирүү методу.** Модель – таанымдык максаттарда тандалган же өзгөрүп түзүлгөн, негизги обьект жөнүндө маалымат берген көмөкчү обьект [136]. Теориялык модель – бул ойдо элестетилген же аны алмаштырып, адекваттуу изилдөөнүн предметин чагылдырып ишке ашырылган материалдык система. Моделдештирүүнүн артыкчылыгы берилген маалыматтардын бүтүндүгү моделдерде кубулуштардын болжолдуу чектери, алардын туруктуу байланыштары жана катнаштары, анын функциясынын жыйынтыктары чагылдырылат. Модель башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү мадниятынын калыптанышына класстан

тышкаркы тарбиялык иштердин форма жана методдорун, педагогикалык шарттарын тийгизген таасирин жана башкаларды камтыган бир нече блоктордон турат**.** Бул метод башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү маданиятынын калыптанышына класстан тышкаркы иштердин тийгизген таасирин аныктаган теориялык моделин түзүү менен байланышат (моделдештирүү маселеси кийинки параграфта каралган.

**2. Эмпирикалык методдор**. Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөндөгү методдор кеңири колдонулду.

**Байкоо жүргүзүү методу.** Байкоо жүргүзүү – принцибинде, илимий тааным үчүн зарыл изилдөөнүн кыйла маалыматтуу методу. Бул иликтенип жаткан кубулуштар менен процесстердин байкоочунун кабыл алуусуна – түздөн-түз да, ар кыл приборлордун жардамы менен да жеткиликтүү болгон баардык кырларын көрүүгө мүмкүндүк берген метод. Анткени, ансыз илим баштапкы эмпирикалык маалыматтарга, илимий фактыларга ээ боло албайт.

Изилдөөнүн бардык этабында мектеп мугалимдерине ата-энелерге, башталгыч класстын окуучуларына байкоо жүргүзүлүп, фиксацияланды. Бул табигый шарттарда изилденүүчү объектин үйрөнүү үчүн байкоо жүргүзүүнүн схемасы аныкталып, алынган материалдар талданып, алгачкы тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берди. Байкоо жүргүзүүнүн натыйжалуулугун арттыруу үчүн анын узактыгын, массалуулугу эске алынды.

**Аңгемелешүү методу** башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү мадниятынын калыптанышына класстан тышкаркы иштердин таасири жана анын өзгөчөлүктөрүн аныктоого байланышкан маалыматтарды алууга, аларды таанып билүүгө жардам берет. Бул методду колдонууда башталгыч класстын окуучусунун жана ата-энелердин жекече өзгөчөлүктөрү эске алынып, атайын пландын болушуна, аңгемелешүүдөгү суроолордун вариативдүүлүгүнө көңүл бөлүндү.

**Анкета алуу.** Атайын иштелип чыккан анкетанын жардамы менен мугалимдер, ата-энелер, башталгыч класстын окуучулары тууралуу кеңири материал жыйналды. Анкета алуу болжолдоого негизделип, суроолор

төмөнкүлөрдү аныктоого багытталган: башталгыч кластардын окуучулары улуттар аралык маданиятка мамилеси, анын башталгыч кластардын окуучуларынын ишмердигиндеги ролу; «улуттар аралык маданиятка тарбиялоо» түшүнүгүнүн маңызын жана мазмунун түшүнүүсү; улуттун маданияты, каада-салттары, баалуулуктары жөнүндө билим; улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын деңгээлин өзүн-өзү баалоосу ж.б. Анкета окуучуларды, ата-энелерди, муталимдерди массалык суроого, алынган жоопторду бат талдоого мүмкүндүк берет

**Педагогикалык тестирлөө** мугалимдердин, ата-энелердин улуттар аралык мамилелешүү маданиятын тарбиялоо ишине катышуусунун, көз караштарын, билим деңгээлин аныктоо үчүн колдонулду. Тестирлөө өзүнүн тактыгы, жеткиликтүүлүгү, бирдей шарттарда өтүшү башталгыч класстардын окучуларынын көз караштарын, билим деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берди. Ошондой эле бул метод менен башталгыч класстын окуучусунун башка улуттун өкүлдөрү менен мамилешүүгө даярдыгы, интеллектуалдык өнүгүүсү, тигил же бул сапаттарынын калыптанышы ж.б.у.с. . маселелери изилденди.

**Интервью алуу.** Мында мугалимдерге, окуучуларга, ата-энелерге алдын ала даярдалган суроолор ырааттуу берилип, жооптору жазылып алынып, талданды.

**Сурамжылоонун** жардамы менен мугалимдердин, ата-энелердин жана башталгыч класстын окуучуларынын улут, улуттук жана адамзаттык маданият, улуттар аралык маданият ж.б.у.с. . маселелер боюнча эркин пикир алышып, айрым маселер такталды.

**Мектептин документациясын талдоо.** Мектеп документтерин талдоо, башталгыч класстарда өткөрүлгөн класстан тышкаркы иштердин системасында улуттар аралык мамилелешүү маданиятын тарбиялоонун абалын жана алардын маанисин аныктай алдык. Мектеп документациясын (мектеп жетекчилеринин иш пландарын, отчетторун, жыйналыштардын протоколдорун ж.б.) үйрөнүүнүн жүрүшүндө ата-энелердин мектеп менен

байланышы, балдары менен болгон мамилеси жана башка ушул сыяктуу маселелер жөнүндө кеңири маалыматтар алынды. Башталгыч класстын окуучуларынын, чыгармачылык иштерин үйрөнүү менен алардын башка улуттун маданиятына, балдар адабиятына, салтына кызыгууларын, калыптанышын, ата-энелеринин бул маселелерге жасаган мамилелерин аныктоого мүмкүндүк берди. Натыйжада алынган маалыматтар илимий корутундуларды чыгарууда мааниге ээ болду.

**Эксперттик баалоо.** Изилденип кубулушту, башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү мадниятынын калыптанышына класстан тышкаркы иштердин таасиринин натыйжалуулугу алдын ала түзүлгөн критерийлерге жана жаңы көрсөткүчтөр боюнча бааланып жана аныкталды. Башталгыч кластардын окуучулары улуттар аралык баарлашуу маданиятын калыптандырууга эксперттик баа берүү үчүн эксперттер катары тажрыйбалуу, иш стажы бар мугалимдер кирди.

Объективдүү натыйжаларды алуу үчүн изилдөөдө педагогикалык экспериментти колдондук.

**Педагогикалык эксперимент.** Биздин изилдөөнүн проблемасына байланыштуу педагогикалык эксперимент төмөнкүлөрдү аныктоого мүмкүндүк берди:

– башталгыч кластардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын деңгээлин;

– алардын билим деңгээлин, маданияттар аралык өз ара аракеттенүүнү туура уюштуруу үчүн көндүмдөрдүн жана көндүмдөрдүн жыйындысын аныктоо (аныктоочу эксперименти);

– башталгыч кластардын мугалимдери үчүн: окуучулары арасында улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун каражаты катары этникалык компонентти киргизүү, билимди, көндүмдөрдү жана көндүмдөрдүн башта-лышынан аягына чейин өркүндөтүү даражасын белгилөө максатында атайын курстун окуу материалынын мазмунун оңдоо;

– сапаттык жана сандык талдоо жүргүзүү, изилдөөнүн натыйжаларын иштин максаттары менен чечмелөө жана салыштыруу жана мектептердин администрацияларына, мугалимдерге башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процессин уюштуруу боюнча усулдук сунуштарды иштеп чыгууга.

Изилдөөнүн максатына, милдеттерине жана гипотезасына ылайык методдордун комплексин колдонуу класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мадниятка тарбиялоонун натыйжалуулугун арттырууга багытталган педагогикалык эксперименттин мазмунун аныкталды:

– практикада колдонулган башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мадниятынын тарбиялоо боюнча класстан тышкаркы иштердин системасын өркүндөтүү;

– класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү мадниятка тарбиялоо боюнча натыйжалуу шарттарды, теориялык моделин жана каражаттарын аныктоо.

Изилдөөнүн жүрүшүндө коюлган максатка жана милдеттерге ылайык башталгыч кластардын окуучулары класстан тышкаркы тарбиялык иштердин системасынын таасирин жана натыйжасын аныктоого мүмкүндүк берген жаңы элементтерди камтыган педагогикалык процесс конструкцияланды. Педагогикалык эксперимент иштелип чыккан теориялык моделди жана аныкталган педагогикалык шарттарды үч этапта ишке ашырууга мүмкүндүк берди.

**Биринчи аныктоочу этап (**2019-2020-жж.) пландаштыруу, уюштуруу менен башталды. Бул этапта проблемага байланыштуу илимий, илимий-методикалык адабияттар, изилденип жаткан проблеманын теориядагы жана практикадагы абалы аныкталды; республикабыздын мектептеринде бул багытта топтолгон тажрыйбаларды үйрөнүп жана талдадык; диагноздоочу изилдөөлөрдү жүргүзүү менен топтолгон материалдарды талдоонун негизинде башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык

мамилелешүүсүнүн калыптанышына мектептеги класстан тышкаркы тарбиялык иштердин, ата-эненин тийгизген таасири, алардын даярдыгынын компоненттери, критерийлери, деңгээлдери жана теориялык модели, педагогикалык шарттары аныкталды. Бул этапта калыптандыруучу педагогикалык эксперименттин материалдары такталып, башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо боюнча эксперименталдык программа апробацияланды.

**Экинчи калыптандыруучу этапта** (2020-2022-жж.) аныкталган башталгыч кластардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун натыйжалуулугун арттыруунун педагогикалык шарттары, теориялык модели педагогикалык экспериментте текшерилди. Бул этапта педагогикалык шарттардын жана теориялык моделдин натыйжалуулугун аныктоо үчүн дайыма мониторинг, зарыл болгон учурда педагогикалык коррекциялоо жүргүзүлүп турду.

**Үчүнчү жыйынтыктоочу этап** (2022-2023жж.) этапта педагогикалык эксперимент жыйынтыкталып, диссертация даярдалды. Алынган материалдар талданып системалаштырылып, иштелип чыккан технологиянын ишке ашыруунун натыйжалуулугун даражасын аныктады.

Бул ыкмалар класстан тышкаркы иштердин системасында улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун сапаттык белгилери табууга жана аныктоого, ошондой эле тарбиялоо процессинде болуп жаткан өзгөрүүлөрдү кароого мүмкүндүк берди. Изилдөөдө теориялык методдорду колдонуу башталгыч класстардын окуучуларынын класстан тышкаркы иш-чараларда улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун моделин, бирдиктүү концепциясын жана анын негизги жоболорун чагылдырат.

Класстан тышкаркы иштердеги тенденцияларды, факторлорду өз ара байланышта кароо башталгыч класстардын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо мектептин, үй-бүлө тарбиясынын жана чөйрөнүн таасир этүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоого жардам берет. Изилдөөнүн жыйынтыгы алынган материалдарды талдоо, сунуш кылынган моделдин

жана педагогикалык шарттардын ишке ашыруунун натыйжалуулугунун обьективдүү картинасын алууга мүмкүндүк берет.

## 2. 2. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун педагогикалык шарттары

Республикабыздын мектептеринин башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоого багытталган иш чараларга карабастан, алардын тарбиялоонун деңгээли төмөн экендигин аныктай алдык. Бул өз кезегинде башталгыч класстын окуучуларынын курак жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тарбиялоонун натыйжалуулугун арттыруунун үчүн педагогикалык шарттарды аныктоонун зарылдыгын көрсөтөт.

Класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын аныктоонун зарылдыгы биринчиден, тарбиянын бул багытынын жаңы социалдык-экономикалык шарттарга ылайык келген маңызын, мазмунун аныктоо жана тереңирээк түшүнүү үчүн, экинчиден, башталгыч класстын мугалимдери үчүн үчүн илимий жана методикалык сунуштарды иштеп чыгуу, үчүнчүдөн, тарбия ишинин натыйжалуулугун арттыруу менен тыгыз байланышкан.

Илимий адабияттарда педагогикалык шарттар боюнча дале болсо ар түрдүү көз караштар болгондуктан, бул түшүнүк боюнча бирдиктүү аныктама жок. Алгач окуучуларынын арасында улуттар аралык маданиятка тарбиялоо маселесин туура чечүү үчүн жалпы илимий түшүнүк болгон «шарт» деген түшүнүктүн маңызын аныктап алалы. Педагогикалык адабияттарда «шарт» түшүнүгүнө боюнча бир кыйла аныктамалар берилген.

Педагогика илимине карата «шартты» инсандын тарбияланышынын, билим алуусунун жана өнүгүшүнүн натыйжаларына таасирин тийгизген себептердин жыйындысы катары мүнөздөсө болот.

Н. В. Ипполитованын пикири боюнча педагогикалык шарт - «педагогикалык системанын анын натыйжалуу иштешин камсыз кылуучу ички (жеке

аспект) жана тышкы (процессуалдык аспект) жыйындысын чагылдырган компонент» [96].

Н. М. Борытко педагогикалык шартты «Педагогикалык процесстин жүрүшүнө олуттуу таасирин тийгизген, тигил же бул деңгээлде мугалим тарабынан аң-сезимдүү түрдө түзүлгөн, белгилүү бир натыйжага жетишүүнү камтыган тышкы жагдай» деп эсептейт [60].

В. И. Андреев педагогикалык шартты «коюлган максаттарга жетүү үчүн мазмундун элементтерин, методдорду (техникалары), окутууну уюштуруу формаларын колдонуу үчүн долбоорлоонун, конструкциялоонун жана тандоонун жана колдонуунун натыйжасы» катары баалайт [14].

В. М. Полонский тарабынан түзүлгөн педагогикалык сөздүктө педагогикалык шарт «адамдын физикалык, адеп-ахлактык, психикалык өнүгүүсүнө, анын жүрүм-турумуна, тарбиясына жана билимине, инсандын калыптанышына таасир берүүчү өзгөрүлмө табигый, социалдык, тышкы жана ички таасирлердин жыйындысы» [182].

Психологиялык-педагогикалык сөздүктө «окуу иш-аракетинин шарттарын» аныкталган: ал ишке ашырылып жаткан жагдайлардын жыйындысы жана анын субъектисинин турмуштук жагдайлары. Экөө тең анын ийгилигине өбөлгө түзгөн же тоскоолдук кылган факторлор. Өз кезегинде педагогикалык фактор – бул башка кубулуштун кыймылдаткыч күчү болуп калган ар кандай педагогикалык кубулуш [155, 464-б.].

В. А. Беликовдун ою боюнча педагогикалык шарт коюлган милдетти чечүүгө багытталган материалдык-мейкиндик чөйрөсүнүн жана мазмундун, форманын, методдун обьективдүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы [42].

Академик Ю. К. Бабанский «педагогикалык системанын кызмат өтөөсүнө таасир тийгизген шарттардын эки группасын белгилеген: 1) сырткы (жара-тылыштык, коомдук, өндүрүштүк, маданий, микрорайондук чөйрөсү; 2) ички (окуу–материалдык база, мектеп гигиенасы, моралдык-психологиялык, эстетикалык жагдай ж.б.)» [32, 15-б.].

Демек, педагогикалык шарт - бул белгилүү натыйжаны алуу максатында педагог тарабынан атайын негизделген, педагогикалык процесстин жүрүшүнө олуттуу таасир тийгизген, жагдайдын, фактордун сырткы берилиши. Жогоруда белгиленген окумуштуулардын көз караштарына таянуу менен башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун педагогикалык шартты – бул тарбиялоо процессинде улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде окуучулардын башка улуттардын баалуулуктарына карата позитивдүү аң-сезимин, ой жүгүртүү-сүн жана жүрүм-турумун, аларды мамилелешүүгө тарбиялоо процессин оптималдаштырууга жагымдуу маданий чөйрөнү түзүү катары белгилемек-чибиз.

Республикабыздын мектептеринин практикасында топтолгон тажрыйбаларга, теориялык булактарга, изилдөөлөрүбүздүн материалдарына таянуу менен башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо мааниге ээ болгон төмөндөгү педагогикалык шарттарды аныктап, эксперименттин жүрүшүндө колдондук.

**1-шарт. Класстан тышкаркы тарбиялык иштердин этнопедагогикалык багыттуулугун арттыруу.** Билим берүү системасынын этномаданий багыты бардык этностук көп түрдүүлүктү түшүнүү жана таануу, окуучуларда ар кандай этностук топтор, алардын маданияттары, жашоо өзгөчөлүктөрү, баалуулуктары жана нормалары жөнүндө билимдерди окуу предметтеринин мазмунуна киргизүүдөн турат. дүйнөнүн жалпы маданий картинасы, коом тарабынан бекитилген жүрүм-турум жана

башка этностордун жана алардын маданияттарынын өкүлдөрүнө карата сый-урматтуу жана толеранттуу мамиле, маданияттар аралык диалог жана кызматташуу жөндөмдүүлүгү. Ар бир предмет өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша белгилүү бир нерселерди ачып берет

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандартында, кабыл алынган тарбиялоонун концепциясында белгиленген улуттук компонентти ишке ашыруу ар түрдүү улуттардын этномаданий муктаждыктарына жана кызыкчылыктарына багытталышы керектиги белгиленген. Мектепте

башталгыч класстардан баштап эле улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маанилүү шарттарынын бири этномаданий билим жана тарбия берүү болуп саналат. Ар бир улут өзүнүн тарыхында тилин, фольклорун, этностук символдорун, нарк-насилин, каада-салтын, үрп-адаттарын, руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктарын, адамдык мыкты сапаттарын калыптандырып келген. Этномаданий билим жана тарбия берүү улуттун маданий баалуулуктарын, ал улуттун өкүлү болгон жана ошол чөйрөдө жашаган окуучуга өткөрүп берүүнү көздөгөн тарбиялоо системасынын ажырагыс бөлүгү. Мектеп окуучуларынын этномаданий тарбиясын калыптандырууда каада-салттарды жана үрп-адаттарды колдонуу алардын социалдык, руханий, адеп-ахлактык, акыл-эс жана физикалык өнүгүүсүнө таасир этүүгө мүмкүндүк берет. Башталгыч класстын окуучуларына этномаданий тарбия берүү төмөнкүлөргө багытталган:

– өз элинин тарыхы, каада салттары, баалуулуктары менен тааныштыруу;

– этномаданий чөйрөнү түзгөн элдердин улуттук баалуулуктары менен тааныштыруу;

– Кыргызстанда жашаган элдердин маданиятындагы, каада-салтындагы жалпы, өзгөчө жана өзгөчөлүгүн талдоо жана аныктоо.

Мына ушул багыттарды эске алып башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо элдик педагогиканын ролу чоң. Анткени, элдин оозеки чыгармачылыгы, үрп-адаттары, каада-салттары ж.б. тарбиянын каражаттары катары сакталып, муундан муунга берилип келет. Кыргызстандын элдери өзүнүн тарыхый өнүгүшүндө, саясий-экономикалык жана маданий жактан тыгыз карым-катнашта болуп келишкендиктен алардын эл катары калыптаныш тарыхы бир болгон соң, жашоо образында, таалим-тарбия салттарында да окшоштуктардын, жалпылыктардын жана өзгөчөлүктөрдүн болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Алсак, жалпы адамзаттык баалуулуктар: тынчтык, гумандуулук, ак ниеттүүлүк, өз эл-жерин сүйүү, эр жүрөктүүлүк, адам өмүрүн баалоо, балдарды жана карыларды

урматтоо, адамга жамандык кылбоо, үй-бүлөнү жана баланы ыйык деп саноо, балдарга тарбия берүү, эмгекчилдик, билим үйрөнүү ж.б.у.с. . кыргыздардын, орустардын, өзбектердин, тажиктердин жана башка улуттар-дын элдик педагогикасы үчүн жалпы болуп саналат. Мисалы, макал-лакап-тарда жалпылыктар чагылдырылган. Педагогикалык жалпылыктарга ээ болгон макалдар аркылуу жаш муундарды акыл-эстүү, ар-намыстуу, уяттуу, мээнеткеч, эмгекчил, эл жеринин патриоту болуу менен бирге бөтөн улут-тарга урмат-сый менен мамиле жасоого тарбиялоого болот. Демек, башталгыч класстын окуучуларынын өзгөчөлүктөрү аларды элдик педагогиканын бай тажрыйбаларын пайдалануу аркылуу тарбия берүүгө ыңгайлуу курак болуп саналат. Алардын дилгирлиги, кызыгуусун, жана башка өзгөчөлүк-төрүн эске алып, элдик педагогиканын каражаттарын пайдаланып улуттук маданиятка тарбиялай алабыз. Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо алардын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык келген ар түрдүү элдер жөнүндө материалдардын мазмунун тандоо мааниге ээ болот.

**2-шарт. Класстан тышкаркы иштердин ийкемдүү форма, методдорун жана каражаттарды колдонуу.** Биз улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун натыйжасын, сапатын окуучулардын өз ара мамилешүүсүнөн көрө алабыз. Илимий булактарды жана мектеп практикасын жана изилдөөнүн жүрүшүндө алынган материалдарды талдоонун негизинде башталгыч класстын окуучуларын улуттук аралык маданиятка тарбиялоодо колдонулган класстан тышкаркы иштердин системасын аныктай алдык. Аларга – аңгемелешүүлөр, ар улуттун өкүлдөрү менен жолугушуулар, конкурстар, майрамдар, каада-салттар, үрп-адаттары, улуттук оюндары менен тааныштыруу жана башкалар кирет.

Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбия-лоодо класстан тышкаркы иштердин ар түрдүү формаларын, ыкмаларфы оптималдуу айкалыштырганда гана натыйжалуу болот. Бул үчүн алардын психологиялык өзгөчөлүктөрүнө, жаш курагына, түшүнүктөрүнүн

деңгээлине жана тарбиялык иштин мазмунуна ылайык келген формаларды колдонуу керек. Тарбия ишинде класстан тышкаркы иштердин алгылыктуу формасын тандоо үчүн төмөндөгүлөрдү эске алуу зарыл: а) тарбиялык иштин окуучулар үчүн жеткиликтүү болгон мазмунун аныктоо, б) тарбиялоодо коюлган максатты чечүүнү камсыз кыла турган методдорду каражаттарды колдонууну, в) окуучулардын тигил же бул маселеге кызыгуусун, г) окуучулардын карала турган маселе боюнча түшүнүктөрүнүн деңгээлин. Класстан тышкаркы өткөрүлгөн тарбиялык иштерге ата-энелерди, башка улуттун өкүлдөрүн, көрүнүктүү инсадарды катыштыруу окуучулардын улуттук баалуулуктарга сый мамиле жасоонун адекваттуу көндүмдөрүнө, алардын өзгөчөлүктөрүнө сый мамиле жасоого даяр болуу менен моралдык нормалар жөнүндө зарыл билимдердин жыйындысына ээ болушуна жардам берет.

Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын көрсөткүчү болуп төмөнкүлөр саналат: этностор аралык мамилелердин нормаларын жана эрежелерин билүү; улуттар аралык мамилелердин моралдык нормаларын кабыл алуу; адамдардын башка болуу укугун таануу; чыр-чатаксыз улуттар аралык мамилелердин принциптерин иш жүзүндө орнотуунун зарылдыгы; улутчулдук көрүнүштөрүнө туруштук бере билүү.

Тарбия ишинде маалыматтык-коммуникациялык каражаттардын колдонуунун актуалдуулугу А. А. Андреев, Е. З. Власова, М. А. Лукашенко, В. А. Леднев, Т. А. Семкин жана башка окумуштуулардын эмгектеринде баса белгиленип, электрондук окутуу e-learning (англисчеден Electronic Learning) деп аталган [19]. А. И. Адамский электрондук окутуу тармактык долбоорлорду, программаларды жана окууларды уюштуруу аркылуу ишке ашырыла тургандыгын белгилеген [5, 17-б.].

2020-2021-окуу жылындагы дүйнөдө болгон пандемия маалыматтык-коммуникациялык каражаттардын колдонуу (интернет) менен башталгыч

класстын окуучуларын окутууга жана тарбиялоого мүмкүн боло тургандыгын практика көрсөттү.

Электрондук тарбиялоодо окуучу мугалимден кеңештерди, тапшырмаларды алууга, аралыктан өз ара аракеттенүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ боло алышат. Маалыматтык-коммуникациялык каражаттарын мектептин жайгашкан жерине карабастан улуттар аралык маданиятка тарбиялоо үчүн зарыл болгон материалдарды алууга мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда электрондук каражат жумушчу инструмент болуп, корпоративдик ресурстук борбордун иштешинин негизин түзүп, алар менен чогуу иштөөгө, маалымат алмашууга мүмкүндүк берет. Тарбия берүү системасынын тармактык өз ара аракеттенүүсүндө маалыматтык-коммуникациялык каражаттардын негизинде электрондук тарбиялоо системасынын элементтери төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

– тарбиялык иш-аракеттин мугалим жана ата-эне тарабынан бир мезгилде чогуу көзөмөлдөнүшү;

– электрондук формадагы улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун кеңири материалдарын камтылышы (улуттук баалуулуктар, каада-салт, ролдук оюндардын сценарийлери;

– маалыматтык-коммуникациялык каражаттардын тарбиялык иш чаралардын координацияланышы;

– маалыматтык-коммуникациялык каражаттардын жардамы менен аралыктан жекече жана группа мене ниш алып баруу мүмкүнчүлүктөрдүн болушу.

Маалыматтык-коммуникациялык каражаттардын жардамы менен улуттар аралык көп маданиятка тарбиялангандыгын өнүктүрүү үчүн төмөнкүдөй иштердин формаларын, колдондук: улуттук баалулуктар тууралуу маалымат берүү, виртуалдык экскурсияларды уюштуруу, интерактивдүү аңгемелешүүлөр, класстык сааттар, ролдук оюндар, мультфильмдерди көрүү, жомокторду угуу жана талкуулоо ж.б. Бул шарт практикада көрсөтүлгөн иш

чаралардын комплексин ата-энелердин катыштыруу менен адекваттуу чечүүгө мүмкүндүк берди.

Ошентип, маалыматтык-коммуникациялык каражаттар тарбия берүүнүн аймактык чектөөлөрдөн арылууга жана дистанттык байланыш форматына өтүү окуучуларга улуттар аралык маданиятка тарбиялоону натыйжалуу өнүктүрүү үчүн шарт боло алат. Бул окуучулардын жана алардын ата-энелеринин тармактык социалдык өнөктөштүк үчүн түрдүү ресурстук мүмкүнчүлүктөргө жетүүсүн камсыздап жана улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун компоненттерин жогорулатууга жардам берет.

**3-шарт. Башталгыч класстардын мугалимдеринин окуучулардын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун негиздери боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү**. Башталгыч класстын окуучуларынын жаш курагына ылайык улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун милдеттерин чечүүдө негизги роль мугалимге таандык. Тарбиялоо системасында мугалим изилдөөчү, тарбия-лоочу, балдар тобунда мамилелешүүнүн өнөктөшү жана уюштуруучу катары борбордук орунду ээлейт. Ошондуктан мугалимдин мамилелешүү мадания-тын өнүктүрүү боюнча илимий методикалык жактан негизделген сунуштарды камтууга тийиш.

Мугалимдин жогорку социалдык статусу, уюштуруучулук жана тарбиялык ишмердүүлүгү, анын иш-аракетинин балдардын жана ата-энелердин көпчүлүгү тарабынан жактырылышы жоопкерчиликти жүктөйт. Мугалим балдарды ар түрдүү иш-аракеттерде, мамилелешүүнүн кырдаалдарында байкоо жүргүзүүгө, ар биринин жеке өнүгүүсүн обьективдүү баалоого, убагында кемчиликтерин аныктап, оңдоо үчүн уюштуруучулук жана тарбиялык ишмердүүлүгү мүмкүнчүлүктөрдү берет.

Мугалим көп улуттуу өлкөбүздө мектеп окуучуларын толук кандуу “Кыргыз жараны” кылып тарбиялоого чакырылган. Окутуу, тарбиялоо ишинин жүрүшүндө педагогикалык этиканы сактаган, компетенттүү, жогорку мамилелешүү маданиятына ээ болгон сабырдуу мугалим гана улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун натыйжалуугун камсыз кылган педаго-

гикалык шарттарды түзө алат. Ал окуучуларынын баалуулук багыттарын, көз караштарын, курак жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн, жеке сапаттарын эске алып сыйлоо менен мамиле кылат. Мугалимдин кесиптик сапаттары, тарбиялоонун жаңы технологияларын чыгармачылык менен колдонууга багытталган педагогикалык чеберчилиги анын улуттук баалуулуктарга болгон ишениминин жана мамилесинин кепилдиги боло алат.

Улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун технологиясы мугалимдин окуучулардын өзгөчөлүктөрүн, алардын ортосундагы мамилени билүүсүнө негизделет. Бул багыттагы иштерди уюштурууда мугалимдер төмөнкүлөрдү эске алуулары зарыл:

– ар бир окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүн;

– үй-бүлөдөгү тарбиянын өзгөчөлүктөрүн, үй-бүлө маданиятын;

– класстагы окуучулар тобунун улуттук курамы;

– балдардын ортосундагы мамилелердеги көйгөйлөр, алардын себептерин;

– чөйрөнүн, маданияттын этнопедагогикалык жана этнопсихологиялык өзгөчөлүктөрү, алардын окуучулардын улуттар аралык мамилелер маданиятынын өнүгүшүнө таасирин.

– кырдаалды талдап, окуучуларды улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун натыйжалуу формаларын, мазмунун аныктоону.

Мугалим окуучуларды улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо адеп-ахлакка негизделген улуттук баалуулуктарга таянышы керек. Бул иш класстан тышкаркы иштердин системасы аркылуу жүргүзүлүп, анын негизинде окуучулардын улутуна карабастан улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга шайкеш гумандуу мамилелерди, башка улуттун маданиятын, тарыхын, каада-салтын, искусствосун, тилин урматтоо сезимин тарбияланат.

Мугалимдин окуучулардын улуттук баалуулуктар жөнүндөгү түшүнүктөрүн калыптандыруу боюнча системалуу, максаттуу иш алып баруусу алардын өзүн-өзү идентификациялай билишине көмөктөшөт. Мына ушуга байланыштуу башталгыч класстын мугалимдери окуучулар арасында улуттар

аралык маданиятка тарбиялоо боюнча өз билимин дайыма жогорулатуусу абзел.

Демек, мугалим окуучулардын туулуп-өскөн жерине, көп улуттуу Ата Мекенине болгон сүйүүсүн, адамдардын улуттук кадыр-баркын, алардын тилдерин, маданиятын, тарыхый өткөнүн, каада-салттарын урматтоого тарбиялоосу зарыл.

**2. Ата-энелердин «улуттар аралык мамилелешүү маданияты» жөнүндөгү маалыматтарга ээ кылуу жана аларды тарбиялык иштерге тартуу.** Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо ата-эне чоң роль ойнойт. Мына ушуга байланыштуу ата-энелердин улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун негиздери тууралуу маалыматтарга ээ кылуу, аларды балдар арасында уюштуруучунун позиция-сына жана мамилелешүүнүн тең укуктуу өнөктөшүнө айландырат. Үй-бүлөдө окуучуларды улуттар аралык маданиятка тарбиялоо социалдаштыруу менен байланышта болот. Балдарды үй шартында улуттук каада-салттар, кийим маданияты, тиричилик жана жашоо образы, фольклор жана музыка, улуттук оюндар, салттуу медицина, туулган жер  ж.б.у.с. . баалуулуктар менен тааныштыруу ишке ашат. Изилдөөбүздүн жүрүшүндө бул маселеге анча көңүл бөлүнбөй бара жаткандыгын аныктай алдык. Анткени, азыркы кездеги башталгыч класстын окуучуларынын ата-энелери Кыргызстандын эгемендүүлүктү алган мезгилинде төрөлүп, базар экономикасынын шартында ыңгайланууга аракеттенгендер, маалыматтык технологиялар менен куралдангандар. Күргүштөгөн базар экономикасынын шартында көпчүлүк үй-бүлө турмуштук шарттарга байланыштуу элдик каада-салттарга, улуттук баалуулуктарга анча маани беришпейт, берсе дагы үстүртөн мамиле жасашкандар. Алардын көпчүлүгүнүн үй-бүлөдөгү баланы тарбиялоодогу тажрыйбасын, идентификациялоо катары кароого болбойт. Алар үчүн каада-салттар жана үрп-адаттар, нарк-насилдер маанилүү ролду ойнобой калгандыктан башка улуттардын улуттук баалуулуктары тууралуу толук

кандуу маалыматтары жок. Мына ушуга байланыштуу аларды үй-бүлөдө тарбиялоо үчүн шарттарды түзүү зарылдыгы пайда болду

Изилдөөнүн жүрүшүндө айыл жергесинде жана шаарда жашаган үй-бүлөлөрдө улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо айырмачылык боло тургандыгын аныктай алдык. Айыл жергесинде да маалыматтык технологиянын кеңири колдонула башташы, социалдык тармактарга кошулуунун кеңири мүмкүнчүлүктөрү, эмгекти уюштуруунун жаңы формаларынын киргизилиши тарбиялоого таасирин тийгизүүдө. Айылдагы жашоонун салттуу образы балдарды улуттук баалуулуктарды үй-бүлөлүк салттар менен айкалыштырып тааныштырууга негиз болот. Мектеп окуучулары өз элинин маданияты, каада-салты, баалуулуктары аркылуу өз элинин өкүлдөрү катарында сезишет. Бирок, ошондой болсо дагы балдарды өзүн-өзү идентификациялоосу, улуттук баалуулуктар менен таанышуусу стихиялуу жүрөт. Айыл жеринде балдар үй-бүлөдө моноиденттүүлүккө ээ болушат. Изилдөөнүн жүрүшүндө алар улуттук баалуулуктардын эл турмушундагы маанисин башка улутукунан айырмачылыктарын аныктоого аракет кылбагандыгын көрсөттү. Натыйжада идентификация учурунда салттардын көптөгөн нормалары ишке ашпайт. Бул маданий чөйрөдө стихиялуу социалдашуунун кесепети. Ал эми шаардын жашоо шарттарында стихиялуу социалдашуу көп байкалбайт. Шаардагы көп маданияттуу чөйрө, андагы жашоо шарт, үй бүлөнүн абалы, сөзсүз түрдө окуучунун өзүн идентификациялашына таасирин тийгизет. Анткени, элдин салттуу турмушуна негизделген социалдык чөйрө жок. Окуучуларынын ата-энелеринин көбү шаарда төрөлүп, элдик каада-салттарды массалык коомдук иш-чараларда гана үйрөнгөн жаштар. Үй-бүлөдөгү мындай тажрыйбаны идентификациялоо деп да кароого болбойт. Ал улуттук маданияттын уникалдуу элементтери жөнүндө билимди бербейт. Бул өз кезегинде шаар мектептеринде негизги иденттүүлүк менен байланышкан көйгөйлөрдү жаратат. Мына ушуга байланыштуу шаар жана айыл мектептеринин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен эксперименталдык класстардын ата-энелери үчүн улут

маселеси, улуттук баалуулуктар, улут аралык маданиятка тарбиялоо, балдар менен мамилелешүү жагдайларын камтыган материалдарды колдонуу менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө алынган натыйжалар тарбиялоонун натыйжасына таасир тийгизгендигин белгилей кетмекчибиз.

## 2.3. Башталгыч кластардын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун критерийлери жана ишке ашыруунун модели

Азыркы кезде изилдөөлөрдө улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун теориялык аспектисин аныктаган бир катар түшүнүктөрдүн көп кырдуулугу башталгыч кластардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбия-лоонун өзгөчөлүктөрү анын критерийлерин, көрсөткүчтөрүн жана деңгээ-лин аныктоонун зарылдыгын жаратат. Бул окуучулардын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун арттыруунун башкы шарты болуп саналат.

Критерий (латынча "критерий" – "салыштыруу" дегенди билдирет)- бул белги, анын негизинде предмет же изилденип жаткан кубулуш бааланып, маанилүү жана өлчөөгө мүмкүн болгон натыйжаларды салыштырууда колдонулат. Башталгыч кластардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маңызына, принциптерине таянып, анын деңгээлин атайын көрсөткүчтөрүн критерийлердин жардамы аныктоого болот.

Изилдөөлөрүбүздүн натыйжасына таянуу менен класстан тышкаркы иштердин системасы башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун потенциалына ээ экендигин байкай алдык.

Класстан тышкаркы иштердин тарбиялоочу **потенциалы** – бул башталгыч кластардын окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүнө, билим деңгээлине, дүйнө таанымына ылайык, алгылыктуу форма жана методдорду, каражаттарды пайдаланып, алардын улуттар аралык маданиятка тарбиялануусуна таасир этүү мүмкүнчүлүгүнүн жыйындысы. Башталгыч кластардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун

натыйжалуулугу педагогикалык шарттарга көз каранды боло тургандыгын көрсөттү. Окуучунун улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгы – анын өзүн идентификациялай алышы, адеп-ахлактык сапаттарынын жана башка улуттун балдары менен мамилелешүү маданиятына ээ болушу менен аныкталат.

Мунун баары башталгыч класстын окуучуларынын жаш курагына ылайык өнүгүүсүнүн социалдык абалы, алардын ички дүйнөсү бай экенин, алардын башкалар менен болгон мамилесинде, иш-аракетинде көрүнүп турат деген ойдон кабар берет.

Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо үчүн анын маңызын жана мазмунун гана билбестен, аларды чагылдырган ички психологиялык-педагогикалык компоненттерин билүү керек. Изилдөөнүн жүрүшүндө окумуштуу Н. А. Асипованын [3; 4; 5; 6; 7.] методологиялык жана теориялык концептуалдык жоболоруна, илимий булактарды талдоонун жана аныктоочу этапта алынган натыйжаларга таянуу менен улуттар аралык маданиятына тарбиялоонун структуралык критерийлерининин компоненттерин (когнитивдик, мотивациялык, иш-аракеттик, баалоочу-жыйынтыктоочу), анын көрсөткүчтөрүн аныктай алдык (2.2.1-таблица).

**2.2.1-таблица – Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятынын тарбиялангандыгынын критерийлери жана көрсөткүчтөрү**

| № | Критерийлер | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| 1 | **Когнитивдик** | – Окуучунун өзүнүн улутун идентификациялай алышы;<br>– өз улутун жана анын өзгөчөлүктөрүн, баалуулуктарын билиши;<br>– башка улуттун өзгөчөлүктөр, тарыхы, маданиятын ж.б. маселелер боюнча маалыматынын болушу;<br>– башка улуттардын балдары менен өз ара аракеттенүүдөгү жүрүм-турум эрежелери |

| | | |
|---|---|---|
| | | билиши;.<br>– өлкөдөгү жана өзү жашаган жериндеги улуттар жөнүндө билиши;<br>– башка улуттун балдары менен мамиле түзүүнүн маанисин билиши;<br>– чыр-чатактар жана алардын келип чыгуу себептери жөнүндө билим;<br>– улуттардын укутары тууралуу маалыматынын болушу;<br>– улуттар аралык мамилелешүү катнаш маданиятынын талаптарын түшүнүүсү. |
| 2 | **Мотивациялык-баалуулук** | – Окуучулардын башка улуттун балдары менен баарлашууга мотивациясынины болушу;<br>– улутуна карабастан адамды урматтоого, жалпы адамзаттык баалуулуктарга багыт алуусу, эмпатия;<br>–улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды кабыл алууга умтулуусу жана аларга ылайык иш-аракет кылууга умтулат.<br>–өз улутунун баалуулуктарын баалайт;<br>– башка улуттун тарыхы, маданияты жөнүндө билимдерди өздөштүрүүгө кызыгат;<br>–улуттар аралык мамилелердин моралдык нормаларын жана жүрүм-турум эрежелерин сактоо. |
| 3 | **Иш-аракеттик** | –Башка улуттун балдары менен позитивдүү мамилелешүүгө даярдыгы бар;<br>–көп улуттуу чөйрөдө мамиле түзө билүүнүн жөндөмү, көндүмдөрү бар;<br>–башка улуттун балдары менен биргелешип, ийгиликтүү иштей алат;<br>–башка улуттун өкүлдөрү менен достук мамиледе болуу;<br>–көп улуттуу чөйрөдө жүрүм-турумдун этикалык эрежелерин сактай алат;<br>–этникалык толеранттуулуктун көрүнүштөрүнө ээ;<br>–башка улуттун балдары менен менен мамилелерди өнүктүрө алат;<br>–улуттар аралык чыр-чатактарды жеңүү жөндөмдүүлүгү;<br>–түрдүү улуттагы балдардын ортосундагы өз ара жардамдашуу;<br>–алар менен болгон байланышын кеңейтүүгө, |

| | | |
|---|---|---|
| | | өнүктүрүүгө умтулат. |
| 4 | **Баалоочу-маанилик** | – өз улутунун каада-салтын, маданиятын баалай алышы;<br>–каада салттын маанисин түшүнүшү;<br>–Республикабызда, мектеп жайгашкан аймакта жашаган улуттардын маданиятын, салтын тууралуу баалай алышы;<br>–улутчул уюмдарга терс мамиле кылуу жана алардын аракеттерине катышпоо;<br>–башка улуттагы адамдардын өзгөчөлүгүн баалай алышы;<br>–улуттар аралык мамилелердин моралдык нормаларын жана жүрүм-турум эрежелерин сактоо; |

**Когнитивдик критерий**- башталгыч класстын окуучусунун өзүнүн улуту жана башка улуттар, алардын өзгөчөлүктөрү, улуттук баалуулуктары тууралуу билими, алардын негизинде калыптанган адеп-ахлактык сапаттарынын маңызы жана окуучунун жүрүм-турумуна, мамилелешүү маданиятына таасир тийгизген факторлорду түшүнүшү менен аныкталат.

**Мотивациялык критерий –** башталгыч класстын окуучуларынын улут жана улуттук баалуулуктар боюнча билимин тереңдетүүгө умтулуусунун мотивацияланышы, кызыгуусунун болушу. Улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун мотивациялык компонентин калыптандыруу класстан тыш-каркы тарбиялык иштерде окуучуларда өз мекенине болгон сүйүү жана анын улуттук баалуулуктарына, баатырдык тарыхына, улуттун данктуу уул-кыздарына болгон сыймыктануу сезимдерин суктангандай жагдайларды түзүү аркылуу ишке ашырылат.

**Иш-аракеттик критерий –** башталгыч кластардын окуучуларынын улуттук баалуулуктардын негизинде калыптанган мамилелешүүнүн билгичтиктерине, көндүмдөрүнө, башка улуттун балдары менен биргелешип иштөөнүн, өз ара жардамдашуунун көндүмдөрүнө ээ болушу бааланат.

**Баалоочу-маанилик критерий** – башталгыч кластардын окуучулары-нын өз улутунун жана башка улуттун баалуулуктардын туура баалап, аларга сый мамиле жасап жана достук мамилешүүнүн маанисин түшүнүүсү.

Педагогикалык процессте моделди колдонуу мугалимдин чыгармачылык менен иш алып баруусуна жардам берет. Моделди колдонуу мектептеги тарбиялык иштин абалын объективдүү баалоого, керектүү маалыматты өз убагында топтоого, аны ишке ашырууда кабыл алынган чечимдеринин тууралыгын жана оңдоо мүмкүнчүлүктөрдү өз убагында алдын ала айтууга шарт түзөт. Бирок бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында башталгыч класстын окуучуларын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун алгылыктуу модели жок.

Модель тууралуу илимий адабияттарда ар түрдүү көз караштар бар. В. Г. Афанасьева, Ю. К. Бабанский, В. П. Беспалько, Е. В. Бондаревская, А. Н. Дахин, Т. А. Ильина, В. В. Краевский, Н. В. Кузьмина, В. А. Штофф жана башкалар педагогикалык изилдөөдө моделдештирүүнүн теориялык жана методологиялык негиздерин иштеп чыгышып, педагогикалык процесстин маңызын, мазмунун жана динамикалык мүнөздөмөлөрүн аныктоодо маанилүү боло тургандыгын баса белгилешкен

Моделдөө методу педагогикалык процесстердин өнүгүү динамикасы жөнүндө жаңы билимдерди алууга салым кошот. Жалпы түрүндө моделдөө деп «изилденүүчү кубулуштун компоненттеринин кыйла маанилүү касиеттери жана структуралык байланыштары бириктирилген үлгүнү, схеманы, долбоорду түзүү процесси түшүнүлөт [14].

Илимий категория катары модель – схема, символикалык формалар же формулалар түрүндөгү жасалма жол менен түзүлгөн структура. Ал предметтин элементтеринин ортосундагы структураны, касиеттерди жана маанилүү байланыштарды, мамилелерди жалпыланган түрдө чагылдырат. Модель визуалдык формада туюндурулган гипотеза катары да каралат, мында аны түзүүчүнүн чыгармачылык фантазиясы болууга тийиш [6]. Модель изилденип жаткан объектин ойдо чагылдырылышы жана материалдык жактан ишке ашырылышы, объект жөнүндө жаңы маалыматты алууга жана аны алмаштырууга мүмкүн боло тургандай аналог. Озуп, алдын ала прогноздолгон социалдык-педагогикалык моделдөө теориялык жана

практикалык изилдөөдө, анын ичинде программаларды жана долбоорлорду иштеп чыгууда дайыма эле туура колдонула бербейт. Моделдин жардамы менен изилденүүчү объекттин аналогу болуп процесстин сапаттарынын тизмеси, изилденүүчү элементтерди кайра иретке келтирет, жана инновациялардын натыйжасын алдын ала көрөт.

Модель таанып билүүнүн объектисин алмаштыруу менен белгилүү байланыштарды көбүрөөк аныктоо менен объект жөнүндө жаңы маалыматты алууга, татаал объектини кылдат жана жеткиликтүү ар тараптуу изилдөөгө жардам берет. Бирок, прототиптин жөнөкөйлөштүрүлгөн жана схема түрүндө берилиши болгондуктан, ал анын көптөгөн маанилүү касиеттерин чагылдырбайт, ошондуктан моделдөөдө жана модель менен иштөөдө төмөнкүлөрдү эске алуу керек:

– прототиптин ар түрдүү жагдайын, генезисин, түзүмүн, өнүгүү факторлорун, функцияларын ж.б. ларды чагылдырган бир же бир нече моделдерди колдонуунун мүмкүндүгү. Башкача айтканда, процессти толук мүнөздөгөн өзүнчө бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берүүчү системалык моделдөөнүн зарылдыгынын болушу.

– процесстердин, кубулуштардын жалпы көрүнүшүн алуу үчүн моделдин талдоонун жана колдо болгон натыйжаларынын өз ара байланышы;

– моделди теориялар жана түшүнүктөрдүн, сурамжылоолордун маалыматтардын, жалпыланган тажрыйбалардын жардамы менен алынган тыянактарды корреляциялоого мүмкүнчүлүктөрдүн болушу.

Моделди иштеп чыгууда маанилүү мүнөздөмөлөрдү өткөрүп жибербөө үчүн изилденүүчү процессти же объектти жөнөкөй схемалаш-тырып, анын татаалдыгын жана ар тараптуулугун эске алуу керек. Ошол эле учурда педагогикалык процесстерди моделдөө теориясында модель чыныгы педагогикалык процесстин олуттуураак касиеттерин түшүнүү гана оригиналга адекваттуу жаңы билимдерди алууга мүмкүндүк берет деп жалпы кабыл алынган [8].

В. И. Загвязинскийдин ою боюнча моделдештирүү өзүнө «жок дегенде моделдин эки түрүн түзүү процедурасын камтыйт: объектин, кубулуштун, баштапкы абалы, кубулуш, процесс жана каалаган абал. Моделдердин үчүнчү түрү да бар – өткөөл абалдын модели (баштапкы (актуалдуу) абалдан) - пландаштырылган, талап кылынган өткөөл мезгилиндеги модели [86].

Демек, моделдөөдө эң маанилүү этабы болгон долбоорлоону жана кайра түзүлүп жаткан процесстин же объекттин баштапкы (иш жүзүндөгү) абалынын талап кылынган абалга чейин чагылдырат.

Изилдөөнүн проблемасы менен байланышкан илимий булактарды жана Кыргызстандын мектептеринде топтолгон педагогикалык тажрыйбаларды талдоонун натыйжасы класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун моделин түзүүгө жана практикада колдонууга негиз болду(№1 сүрөт). Биз түзгөн моделдин негизги **максаты:** класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларынын башка улуттагы жолдошторуна позитивдүү мамилесин жана алардын улуттук баалуулуктарына, маданиятына кызыгуусун калыптандыруу.

Моделди түзүүдө төмөндөгү шарттар эске алынды:

– балдардын улуттук өзгөчөлүгү;

– башталгыч класстын улуттук курамы;

– ар улуттагы балдардын мамлекеттик жана улуттар аралык катнаштын тили болгон расмий тилди (орус тили) билиши;

– социалдашуу процессинде балдардын мамилелешүү чөйрөсүн кеңейтүү.

Моделди ишке ашырууда эки жагдайга көңүл бөлүндү. Биринчи, балдар арасында гумандуулуктун принциптерине негизделген жүрүм-турумдун, адеп-ахлактык эрежелерин өздөштүрүүсүнө, айланасындагы адамдар менен болгон мамиледе эмне жакшы же жаман экенин тереңирээк аңдап-түшүнүүсүнө шарт түзүүгө. Экинчи, моделде өзгөчө орунду

балдардын улутуна карабастан теңтуштарына карата эмоционалдык позитивдүү туура мамилени калыптандырууга көңүл бөлүндү.

Ар кандай улуттагы балдардын арасында терс көрүнүштөр жок болгондо гана алар бири-бирине кызыгуусун, боор оорусун, көңүл буруусун жана сезимталдыгын көрсөтүшөт. Мына ушуга байланыштуу балдарга башка улуттун баалуулуктарын сыйлоо сезимин тарбиялоо үчүн шарттарды түзүү улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын деңгээлинин жогорулашына алып келет.

Изилдөөнүн жүрүшүндө иштелип чыккан улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун моделин белгилүү тартипте иреттелген максат, милдет, субъекттер, принциптер, технология, формалар, каражаттар, ыкмалар жана натыйжалардын  өз ара байланышкан жана бүтүндөй бир бүтүндүктү түзүүчү система катары карадык.

**Максаттык блок** – бул класстан тышкаркы иштерде окуучулардын улуттар аралык мданиятка тарбиялоого багытталган максаттардын, милдеттердин тутумунан турат. Моделдин максаты мектеп окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоону көздөдү. Бул максатка жетүү үчүн класстан тышкаркы иштерде маалымат берүүчүлүк милдеттерди аныктадык – окуучулардын өз улуту жана анын улуттук баалуулуктарын, Кыргызстанда жашаган элдердин маданияты, тарыхы жөнүндө; маданиятын өздөштүрүү




**2.1-сүрөт. Башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү маданияты калыптандыруунун модели.**

башка маданияттарга интеграциялоонун ажырагыс шарты катары, дүйнөдөгү маданияттардын көп түрдүүлүгү жөнүндө, ар түрдүү этникалык коомчулуктун өкүлдөрүнүн ортосундагы мамилелерди жөнгө салуунун эрежелери**;** **тарбиялык** – өлкөдө жашаган элдердин этномаданий идеяларынын негизинде окуучулардын баалуулук багыттарын, толеранттуулукту, этникалык өзүн-өзү таануусуна салым кошууну, адамдын башка улуттун каада-салтына, маданиятына позитивдүү мамилени тарбиялоо; **өнүктүрүүчүлүк** ар түрдүү маданияттын өкүлдөрү менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү көндүмдөрүн калыптандыруу жана улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо жергиликтүү материалдарды колдонуу менен окуучулардын гумандуу улуттар аралык катнашуунун духунда тарбиялоо.

**Методологиялык блок** – улуттар аралык мданиятка тарбиялоо ишине инсанга багытталган, аксиологиялык, системалык, иш- аракеттик, этнопедагогикалык ж.б. мамиле кылуунун багыттарын камтып, класстан тышкаркы тарбиялык иштердин таасирин арттыруунун көздөйт. **Аксиологиялык мамиле.** Окумуштуулар тарабынан аксиологиялык мамиленин алкагында улуттар аралык маданиятка тарбиялоону баалуу-луктардын белгилүү системасы катары изилдешкен (А. Айымбетова, А. И. Арнольдова, Е. А. Баллера, Е. О. Крачковской, Е. В. Золотухина-Аболина, А. Г. Здравосмыслова, И. Я. Копылова ж.б. лар). Алар улуттар аралык катнаш пред-метине мүнөздүү болгон улуттук сыймыктануу, патриотизм ж.б.у.с. . конкрет-түү сезимдерди, түшүнүктөрдү терең өнүктүрүү керектигин белгилешкен. Аксиологиялык мамиле жасоо социалдык-маданий феномен катары анын маданий баалуулуктарды сактоо менен адамдардын керектөөлөрүн канааттандыруу мүмкүнчүлүгүн изилдөөгө мүмкүндүк берет. Окумуштуу А. Г. Голевдин пикири боюнча «улуттар аралык мамилелердин мада-ниятынын негизин жалпы адамзаттык баалуулуктарга негиздеген жана элдердин көп кылымдык достугунун процессинде өнүгүп келе жаткан мамилелер түзөт» [63, б. 16]. В. Д. Повзундун ою боюнча аксиологиялык мамиле жасоо баалуу-луктардын социалдык жаратылышын түшүнүүгө

негизделет. Башталгыч класстын окуучуларынын жашоо чөйрөсүндөгү баалуулуктар алардын руха-ний, адептик жана чыгармачыл потенциалынын, жүрүм-турумунун жалпы багытталгандыгынын өнүгүшүнө түрткү болуп, улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо мааниге ээ болот [181].

Кыргыз элинин жана өлкөбүздө жашаган башка улуттардын дагы муундан-муунга өтүп, сакталып келе жаткан санжыралары, тарыхы, адабияты, тили, дини, маданияты, каада-салты ж.б.у.с. . көптөгөн баалуу-луктары бар. Бирок, ааламдашуу доорунда баалуулуктар өзүнүн ордун жоготуп, коом өзгөргөн сайын баалуулуктарга болгон көз караштар өзгөрүп бара жатат. Доор алмашкан сайын улуттук баалуулуктар, каада-салттар, мурастар ыйык сакта-лып, бaрктaлып, өнүктүрүлүшү керек. Улуттук аралык мамилелерде тигил же бул улут өзүнүн адамдык жакшы сапаттарын башка улуттукунан жогору коюп, улуттун жакшы сапаттарын начар деп кемсинтсе бул улутчулук болот. Ал эми улуттун адамдык ар кандай сапаттары өзүнүн табигый жаратылышынын өзгөчөлүгүнө жараша келип чыгат. Ошондуктан улуттар укуктук теңдигин туура түшүнүп, эске бекем тутуп туруп, мамилелешүүлөрү жөндүү болот.

Бүгүнкү күндө өсүп келе жаткан жаш муундардын улуттук баалуу-луктарды өздөштүрүүнүн моделдерин тактоо актуалдуу болуп калды. Аң-сезимдүү баа берүү жөндөмдүүлүгү, айлана-чөйрө менен болгон мамилесин жеке жана коомдук кызыкчылыктардын позициясынан курган адамга гана мүнөздүү. Мында объективдүү улуттук баалуулуктар жөнүндөгү окуучунун билими анын ага болгон мамилеси, билими менен айкалышат. Субъективдүү баа берүү жөндөмдүүлүгү жеке адамдын коомдук кызыкчылыктардын позициясынан курган адамга гана мүнөздүү. Ал эми таанылган баалуулук жүрүм-турумдун көрсөтмө функциясын аткарууга жөндөмдүү. Башталгыч класстын окуучуларынын өздөштүргөн баалуулуктары улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо маанилүү фундамент болуп саналат.

Демек, аксиологиялык мамиле жасоодо улуттук баалуулуктарынын системасын башталгыч класстын окуучуларынын өздөштүрүүсү, анын неги-

зинде жеке өзүнүн баалуулуктарынын жана жүрүм-турумунун калыптанышы тарбия ишинин натыйжасын аныктайт.

**Иш-аракеттик мамиле жасоо**. (В. А. Беликов, А. Н Леонтьев, Г. К. Селевко). Азыркы кездеги дүйнөдөгү ааламдаштыруу жана өлкөдөгү социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында башталгыч класстын окуучуларынын активдүү иш-аракеттердин принциптерин өздөштүрүүсү улуттар аралык мамилелешүү маданиятынын калыптандыруунун негизги факторлорунун бири болуп саналат. Иш-аракеттик мамиле жасоону Н. Н. Назаренко өзүнүн изилдөөлөрүндө, активдүү мамилени бул көрүнүш ар кандай улуттардын өкүлдөрү менен конструктивдүү диалогго инсандын даярдыгы менен мүнөздөлгөн ишмердүүлүктүн жолдорунун бири деп көрсөткөн. Мына ушуга байланыштуу мектепте башталгыч класстын окуучусунун өзгөчөлүктөрүнө ылайык социалдык мааниге ээ болгон билимдерге жана иш-аракеттерге ээ болуусу үчүн жагымдуу шарт түзүү керек. Иш-аракеттик мамиле жасоо башталгыч класстын окуучусунун демилгелүүлүгүн, өз алдынчалыгын, активдүүлүгүн тарбиялоого мүмкүнчүлүк берет.

**Системалык мамиле жасоо** (Н. А. Асипова, К. А. Абульханова-Славская, В. Г. Афанасьев, И. В. Блауберг, Л. С. Выготский, П. Я. Гальперин, С. Л. Рубинштейн, Д. И. Фельдштейн, А. Н. Леонтьев ж.б. лар) тарбиялоонун методдорунун натый-жалуулугун баалоодо колдонулат.

А. Г. Асмолов ж.б. лардын эмгектеринде системалык мамиле жасоодо иш-аракет натыйжага жетишүүгө багытталган система түзүүчү катары каралган. Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процессинин компоненттерин өз ара байланышта болгон система катары карайбыз [28]. Системалык мамиле жасоо башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо методдордун системасын натый-жалуу пайдалануунун сапаттык деңгээлин жогорулатат. Мамиле жасоонун багытына ылайык башталгыч класстын окуучуларынын өнүгүшү, иш-аракеттерге катыштыруу менен жүрүм-турум эрежелерин өнүктүрүүдө системалык мамиленин жасоонун жоболоруна көңүл буруу зарыл.

**Инсанга багытталган мамиле жасоо.** (И. Б. Бекбоев, Е. В. Бондаревская, Э. Ф. Зээр, М. В. Кларин, И. С. Якиманский). Бул башталгыч класстын окуучуларынын инсан катары карап, анын индивидуалдуулугун эске алып, өз ара аракеттенишүүнүн стратегиясын аныктайт. Мамиле жасоонун бул багыты бул инсандын максаттуу багытта өнүгүшү үчүн шарт түзүү (И. С. Якиман-скийдин) иштин системалуулугу, атайын түзүлгөн педагогикалык чөйрөнүн түзүлүшү менен натыйжаны камсыз кылат.

Инсанга багытталган мамиле жасоо башталгыч класстын окуучусунун индивидуалдуулугун, алар менен иштөөнүн жаңы методдорун билүү жана гумандуу мамиле жасоо менен шартталган. Бул окуучунун өзүн инсан катары сезүүсүнө, аң сезимин калыптандырууга жана коомдук мааниге ээ жүрүм турумун тарбиялоого негиз болот.

**Чөйрөлүк мамиле жасоо**. Жалпы эле тарбиялоонун маселелерин чечүүдө социалдык чөйрөнүн факторлорун системалуу талдоосуз элестетүү мүмкүн эмес. Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоого социалдык чөйрөнүн материалдык жана рухий кубулуштары таасирин тийгизет. Социалдык чөйрө – окутуу жана тарбиялоо жүргөн объективдүү шарттардын комплекстүү жыйындысы. Социалдык жана курчап чөйрө инсандын социалдык тип катары калыптанышына таасирин тийгизет [160]. Жаш муундардын инсан катары калыптанышында мектеп, үй-бүлө тарбиялоонун мейкиндиги жана чөйрөсү катары мааниге ээ болот. Мектеп социалдык институт, чөйрө катары окуучуларды улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо экономикалык, социалдык, саясий жана руханий факторлор аркылуу таасир этет. К. Д. Ушинский кенже курактагы мектеп окуучусун тарбиялоодо чөйрөнүн социалдык баалуулук жагдайлары менен аныкталган тарбиялоочу потенциалын эске алуу керектигин белгилеген [218]. А. Г. Асмоловдун ою боюнча, "мектепте бала өзүнүн көп улуттуу жана көп маданияттуу коллективдин бир бөлүгү экендигин түшүнөт. Дал ушул жерде ал башка этностук инсандарды алардын индивидуалдуу өзгөчөлүктөрү, адаттары менен кабыл алууга жана алар менен макул болууга, аларга боор

ооруугa, мaдaнияттaрын сыйлоого жaнa түшүнүүгө үйрөнөт” [28]. Мектепте жaнa үй-бүлөдөгү тaрбиялоо aркылуу өспүрүмдүн өз жaшоо стили түзүлөт.

Чөйрөлүк мaмиле жaсоо мектепте, үй-бүлөдө бaштaлгыч клaсстын окуучусунун улуттaр aрaлык мaдaниятка тaрбиялоо субьект-субьектик, субьект-обьектик кaтнaш негиз болуп сaнaлaт. Чөйрө мaмиле жaсоо улуттaр aрaлык мaмилелешүү мaдaниятын тaрбиялоонун диaгностикaлык процедурaлaрын иштеп чыгуугa, ишке aшыруугa жaнa тaaсир клaсстaн тышкaркы иш-aрaкеттерди уюштуруугa мүмкүндүк берет. Чөйрөлүк мaмилеге кaйрылуу улуттaр aрaлык мaдaниятка тaрбиялоонун мaксaттaрын, милдеттерин жaнa aлaргa жетүү жолдору aныктaп, процесстин системaлуулугун кaмсыздaй aлaт. Бaштaлгыч клaсстын окуучулaрынын улуттaр aрaлык мaмилелешүү мaдaниятын тaрбиялоодо клaсстaн тышкaркы иштерди уюштурууда чөйрөлүк мaмиле жaсоо теориясынa, социaлдык чөйрөнүн өзгөчөлүктөрүн туурa пaйдaлaнуу тaрбиялоого оң тaaсирин тийгизет.

**Этнопедагогикалык мамиле жасоо.** Азыркы шарттарда дүйнөдөгү ааламдаштыруу процестери элдик педагогиканы изилдөө проблемаларын актуалдаштырууда. Мына ушуга байланыштуу бүгүнкү күндө улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын байланышына, методологиялык принциптерге негизделген улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун этнопедагогикалык мамиле кылуунун ишке ашыруунун концепциясы иштелип чыккан.

Кыргыз элинин педагогикалык ойлорунун өнүгүүсүнүн тарыхый жолу улуттар арасындагы ынтымак, достук маселеси негизги темалардан болгон. Бул багыттагы асыл ойлорду элибиздин ооз эки чыгармаларынан, ойчулдарынын, акындарыбыздын чыгармаларынан таба алабыз.

Жаш муундарга элдик педагогиканын негизинде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун мааниси жөнүндө Г. Н. Волков, Я. А. Коменский, А. С. Макаренко, И. Г. Песталлоци, В. А. Сухомлинский, К. Д. Ушинский, Я. И. Ханбиков жана башкалар балдарга улуттук жана улуттар аралык

маданиятка тарбиялоонун мааниси жөнүндө баалуу ойлорду айтышып, аларды элдик маданият менен тааныштыруунун, улуттук мүнөздү тарбиялоонун жалпы илимий-педагогикалык негиздерин түзгөн.

Кыргызстандын педагог-окумуштуулары (Н. А. Асипова, А. Алимбеков, А. Э. Измайлов, А. Т. Калдыбаева, Т. В. Панкова ж.б. лар) элдик каада-салт-тардын маанисин мүнөздөп, прогрессивдүү элдик салттарды кайра жаратуу жана өнүктүрүү жолдорун белгилешип, алардын өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоодогу ролун аныкташкан.

Башталгыч класстын окуучуларынын курак жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен элдик педагогиканын бай тажрыйбаларын жана каражаттарынын класстан тышкаркы иштерде пайдалануу алардын инсандык сапаттарынын калыптануусуна өзүнүн оң таасирин тийгизет.

Этнопедагогикалык мамиле жасоо улуттун баалуулуктарына негизделген улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун стратегиясын жана тактикасын аныктоо үчүн негиз болуп саналат. Бул улуттун реалдуу руханий баалуулуктары, социалдык-маданий тажрыйбасы менен байланыштырууга мүмкүндүк берет. Класстан тышкаркы тарбиялык иштердин жүрүшүндө улуттук баалуулуктарды, элдик каада-салттарды жана үрп-адатты тарбиялоонун методдору, каражаттары жана формалары класстан тышкаркы иштерде кеңири колдонууну камсыз кылат.

Этнопедагогикалык компоненттин негизинде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун максаты – окуучунун билимдерин, билгичтик-терин, өз ара түшүнүшүүнүн көндүмдөрүн калыптандыруу жана улуттар аралык толук кандуу байланышты камсыз кылуу. Бул максатка ылайык төмөнкү милдеттер келип чыгат: 1) башталгыч класстын окуучуларына улут, улуттар аралык мамилелешүү маданияты жөнүндө түшүктөрүн калыптандыруу; 2) башталгыч класстын окуучуларынын башка улуттардын өкүлдөрү менен мамилелешүү процессинде иш-аракеттердин, жүрүм-турумдун баалуулуктарынын жана жогорку моралдык мотивациясынын

негизинде мамилелешүү маданиятын калыптандырунун оң тажрыйбасын уюштуруу

**Көп маданияттык мамиле жасоо.** Окумуштуулар Н. А. Асипова, А. Г. Асмолов, Б. Библер, В. П. Зинченко, А. Леонтьев В. И. Слободчиков жана башкалар маданий көп түрдүүлүктүн өсүшүнө жана сакталышына, плюрализмге, тең укуктуу жана өз ара байытуучу маданияттар аралык өз ара аракеттенүүгө багытталган диалогдук ыкманы колдонушат. Көп маданияттык мамиле жасоо окуучуну улуттук жана жалпы адамзаттык маданият менен таанышуусунда мааниге ээ болуп, анын инсанынын социалдык өнүгүүсүнүн ар кандай аспектилери калыптанат. Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо анын дүйнөнүн көп маданияттуу мейкиндиги менен ийгиликтүү өз ара аракеттенүүсүнүн зарыл шарты болуп саналат. Тарбиялоону маданияттын эң маанилүү курамдык бөлүгү жана аны өткөрүүнүн негизги каналы катары карайт. Көп маданияттык мамиле жасоо окуучулардын билгичтиктерин жана жөндөмдөрүн калыптандыруунун каражаты гана эмес, жогорку максатка жетүү жолун да көрүүгө негиз болот.

Демек, окумуштуулардын пикири боюнча көп маданияттык мамиле жасоо эзелтеден келе жаткан улуттун баалуулуктарын сактоонун, урматтоонун жана барктоонун, аларды өзүнүн жашоонун мыйзамына айландыруунун, аларды кийинки урпактарага жеткирүүнүн шарты.

В. И. Беляевдин пикири боюнча бул көйгөйдү изилдөө үчүн адекваттуу методдорду технологиялык негиздөөдө тарыхый-педагогикалык изилдөөлөрдөгү маанилүүлөрдүн бири болгон культурологиялык мамиле жасоо негиз болуп саналат [46; 9-25-бб.]. Жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылык-туулугуна негизделген бул ыкманы колдонуу изилденүүчү кубулуштарды тарыхтый ретроспективада кароого жол ачып, алардын азыркы жана келечеги менен байланышын аныктоого жардам берип, изилдөөнүн прогноздоочу функциясын ишке ашырат. Изилдөөчүнүн айтымында, культурологиялык мамиле аксиологиялык менен ажырагыс байланышта болот. Анткени «аксиология үчүн маданият баалуулуктарды

издөө, түзүү жана алуу процесси жана ошол эле учурда алардын жыйындысы. Билим берүүнүн да, тарбиялоонун да максаттарында жана милдеттеринде топтолгон идеалдар жана баалуулуктар педагогикалык кубулуштарды кароодо борбордук звено болуп саналат.

**Диалогдук мамиле жасоо.** Маданият – бул адам жашоосунун руханий кубулушу, инсанды аныктоонун жолу. Маданиятты эки маданияттын өкүлдөрүнүн ортосунда диалог болгон кырдаалда гана байкай алабыз. Алардын бири-бири менен кандай мамиледе экенин жана алардын ортосундагы сабырдуулук канча пайыз экенин талдай алабыз. Бул концепция маданияттардын диалогу деп аталат. Окмуштуу Н. А. Асипова маданияттар ортосундагы диалогду калыптандырууну эл аралык мамилелерди калыптандыруунун теориялык негизи боло тургандыгын баса белгилеген [25].

В. С. Библер жазгандай маданият өзүнчө өзүнө мүнөздүү өзүн-өзү көрсөтүүдө пафос катары көрүнөт. Анын пикири боюнча мектеп жаш муундарды маданият чөйрөсүнө киргизүү жана аны өзүн ишке ашырууга үйрөтүү үчүн түзүлгөн коомдук институт. Демек, маданият түшүнүгү окутууну бир нече этаптарды камтыйт [43]. Башка улуттардын маданияты, улуттук баалуулуктары менен тааныштырууда башталгыч класстын окуучуларын диалогду түшүнүүгө үйрөтүү маанилүү болуп саналат. Анткени башталгыч мектеп курагы маданий тажрыйба алмашуу, материалды өздөштүрүү деңгээли, өздөштүрүү даражасы үчүн терендигине жооп берген курак. Мына ушуга байланыштуу башталгыч класстын окуучуларынын окуучулардын маданият аралык даярдыгын калыптандыруу зарыл. Алардын маданияттар аралык диалогго даярдыгын калыптандыруу төмөнкү натыйжаларды камтыйт:

– ата-энесининин, өзүнүн улутун, ата мекенин, эне тилин жашаган жерин аныктай алышы;

– өзүнүн улутунун улуттук баалуулуктары (каада-салттары, үрп-адаттары, улуттук оюндары, фольклору ж.б. лар) тууралуу түшүнүктөрүнүн болушу;

– улуттун маданияты жөнүндө элементардык маалыматка ээ болуусу;

– жашаган жеринде башка улуттун өкүлдөрү, окуган мектебинде алардын балдары жөнүндө маалыматынын жана пикирлерининин болушу;

– башка улуттун улуттук баалуулуктары тууралуу маалыматынын жана аларды өз улутунун баалуулуктары менен салыштырып айырмалай алышы, баалай билиши жана кызыгуусунун болушу;

– башка улуттун өкүлдөрүнүн балдары менен мамилелешүү үчүн билимдерди, көндүмдөрдү өздөштүрүүсү, мамилелешүүгө умтулуусу.

Башталгыч класстын окуучуларынын диалогго даярдыгы тарбиялоо процессинде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун натыйжасы болуп саналат.

Демек, мамиле жасоонун багыттары башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү маданиятын уюштурууга жана анын натыйжалуулугун камсыз кылган педагогикалык шарттарды аныктоого жардам берип, колдонулган методдордун натыйжалуулугун баалоого негиз болду.

**Мазмундук блок –** бул педагогикалык шарттар менен аныкталып, класстан тышкаркы иштерде окуучулардын улуттар аралык маданиятка тарбиялоого багытталган өз элинин, башка улуттардын баалуулуктары тууралуу билимдердин системасын камтыйт.

**Иш-аракеттик блок –** башталгыч класстын окуучусунун улут аралык маданиятка тарбиялангандыгын диагноздоодон, прогноздоодон жана тарбиялоо үчүн колдонулган класстан тышкаркы иштердин алгылыктуу системасын чагылдырат.

**Баалоочу-жыйынтыктоочу блок–** окуучулардын улут аралык маданиятка тарбиялангандыгынын когнитивдик, мотивациялык, иш-аракеттик, баалуулук-маанилик критерийлери жана алардын деңгээлинен турат

**Натыйжалык блок–** башталгыч класстын окуучусунун улут аралык маданиятка тарбиялангандыгын көрсөтөт.

Мына ушул аныкталган теориялык модель Ош областына караштуу Ъзгън шаарындагы №7 мектеп-гимназиясы, Кара-Суу районундагы №11 Ж. Атабаев атындагы орто мектеби, Ош шаарындагы «Жетиген» мектеп-лицейи, №18 А. Навои атындагы мектеп-гимназиялар өткөрүлгөн педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө колдонулду. Теориялык моделдин негизинде эксперименталдык класстын окуучулары менен өткөрүлгөн класстан тышкаркы тарбиялык иштер алардын өз улуту, өз элинин жана башка улуттардын маданияты, каада-салттары, баалуулуктары ж.б.у.с. бир кыйла кеңири түшүнүктөргө ээ болгондуктарын аныктай алдык. Ал эми текшерүүчү класстын окуучулары учкай түшүнүктөрү гана болгондугун көрсөттү.

Демек, башталгыч класстын окуучусунун улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо моделдештирүү методун колдонуу обьективдүү, пландуу, максаттуу педагогикалык процессти уюштурууга мааниге ээ болот. Теориялык модель окуучулардын улуттар аралык мамилелеринин маданиятын калыптандырууга көмөктөшөт.

## Экинчи бап боюнча тыянак

Улуттар аралык маданиятка тарбиялоонунун маселесин изилдөөдө өз кезегинде проблеманын методологиялык жактан негизделиши келечектеги "Кыргыз жаранынын" кандай сапаттары калыптанышы керек деген маселени түшүнүүгө мүмкүндүк бере турган концептуалдык багыттагы жаңы ыкмаларды иштеп чыгууга жардам берет.

Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо маселесин методологиясы изилдөөнүн теориялык негизин, методдорунун комплексин, тарбиялоону ишке ашыруунун теориялык моделин аныктоого жана аларды педагогикалык практикада ишке ашырууга жардам берет. Бир методдун жардамы менен алынган материалды экинчи методдун материалдары толуктап педагогикалык процесстин маңызын түшүнүүгө, аны өркүндөтүүгө таасирин тийгизет. Методдодун комплекси башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка

тарбиялангандыгынын критерийлерин жана көрсөткүчтөрүн аныктоого жардам берет.

Педагогикалык шарт - бул белгилүү натыйжаны алуу максатын көздөп, бул улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде окуучулардын көп маданияттуу аң-сезимин, ой жүгүртүүсүн жана жүрүм-турумун тарбиялоого багытталат. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо класстан тышкаркы иштердин этнопедагогикалык багыттуулугун арттыруу, класстаны тышкаркы ищтердин ийкемдүү форма жана методдорун колдонуу, мугалимдердин, ата-энелердин улуттар аралык мамилелешүү тууралуу түшүнүктөрүн тереңдетүү, аларды тарбиялык иштерге тартуу тарбиялык иштердин натыйжалуулугун арттырат.

Педагогикалык процессти максаттуу уюштурууда моделдештирүү методун колдонуу мааниге ээ болот. Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун моделинин методологиялык өзөгүн культурологиялык, этнопедагогикалык, диалогдук, инсанга багытталган жана башка мамиле кылуунун багыттары, аларга ылайык гуманизм, улуттуулук, толеранттуулук принциптеринен турган, тарбиялоонун бүткүл структурасын жөнөкөйлөтүлгөн жана долбоорлонгон объект болуп саналат. Аныкталган теориялык модель максаттык, методологиялык, мазмундук, иш-аракеттик жана баалоочу-жыйынтыктоочу блоктордон турган теориялык модель окуучулардын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун натыйжалуулугун арттырууда мааниге ээ болот.

# ҮЧҮНЧҮ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН УЛУТТАР АРАЛЫК МАДАНИЯТКА ТАРБИЯЛОО БОЮНЧА ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТ

## 3. 1. Констатациялык эксперименттин уюштурулушу

Класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоого педагогикалык шарттардын

тийгизген таасирин аныктоо үчүн 2019-2023-окуу жылдары педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү. Педагогикалык эксперименттин базасы катары Ош областына караштуу Өзгөн шаарындагы №7 мектеп-гимназиясы, Кара-Суу районундагы №11 Ж. Атабаев атындагы орто мектеби, Ош шаарындагы «Жетиген» мектеп-лицейи, №18 А. Навои атындагы мектеп-гимназиялары тандалып алынып, текшерүүчү (Т. Т. – 283 окуучу) жана эксперименалдык топтор (Э. Т. – 281 окуучу) түзүлдү. Педагогикалык эксперимент үч этапта жүргүзүлдү.

Педагогикалык эксперименттин максаты – башталгыч класстын окуучу-ларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоого педагогикалык шарттардын таасирин аныктоо.

Педагогикалык эксперименттин объектиси – башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процесси.

Педагогикалык эксперименттин предмети – башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоого педагогикалык шарттардын таасиринин натыйжалуулугун аныктоо.

Изилдөөнүн максатына, обьектисине жана предметине ылайык педагогикалык экспериментте төмөндөгү милдеттерди койдук;

– башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгын аныктоонун инструментарийлерин аныктоо;

– класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбияланышына педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун аныктоо;

– аныктоочу жана калыптандыруучу эксперименттердин жүрүшүндө алынган натыйжаларды салыштырып талдоо.

Аныктоочу экспериментте (2019-2020-жылдар) башталгыч класстын окуучуларын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын төмөндөгүдөй жыйынтыктоочу критерийлери жана деңгээли аныкталды:

– когнитивдик;

– мотивациялык;

– иш-аракеттик;

– баалоочу.

Калыптандыруучу этапта (2020-2022-жылдар) башталгыч класстын окуу-чуларын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоо үчүн педагогикалык шарттарды ишке ашырылды.

Жыйынтыктоочу этап (2022-2023-жылдар) башталгыч класстын окуучу-ларын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун натыйжаларын бааланып, тарбияланандыгынын деңгээлин талданды.

Аныктоочу этапта изилдөөнүн проблемасына байланыштуу илимий жана илимий-методикалык адабияттарды, Кыргыз Республикасынын орто мектептеринде топтолгон бай тажрыйбаларды үйрөнүп, каралып жаткан жаткан көйгөйдүн теориядагы жана практикадагы абалына, ошондой эле башталгыч кластардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын критерийлерин, көрсөткүчтөрүн жана анын деңгээлдерин аныктадык. Ошондой эле, башталгыч класстарда улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун эффективдүүлүгүн баалоо максатында туруктуу эксперттик топ түзүлүп, ал жети кишиден турган. Бул ишке мектептин окуу-тарбия боюнча иштеринин уюштуруучулары, мугалимдер, мектеп психологдору, дене тарбия, музыка, көркөм искусство ата-энелердин өкүлдөрү кирген. Алар башталгыч класстын бүтүрүүчүлөрүнүн инсандык сапаттарынын, улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгын эксперттик баалоого катышты. Эксперттик баа берүүдө аңгемелешүүлөр, байкоо жүргүзүү, анкета алуу, бүтпөгөн сүйлөм ж.б. ыкмалар колдонулду. Бул алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгүн жана негиздүүлүгүн камсыз кылды.

Изилдөөнүн аныктоочу этабында башталгыч класстын окуучуларынын улут, улуттук маданият, каада-салт ж.б.у.с. . маселелер боюнча билиминин, билгичтигинин, көндүмдөрүн, өз улутунун жана башка улуттун өкүлдөрүнө, тарыхына, адабиятына, илимине, маданиятына болгон кызыгуусунун,

мамилесинин, баалуулук системаларынын көрсөткүчтөрүнүн негизинде улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын критерийлеринин үч деңгээлин аныктай алдык. Алар: жогорку, орточо жана төмөнкү (3.1.-таблица). Бул максатта изилдөөнүнү методдорунун комплексин колдондук.

**3.1-таблица – Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятынын калыптанышынын деңгээлдери**

| № | Деңгээлдер / Крите-рийлер | Көрсөткүчтөр | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жогорку** | **Орто** | **Төмөн** |
| 1 | **Когнитивдик** | өзулутун, анын өзгөчөлүктөрүн андап билет, баа-луулуктарына багытталган кы-зыгуусу туруктуу, позитивдүү көз караштар жана ишенимдери бар. Улуттук-маданий компоненттин (улуттук тил, тарых, искусство, фольк-лор, дин ж.б.) арала-шуусуна негизделген жалпы адам-заттык баалуулук-тарды кабыл | Башка улуттун адамдар менен баарлашууда жү-рүм-турумдун этикалык жана укуктук норма-ларын сактап, көп улуттуу чөйрөдө мамилелерди өнүктүрүү-гө умтулат. Башка элдердин тарыхы, маданияты, илими жөнүндө билим-дерди өздөштүрүүнүн тандалма кызыгуусу. Коом-дун социалдык- | Улуттук мада-ният, өз элинин тарыхы, алардын каада-салттары, үрп-адаттары жөнүндө мини-мум билимдин жоктугу же эң аздыгы жана аларды сыйла-башы; улуттун идентификация лай албайт. Башка элдердин маданиятын четке кагат, кабыл албайт. Башка элдердин тарыхына жана маданиятына |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | алуу. | маданий нормаларын жана талаптарын кабыл алууда жана аткарууда тандоо-чулук. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды билүү, аларга ылайык иш-аракет кылууга умтулат. | кызыгуунун жок-тугу. Өз улутун "ашыкча баалуу-лук" даражасына көтөргөн баалуулуктар системасы бар. |
| 2 | **Мотивациялык** | Башка улуттун маданиятты түшү-нүү менен кабыл алат; башка улуттардын өкүлдөрүнө тынчтык достук мамилесин өнүк-түрүүгө умтулат, башка улуттардын өкүлдөрүнүн тары-хын урматтайт Башка элдердин тарыхына, адабия-тына, маданиятына кызыгат. | Башка улуттун маданиятын, каада-салтын түшүнүү жана кабыл алуу; ар кандай улуттардын өкүлдөрү менен тынчтык, достук мамиледе, бирок дагы эле кээ бир элдерге карата терс корунуш, алар менен карым-катнаш-ты каалабайт. | Башка улуттун маданиятына, салтына текебердик менен мамиле жасайт. Башка улуттун өкүлдө-рүн толук кайдыгерлик менен мамиле кылат |
| 3 | **Иш-аракеттик** | Башка улуттун балдары менен менен мамилелерди | Башка улуттун балдары менен болгон кайдыгер | Башка улуттун адреси, балдарын |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | өнүктүрүп, жүрүм-турумдун этикалык эрежелерин сактайт, көп улуттуу чөйрө менен өз ара аракеттенүү көндүмдөрү бар | мами-ле жасайт, маданий салттарды үйрөнүүгө анча деле көңүл бөлбөйт | кемсинтет, алардын таламдары колдобойт. Башка улуттун өкүлдөрүнө көңүл бурбай, “мен буларды жактырам, бирок мен аларды «жактырбайм” деген формула менен иш алып барышат. |
| 4 | **Баалоочу-маанилик компонент** | Өз улутунун каада салтын, мадниятын маани-син туура түшү-нүп, колдоно алат; Башка улуттун каада салтын туура түшүнүп, баалап, сый мамиле жасайт; | Өз улутунун каада салтын, мадниятын маанисин толук түшүнө бербейт, анча деле маани бербейт; Башка улуттун каада салтын толук түшүнбөйт, баалай албайт, | Өз улутунун каада салтын, маданиятынын маанисин түшүнбөйт, маани бербейт; Башка улуттун каада салтына түшүнбөйт, баалабайт, көңүл да бөлбөйт. |

**Жогорку деңгээл:** башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын мотивдеринин, максаттарынын, каада-салттар боюнча билиминин, билгичтиктигинин жана көндүмдөрүнүн болушу менен мүнөздөлөт. Башка улуттун баалуулуктары жөнүндө билүүгө умтулат. Улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын жогорку деңгээли бар окуучулар өзүнүн улутунун, башка улуттардын жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды (боорукердик, сулуулук, эмгекчилдик, чынчылдык, патриоттуулук, гуманизм ж.б.) өздөштүрүүгө умтулуусу туруктуу, позитивдүү көз караштары бар. Окуучулар башка улуттун

тарыхына, маданиятына, каада салтына, руханий баалуулуктарына болгон кызыгып, алардын маданиятына, тарыхына сый-урмат менен мамиле жасап, балдары менен дайыма достук мамиледе болушат. Алар улутуна карабастан бардык ар дайым жардам берүүгө даяр. Изилдөөнүн алгачкы этабында бул деңгээлдеги окуучулар 10-11%ды түзгөн.

**Орточо деңгээл**деги башталгыч кластардын окуучулары улуттук баалуулуктун негиздери жана эрежелери жөнүндө түшүнүктөрү бар, баалуулуктардын жалпы кабыл алынган системасын сактоого аракеттенишет, бирок аны ар дайым эле сакташпайт. Бул деңгээлдеги окуучулар мектептеги иш-чараларга дайыма катышууга кызыгышпайт, өзүн-өзү идентификациялай алышат, башка улуттун маданиятына кызыгуусу тандалма мүнөздө болуп астейдил мамиледе болушат. Бөтөн улуттун балдары менен мамилеси достук мүнөздө, бирок айрым бир улуттун өкүлдөрүнө карата кастык сезимдери, жек көрүүсү сезилип, карым-катыш түзүүнү каалабай тургандыгы, мамилелешүүдө кайдыгер жүрүм-туруму байкалып турат. Өздөрүнүн иш-аракетин алар дайыма эле рефлексиялай алышпайт. Алар өз алдынча ар дайым ой жүгүртүп, дайыма өзүн өзү баалашпайт. Алардын кызыгууларын, мүмкүнчүлүктөрүн, керектөөлөрүн баалоосу начар өнүккөн. Биздин изилдөөбүздүн алгачкы этабында бул топтогу окуучулар 31-34%ды түзгөн.

**Төмөнкү деңгээл**: башталгыч кластардын окуучуларынын өз улуту жана анын баалуулуктары тууралуу түшүнүгү начар анын маанисин такыр эле баалай алышпайт. Бул топко кирген окуучуларды экиге бөлдүк. Биринчиси башка улуттардын баалуулуктарына карата туура эмес түшүнүктөрүнө байланыштуу. Бул багытта билими, билгичтиктери, көндүмөрү жетишсиз. Окуучулардын фрагментардык билимдеринин болушу, улуттук баалулуктарды өздөштүрүүсүнө жардам бербейт. Бул маселе боюнча маалымат издебейт. Бул топ изилдөөбүздүн алгачкы этабында башталгыч класстын окуучуларынын 56-58%ын түзгөн.

Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданияткан тарбия-лангандыгынын деңгээлинин мазмундук критериалдык мүнөздөмөсү

бул процесстин динамикасын, туруктуу интегративдик сапаттарынын тарбиялангандыгын аныктоого мүмкүндүк берген системасы. Өз кезегинде, башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын критерийлери процесстин сапаттык же сандык мүнөздөп жана анын натыйжалуулугун системалуу түрдө баалоого мүмкүндүк берет.

Изилдөөнүн жүрүшүндө башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын деңгээлинин мазмундук мүнөздөмөсү катары когнитивдик критерийди карадык. Анын критерийи катары башталгыч класстын окуучуларынын тилди, туулган жеринин тарыхы, өз элинин жана башка элдин маданияты, улуттук баалуулуктары ж.б. маселелер боюнча билимин алдык. Башталгыч класстын окуучуларынын көп маданиятка тарбиялангандыгынын когнитивдик компонентинин калыптануу деңгээлин изилдөөдө салттуу түрдө М. Кун, Т. Мак-Партленддин «Мен киммин?» аныктоо үчүн тестин. толеранттуулуктун деңгээли "Сен толеранттуулук көрсөтөсүңбү", Никитина Н. Н., Ясницкая В. Р., Евлешинанын Н. А., "Көп маданияттуулуктагы сабырдуулук жана иденттүүлүк" анкетасы, В. Д. Шурдун инсандык өзүн-өзү баалоо методу "Лесенка" методдорун изилдөөнүн максатына ылайыктап иштеп чыгып пайдаландык. Мындан тышкары, башталгыч класстын окуучулар менен аңгелешүүлөр, байкоо жүргүзүү бир катар суроолор окуучуларынын башка улуттун өкүлдөрүнө карата мамилесин баалоого мүмкүндүк берди.

Изилдөөнүн жүрүшүндө башталгыч класстын окуучулары өзүнүн жана ата-энесинин улутун, жашаган чөйрөсүндөгү кандай улуттун өкүлдөрү жашай тургандыктарын аныктадык. Бардык окуучулар өзүнүн жана ата-энесинин улутун, ошл чөйрөдө жашаган өзбектер, орустар казак улуттарын атай алышкан. Окуучулардын 90%га жакыны башка улуттун маданияты жөнүндө дээрлик толук маалыматы жок.

Биз алынган башталгыч класстын окуучуларынын өз элинин жана башка улуттун каада-салттарды, маданий жана тарыхый мурасы,

маданияттары (фольклору, музыкасы, көркөм өнөрү, колдонмо декоративдик искуствосу ж.б.) тууралуу билимин текшердик. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган материалдардын талдоонун негизинде окуучулардын жоопторунун мазмуну бардык балдар өз элинин каада-салттарды, маданий жана тарыхый мурасы, башка элдердин каада-салттары жана маданияттары жөнүндө билимдериин олуттуу жетишсиз экендигин байкай алдык. Эксперименталдык топто өзүн улутун жакшы билгендер 17%ды, жалпы жонунан билгендер 29%ды, толук билбегендер 54% болсо, текшерүүчү топто бул көрсөткүч 18%, 31%. 51% болгон.

Окуучулардын көпчүлүгү өз элини маданияты (фольклору, музыкасы, көркөм өнөрү, колдонмо декоративдик искуствосу ж.б.) тууралуу жеткиликтүү маалыматка ээ эмес экендигин аныктай алдык. Текшерүүчү топтун окуучуларынын 12%ы, эксперименталдык топ-тун окуучуларынын 15% толук, текшерүүчү топтун 62%ы, эксперименталдык топтун 65%ы үстүртөн билишсе, калгандары билишпейт. Ал эми башка улуттун каада салттары, маданияты тууралуу текшерүүчү топтун окуучуларынын 61%ы, эксперименталдык топтун 64%ы башка элдин чыгармалары жөнүндө эч нерсе айта алышпаса, текшерүүчү топтун 33%, эксперименталдык топтун 28%ы жалпы жонунан бирин-экин мисал келтиришсе, текшерүүчү топтун 6%, эксперименталдык топтун 9% жакшы билишет.

Изилдөөнүн жүрүшүндө башталгыч класстын окуучуларынын өз элинин жана башка улуттун улуттук майрамдары тууралу билимин текшер-дик. Аларга “Өз улутуңдун жана башка улуттун кандай майрамдарын билесиңер?» деген суроо берип, аларга ар кайсы улуттун майрамдарынын жүрүшүнөн тартылган фотосүрөттөрдү көрсөтүү менен кайсыл элдин майрамы экендигин сурап, алардын жоопторун талдадык. Окуучулардын көпчүлүгү 1-2 эле майрамды айтып беришкен. Мисалы Орозо Айт, Курбан айт, Пасха, Рождество.

Аныктоочу этапта башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын мотивациялык компонентинин

деңгээлин, баарлашууга болгон мотивациясын аныктай алдык. Текшерүүчү топтун 65%, эксперименталдык топтун 63% ы оң мотивацияда болушуп, өз улутунун жана башка улуттун баалуулуктарын, маданиятын үйрөнүүнү каалашат.

Текшерүүчү топтун 25%ы, жана эксперименталдык топтун 38%ы керек болгон учурда таанышып алабыз деп айтышса, эки топтогу калган окуучулар каалашпайт. Мыдай көрүнүштүн себебин текшерүүчү топтун 65%, эксперименталдык топтун 65%ы буга чейин бул маселеге анча деле көңүл бөлүшпөгөндүгүн белгилешкен. Окуучулар «Өз улутуңдун жана башка улуттун маданияты тууралуу маалыматтарды кайдан алдыңар?» деген суроого төмөндөгүдөй жооп беришкен Бул тууралуу сабактарда текшерүүчү топтун 70%, эксперименталдык топтун 80%ы, текшерүүчү топтун 20%ы, эксперименталдык топтун 10%ы ММК, текшерүүчү топтун 10%ы эксперименталдык топтун 10%ы, ата-энелеринен алышкандыктарын белгилешкен.

Изилдөөнүн жүрүшүндө окуучуларга мындай суроо берилген: “Башка улуттун өкүлдөрү менен мамиле түзүүнүн кандай мааниси бар?”. Бул суроого текшерүүчү топтун окуучуларынын 34%ы, ал эми эксперименталдык топтун 33%ы бөлөк улуттун өкүлдөрү менен мамиле түзүп, түшүнүшүп, жанаша жашоо ошол улуттун каада-салттары, маданияты менен таанышууга мүмкүндүк түзөт деп эсептешет. Ал эми, ошол эле учурда текшерүүчү топтун 59%ы, эксперименталдык топтун 60% толеранттуу мамилелешүүгө мүмкүндүк берет деп көрсөтүшкөн. Аныктоочу этапта мотивациялык компонентиин төмөнкү деңгээл текшерүүчү топто 24%, орточо 61%, жогорку 14% болсо, бул көрсөткүч эксперименталдык топто 4%, 74% жана 12%ды түзгөн. Достук маселеси боюнча окуучулардын пикирлери кескин түрдө экиге бөлүндү: 20% достошуудан кескин баш тартышты, 20% алардын жообунан күмөн санашат, 60% башка улуттагы адам менен дос болгусу келет. Сурамжылоого катышкандардын көбү адамдын кайсы улутка таандык экенин билүү маанилүү деп табышты.

Изилдөөнүн жүрүшүндө башталгыч класстын окуучуларынын эмоционалдык баалуулук компонентинин тарбиялангандыгын, өз улутунун жана башка улутка мамилесин деңгээлин карадык. Аларга «Өз улутуң жана эмне менен сыймыктана аласың?» суроо берилген. Алар төмөндөгүдөй жооп беришкен. Текшерүүчү топтун 64%ы эксперименталдык топтун 74%ы өзүнүн улуту, Ата мекени, Кичи мекени менен сыймыктана тургандыктарын белгилешсе, калган текшерүүчү топтун 36%ы, эксперименталдык топтун 26%ы жай баракат мамиледе. Бирок, эки топтун окуучулары ушул маселе туура терс мамилесин билдиришкен эмес. Текшерүүчү топтун 34%ы, эксперименталдык топтун 47%ы өз элинине таандык баалуулуктар менен сыймыктана турганын белгилешсе, калгандары эч кандай сезимин билдире албаган. Текшерүүчү топтун 45%ы, эксперименталдык топтун 47%ы башка улуттун өкүлдөрүнө достук, сый-урмат мамиле жасоону баалашса, калгандары кайдыгер маанайда болушкан. Бул компонент текшерүүчү топто төмөнкү деңгээл 28%, орто 45%, жогорку 27%, болсо, эксперименталдык топто ага ылайык 14%, 38%, 48% ды түзгөн.

Иш-аракеттик компонент башталгыч класстын окуучуларынын башка улуттун өкүлдөрүнө, маданиятына, улуттук баалуулуктарына сый-урмат, толеранттуу менен мамиле жасагандыгы менен мүнөздөлөт. Окуучуларга «Башка улуттун өкүлдөрү менен кандай жашоо керек?» суроо берилген. Текшерүүчү топтун 69%, эксперименталдык топтун 60% ар түрдүү улуттун өкүлдөрү менен достукта, ынтымакта жашоо керек деп эсептешсе, текшерүүчү топтун 31%ы, эксперименталдык топтун 40%ы бардык эле улут мындай мамиледе боло албайт деп эсептешет. Текшерүүчү топтун 45%ы, эксперименталдык топтун 40%ы башка улуттун өкүлдөрүнө дайыма сый мамиле жасоо керек дешсе, калгандарына баары бир. Окуучулар башка улуттун өкүлдөрү менен дайыма байланышта болууну текшерүүчү топтун 36%ы, эксперименталдык топтун 32 %ы дайыма достук байланышта болууну каалашса, текшерүүчү топтун 40%ы, эксперименталдык топтун 48%ы мүмкүнчүлүгүнө жараша байланышта болууну каалашса, калгандары алар

менен кезигишүүнү каалабайт. Башка улуттун өкүлүнүн балдары менен болгон чыр-чатакты текшерүүчү топтун окуучуларынын 31%ы, эксперименталдык топтун 17%ы туура чечим чыгарып аны чечүүгө умтулушса, текшерүүчү топтун 47%ы, эксперименталдык топтун 40%ы чыр чатактан оолактагысы келишет. Ал эми калгандары макул болгулары келишпейт

Демек, иш-аракеттик компоненттин тарбиялангандыгынын орточо деңгээли текшерүүчү топто төмөнкү 42%, орто 36%ы жогору 22%болсо, эксперименталдык топто ага ылайык 25%, 63%. 12% болгон

Аныктоочу этапта алынган материалдарды талдоонун негизинде башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын компоненттери, критерийлери, деңгээлдери (3.2-таблица) бирдей болгондугун аныктай алдык.

**3.2-таблица. – Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын компоненттеринин деңгээлдерии (% менен, аныктоочу этапта)**

| **Топтор<br>Критерий<br>деңгээли** | **Текшерүүчү топ<br>(283 окуучу)** | **Эксперименталдык топ<br>(281окуучу)** |
|---|---|---|
| Когнитивдик<br>Жогору<br>Орто<br>Төмөн | <br>18%(51)<br>36%(102)<br>46% (130) | <br>13%(37)<br>37%(104)<br>50% (140) |
| Мотивациялык<br>Жогору<br>Орто<br>Төмөн | <br>17% (48)<br>33 %(93)<br>50% (142) | <br>16% (42)<br>34 %(96)<br>51% (143) |
| Иш-аракеттик<br>Жогору<br>Орто<br>Төмөн | <br>14 % (39)<br>31%(88)<br>55%(156) | <br>1 9% (53)<br>32% (90)<br>49 % (138) |

| | | |
|---|---|---|
| Баалоочу-жыйынтыктоочу<br>Жогору<br>Орто<br>төмөн | <br><br>18%(51)<br>29% (82)<br>53% (150) | <br><br>14% (39)<br>36% (101)<br>50%(141) |

3.3-таблицадан башталгыч класстын окуучуларына улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын деңгээли текшерүүчү топто жана эксперименталдык топто жалпысынан алганда бирдей деңгээлде экендигин көрө алабыз.

**3.3 -таблица. – Окуучуларынын арасында улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын деңгээли(% менен аныктоочу этапта).**

| № | Деңгээл | Текшерүүчү класстар (283) | Эксперименталдык класстар (281) |
|---|---|---|---|
| **1.** | **Жогорку** | 11, % (31) | 10% (28) |
| **2.** | **Орто** | 31% (88) | 34% (96) |
| **3.** | **Төмөн** | 58, 0% (164) | 56% (157) |

Адамдын инсандыгынын иденттүүлүгүнүн компоненттеринин бири катары улуттук иденттүүлүк – анын бул же тигил улутка, же кайсы бир этноско тиешелүүлүгү менен байланыштуу. Изилдөөнүн жүрүшүндө Э. Н Лебеденконун методикасын колдонуу менен башталгыч класстын окуучулардын өзүн идентификациялай билүү деңгээлин, өзүн-өзү баалоосун аныктадык [135, 64-б.]. Аларга «Улутуң ким?», «Ата-энең кайсыл улуттан?», «Мен киммин?», «Мен кандаймын?» деген суроолор берүү менен алардын улуту жөнүндө, алардын үй-бүлөсүнүн каада-салты жана үрп-адаттары жөнүндө кандайча кабардар экенин билүүгө аракет кылдык. Мындан сырткары өзүнүн "Автопортретин" тартууну сунуш кылдык. Алардын

тарткан сүрөттөрү, чыгармачылык ишмердүүлүгү аркылуу өзүн жана өзүнүн сапаттарын образдуу элестетүүгө мүмкүндүк берет.

**3.4-таблица. – Башталгыч класстын окуучусунун өзүн идентификациялай алышы (% менен, аныктоочу этапта)**

| Топтор | Жакшы билем | Жалпы жонунан билем | Толук билбеймин |
|---|---|---|---|
| Эксп. топ (281окуучу) | 17%(48) | 29%(81) | 54% (152) |
| Текш. топ. (283 окуучу) | 18%(42) | 31%(88) | 51%(153) |

3.4-таблицадан аныктоочу этапта жүргүзүлгөн изилдөөдө эки топтун окуучуларынын өзүн идентификациялоосунун көрсөткүчтөрү бирдей деңгээлде болгондугун көрө алабыз. Алынган материалдарды талдоо башталгыч класстын окуучуларынын көпчүлүгү өз улутун билгени менен улутуна таандык каада–салтты, үрп-адаттары, маданиятты ж.б.у.с. . маселелер боюнча түшүнүктөрү жетишсиздигин, башкача айтканда өзүн идентификациялоого даяр эмес экендигин көрсөттү.

Аныктоочу этапта алынган материалдарды талдоонун негизинде башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбия-лангандыгынын компоненттери, критерийлери, деңгээлдери (3. 2. 4-таблица) бирдей болгондугун аныктай алдык.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде башталгыч класстын окуучуларынын төмөнкүдөй кыйынчылыктарга туш боло тургандыктарын аныктадык:

–азыркы кездеги өзүнүн улуту, каада-салты, маданияты ж.б.у.с. . маселелер жөнүндө көпчүлүгүнүн жеткиликтүү маалыматтары жок;

– алар мамилелешүүнүн маанисин билишсе дагы ал багытта көндүмдөрүнө ээ эмес;

– башталгыч класстын мугалимдери жана ата-эналер окуучулардын улуттар аралык мамилелешүү маселеси боюнча агартуучулук жардамга муктаж.

Алынган натыйжалар башталгыч класстын окуучуларына көп маданияттуу тарбия берүүнү жакшыртууга багытталган тарбиялык иш чаралардын чаралардын системасын иштеп чыгуунун зарылдыгын көрсөтөт.

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалардын негизинде төмөндөгүлөрдү айта алабыз:

1. Алынган натыйжалар башталгыч класстын окуучуларына улуттар аралык маданиятка тарбиялоого жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөндүгүн көрсөтөт.

2. Башталгыч класстын окуучуларына улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын деңгээли алардын өз улутунун жана башка улуттун баалуулуктарын үйрөнүү ишинин начар мотивдештирилгендиги, класстан тышкаркы иштердин натыйжалуу лугунун төмөндүгүн көрсөтөт.

Изилдөөнүн жүрүшүндө окуучулар улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо мугалимдер, ата-энелер чоң роль ойной тургандыктарын белгилешкен. Мына ушуга байланыштуу башталгыч класстын мугалимдеринин окуучуларды улуттар аралык маданиятка тарбиялоого байланышкан теориялык маселелер боюнча билимин, көз караштарын, билгичтиктерин, методикалык даярдыгын аныктадык. Алардын көпчүлүгү улут, этнос, улуттар аралык катнаштар, улуттук баалуулуктар жөнүндө маалыматтары болгону менен айрым учурларда аны ишке ашырууда, алгылыктуу форма жана методдорду, мазмунду тандоодо айрым каталарды кетиришет. Сурамжылоого катышкан 105 мугалимдин 69 мугалим гана толук кандуу жооп бере алган.

Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо үй-бүлөнүн таасири маанилүү болгондуктан, изилдөөнү бул

багытта төмөнкүдөй үч компоненттин айкалышында карадык: “өз улутунун улуттук баалуулуктарын ата-эненин билиши”, “ата-энесинин башка улуттун каада-салты, маданияты жана башка маселелер жөнүндө түшүнүгү”, “алардын үйдө балдарынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоосу”. Сурамжылоонун натыйжасын талдап төмөнкүлөрдү аныктай алдык:

1) окуучулардын улуттук баалуулуктар туурасында көз карашы ата-энесинин көз карашы менен төп келет;

2) бала ата-энесиндей эле башка улуттун каада салтын, маданиятын, баалуулуктарына урматтоо менен мамиле кылат;

3) баланын башка улуттун баалулуктары туурасындагы көз карашы ата-энесинин көз карашы менен төп келбейт.

Сурамжылоо катышкан көпчүлүк ата-энелер улуттук баалуулуктарды билгени менен аларды балдарына улуттар аралык маданиятка тарбиялоого байланыштырып толук кандуу айтып бере алышпагандыктарын байкай аныктай алдык. Изилдөөгө катышкан 175 ата-эненин 23% ы гана толук түшүндүрө алышкан. Көпчүлүк ата-энелер «улут» жана «улуттук маданият» сыяктуу негизги түшүнүктөрдүн сөздөрүнүн лексикалык маанисин дайыма эле туура талдай алышпагандыгын көрсөтүп турат.

Аныктоочу эксперименттин жүрүшүндө алынган натыйжалар төмөндөгүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берди:

– көпчүлүгүнүн азыркы кездеги өзүнүн улутун билгени менен улуттук баалуулуктары жөнүндө жеткиликтүү маалыматтары жок;

– алар мамилелешүүнүн маанисин билишсе дагы ал багытта көндүмдөрүнө ээ эмес;

– башталгыч класстын окуучулардын улуттук өзүн идентификациялоосу деңгээли төмөн, бул багытта даярдыгы жок;

– окуучулардын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо негизинен мугалим тарабынан гана жүргүзүлөт;

– мектептерде эпизоддук мүнөздө өткөрүлгөн иш чаралар окуучуну улуттар аралык маданиятка тарбияланышына анча деле таасир тийгизе албайт.

– тарбиялык иштин натыйжалуулугун арттыруу үчүн мугалимдердин жана ата-энелердин улут маселеси боюнча билимин тереңдетүү зарыл.

–улут аралык маданиятка тарбиялоонун маселеси тууралуу көпчүлүк ата-энелердин жеткиликтүү түшүнүктөрү жок;

– мектептерде жүргүзүлүп жаткан иш чараларга ата-энелер анча маани беришпейт, ошондой эле, бул багытта үйдө балдары менен максаттуу түрдө иш алып барышпайт;

– башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо мугалимдер менен ата-энелер биргелешип системалуу иш жүргүзүлбөйт.

– башталгыч класстын мугалимдери окуучуларды улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маселеси боюнча методикалык жардамга муктаж.

Аныктоочу эксперименттеги алынган натыйжалар педагогикалык шарттарды жана теориялык моделди, ошондой эле, калыптандыруучу эксперименттин материалын иштеп чыгууга негиз болуп берди.

Эксперименттик топтун мугалимдери өткөрүлгөн класстан тышкаркы иштерде аларды өз улутунун жана башка улуттун каада-салты, маданияты, улуттук баалуулуктары ж.б.у.с. . маселелер менен тааныштырууда балдар үчүн жазылган адабияттарды, ММК-тарын, маалыматтык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн, элдик педагогиканын каражаттарын ж.б.у.с. . материалдарды пайдаланууга, ата-энелерди тарбиялык иш чараларга системалуу катыштырууга, алардын мамилешүү маданиятынын тажрый-басына ээ болушуна, позитивдүү сезимдер калыптандырууга көңүл бөлүштү.

Өз кезегинде эксперименталдык топтун ата-энелери үй шартында балдары менен башка улуттун өкүлдүн балдары менен достук мамиледе болуусу боюнча аңгемелешүүлөрдү уюштурушуна, балдарды ар түрдүү жагдайларда өзүлөрүн текшерип көрүүгө мүмкүнчүлүктөрдү түзүшүнө көңүл бөлүндү. Мына ушул сыяктуу иш чараларда башталгыч класстын окуучулары башка элдердин маданиятына жана жашоо образына кызыгышып, алардын этникалык айырмачылыктарга карабастан бир катар когнитивдик

маалыматтарды өздөштүрүшүп, адамдарга карата сый мамиле жасоосун өрчүтө алат.

### 3.2. Калыптандыруучу экспериментин жыйынтыктары

Класстан тышкаркы иштердин максаты жана милдеттери бирдиктүү педагогикалык процесстин – окутуу, өнүктүрүү жана тарбиялоо функцияларынын аткарылышы менен тыгыз байланышта болуп, окуучуларга жүрүм-турум, коммуникативдик, жамааттык турмуштук көндүмдөрдү үйрөтүүгө багытталган. Окумуштуу Л. В. Кузнецова класстан тышкаркы иштердин жыйындысы окуучуга төмөндөгүдөй багыттарда тарбиялык таасир тийгизе тургандыгын белгилеген:

1. Окуучунун жеке жөндөмдүүлүгүн ар тараптуу ачууга өбөлгө түзөт.

2. Окуучулардын жеке тажрыйбасын байытып, практикалык көндүмдөргө ээ кылат.

3. Тарбиялык иштердин ар түрдүүлүгү окуучулардын кызыгуусун, активдүү катышууга умтулуусун өнүктүрүүгө шарт түзөт.

4. Класстан тышкаркы иштерде окуучулар бири-бири менен кызматташууга, үйрөнүшөт» (Кузнецова Л. В. Гармоничное развитие личности младшего школьника. – М., 2008 – 258 с. б. 109)

Окуу процессинде окуучулар өз элинин жана өлкөдө жашаган башка улуттардын каада-салты, тили, маданияты, тарыхы сыяктуу түшүнүктөргө ээ болушуп, белгилүү деңгээлде социалдашуу процесси башталат. Бул процесс окуучулардын кызыгуусуна негизделген класстан тышкаркы иштерде логикалык ырааттуулукта терең кайра түзүүлөр менен коштолуп, улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун натыйжалуулугун арттырат.

Класстан тышкаркы тарбиялык иштердин мазмунун, форма методдорун, окуучулардын курактык, психологиялык, адеп-ахлактык өнүгүүсүнүн жана мектептин (бир тилде жана кош тилде окуган көп улуттан турган) өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тарбия иштерин уюштуруу оң натыйжа берет. Анткени, бир тилде жана кош тилде окуган мектептерде

улуттар аралык маданиятка тарбиялоо ишинин пландары, формалары жана методдору жалпысынан бирдей. Бирок, кош тилдүү мектептерде окуу тарбия процессинде окуучуларды көп улуттуу өлкөбүздүн элдеринин прогрессивдүү салттарынын, үрп-адаттарынын, мданиятынынын ж.б. лардын негизинде улуттар аралык маданиятка тарбиялоо деңгээлинин жогорулатууну камсыз кылган кошумча ыңгайлуу жагдайлар (окуучулардын билими, алардын коомдук-эмгектик ишмердиктин, тарбиялык иш чаралардын ар кандай түрлөрүн биргелешип аткаруусу  ж.б.у.с.) бар. Көп тилдүү мектептерде окуган ар улуттун балдарына тарбия берүүдө класстан тышкаркы максаттуу иш-чараларды уюштурууда алардын байланышынын масштабын кеңейтүүгө, жолдоштору менен достук мамилелерди түзүүсүнө көңүл буруп, балдарды башка улутту сыйлабоочулуктун көрүнүшүнө жол берилбейт. Мына ушуга байланыштуу класстан тышкаркы иш-чаралардын жардамы менен мугалимдер төмөнкүлөргө маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүк алышат:

– окуучуларды улуттук баалуулуктар менен тааныштыруу, алардын туулган жерине болгон сүйүүсүн арттырууга;

– башталгыч класстын окуучуларын ар түрдүү иш-аракеттерге катыштыруу менен инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө көмөктөшүүгө;

– окуучулардын чыгармачылыгын жана демилгесин жогорулатууга;

– балдардын уюштурууачулук жана коллективде иштөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө;

– окуучулар үчүн психологиялык жагымдуу жагдайды камсыз кылууга.

Изилдөөнүн жүрүшүндө класстан тышкаркы иштерде окуучулардын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процессин уюштуруу бир катар педагогикалык бир катар принциптерге негизделгенде гана натыйжалуу боло тургандыгын аныктай алдык. «Педагогикалык принцип – бул педагогикалык категориялардын бири, ал белгилүү педагогикалык мыйзам ченемдүүлүккө негизделген жана педагогикалык милдеттердин (маселелердин) белгилүү бир классын чечүүнүн жалпы стратегиясын мүнөздөөчү жана педагогикалык теорияларды өркүндөтүүнүн система түзүүчү фактору, анын

эффективдүүлүгүн жогорулатуу багытында педагогикалык практиканы үзгүлтүксүз өнүктүрүү критерийи катары бир эле убакта кызмат кылган негизги ченемдик жобо болуп саналат» [14]. Анткени, тарбиянын принциби «тарбияга коюлган негизги талаптарды, анын мазмунун, уюштуруу жана методдорун аныктоочу баштапкы позиция» болуп саналат(10, 11).

Педагогикалык теорияда аныкталган тарбиялоонун жалпы принциптери жана улуттар аралык маданиятка тарбиялоонунун (1-бапта каралган) принциптер бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, класстан тышкаркы иштерге белгилүү бир туруктуулукту берип, динамикалык мүмкүнчүлүктөрдү ача турган комплекс катары улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун максатын Кыргызстанда жашаган элдеринин өткөн тарыхын, маданиятын, каада-салтын жана башка маселелерин түшүндүрүү мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга багыттайт.

Төмөндө изилдөөнүн жүрүшүндө башталгыч класстардын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодогу аныкталган педагогикалык шарттарды ишке ашыруу максатында пайдаланылган класстан тышкаркы иштерге кыскача токтололу.

Башталгыч класс окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо ишинде оң тенденцияны көрсөткөнүнө карабастан, улут, улуттук жана адамзаттык баалуулуктар жөнүндө билимдерди, көндүмдөрдү өздөштүрүүдө улуттар аралык мамилени талкуулоодо, аларды үйрөнүүгө карата кээде бир жактуу мамиледе болуп калат. Буга байланыштуу эксперименталдык класстардын окуучулары менен өткөрүлгөн тарбиялык иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонуну компоненттерин өнүктүрүүгө көңүл бөлдүк.

Бул этапта эксперименталдык топтогу башталгыч класстардын мугалимдеринин жана ата-энелеринин улуттар аралык маданиятка тарбиялоо маселеси боюнча төмөндөгү багыттарда иш жүргүздүк:

– мугалимдерди, ата-энелерди башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун негиздери тууралуу теориялык маалыматтарга, практикалык көндүмдөргө ээ кылуу.

– алардын “Кыргыз жараны” жана улуттук баалуулуктар тууралуу түшүнүктөрүн тереңдетүү.

– башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун коом жана жеке адам үчүн маанисин түшүүгө ээ кылуу.

–улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо окуучулардын жекече жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуунун зарылчылыгын, анын маанисин түшүндүрүү.

– окуучуларды башка улуттун каада салтына, маданиятына, балдар адабиятына кызыгуусун өнүктүрүү жана калыптандыруу.

Мына ушул маселелер боюнча эксперименталдык класстын мугалимдерине жана ата-энелерине улуттар аралык маданиятка байланышкан маселелер боюнча лекциялар, тренингдер уюштурулду (тиркеме №6). Натыйжада алар жакшы маалыматтарга, көндүмдөргө ээ болушуп класстан тышкаркы тарбиялык иштерди уюштурууда, өткөрүүдө ийгиликтерди жарат алышкан. Ал эми текшерүүчү топтун мугалимдери жана ата-энелери жогоруда каралган маселелер тууралуу атайын даярдыктан өтүшкөн эмес. Ата-энелер класстагы чогулуштарга, кээде бул багытта өтүлгөн айрым иш чараларга гана катышкан.

**1-шарт. Класстан тышкаркы тарбиялык иштердин этнопедагогикалык багыттуулугун арттыруу.** Ар бир улут өзүнүн тарыхый жактан калыптануу этабында жаратылышка, коомго, инсандык асыл сапаттар менен байланышта болгон өзгөчөлөнгөн улуттук баалуулуктарга ээ болгон. Класстан тышкаркы тарбиялык иштердин этнопедагогикалык багыттуулугун арттыруу тарбиялык иштин мазмунун толуктап, башка улуттардын улуттук баалуулуктарына позитивдүү көз караштын, турмуштук позициясынын, мамилелешүүнүн демократтык стилинин калыптанышына жардам берет. Бул жагдай окуучуларды улуттук баалуулуктар менен тыгыз байланышта

тарбиялоону ишке ашырып, алардын маданий-массалык иштерге катышуусуна, бүткүл өлкөнүн коомдук турмушу менен тааныштырууга, алардын ишенимдерин, көз караштарын өнүктүрүп, белгилүү бир турмуштук тажрыйбага ээ болушуна шарт түзөт.

Мына ушуга байланыштуу класстан тышкаркы тарбиялык иштердин мазмунун жана уюштурулушун көп улуттуу өлкөбүздүн элинин баалуулуктарын эске алуу менен тынымсыз жаңыртып туруу маанилүү.

**Аңгемелешүү** мектептеги класстан тышкаркы иштердин кеңири таралган түрү катары мугалим менен окуучулардын ортосундагы дайыма болуучу диалог, жандуу байланыш. Башталгыч класстын окуучуларын Кыргызстанда жашаган улуттардын улуттук каада-салттары, үрп-адаттары, оюндары жана башка улуттук баалуулуктары менен тааныштырууда алдын ала пландаштырылган аңгемелешүүнүн мааниси чоң. Көпчүлүк башталгыч класстын окуучулары башка улуттун балдары менен баарлашууну каалашат. Бирок, алардын башка улуттун баалуулуктары тууралсындагы жетишсиз түшүнүктөрү, алардын өзгөчөлүктөрүн баалай алышпагандыктары кз ара баарлашууга тоскоол боло тургандыгын байкай алдык. Эксперименталдык класстын окуучулары менен аңгемелешүүнү уюштурууда алардын жаш курагын, түшүнүктөрүн эске алып коюлган масатка жараша анын линиясы аныктап, балдарга жетектөөчү суроолор берүүнү эске алдык

Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык класстын окуучулары менен «Мен Кыргызстандыкмын», «Менин досторум», «Биздин өлкө», «Биздин жердеш», «Маданият деген эмне?» ж.б.у.с. . темаларда аңгелешүүлөр алардын кызыгуусун, ой жүгүртүүсүн, кеп маданиятын, көңүл буруусун өнүктүрүүгө жардам бергендигин байкай алдык. Мисалы, «Мен өлкөм» темада аңгемелешүнү уюштурууда окуучуларга Кыргызстандын күп улуттуу мамлект экендиги, анда жүздөн ашык улуттун өкүлдөрү жашагандыгы, алардын октосундагы ынтымак, достук мамиле болгондуктан өлкөбүз өнүгүп жаткандыгын түшүндүрө алабыз. Аңгемелешүүнүн жүрүшүндө кыргыз өзбек элинин каада-салттары, маданияты, тарыхы

ж.б.у.с. . материалдар чагылдырылды. Кийин балдар мына ушул маселелер тууралуу маалыматка ээ болушкандан кийин өз ара талкуулашкандыктарын байкай алдык. Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык класстын окуучулары менен төмөндөгүдөй темаларда аңгемелешүүлөрдү өткөрдүк;.

1. Өзүңүздүн улутуңузду көрсөтүңүз.
2. Ош областында кайсы улуттар жашайт?
3. Башка улуттагы достошкуң келеби? Эмне үчүн?
4. Кыргыз линин макалдарынан, жомокторунан билесиңби?
5. Башка улуттун макал-лакаптарынан, жомоктоунан билесиңби? Мисалы
6. Кыргыздын улуттук оюндарын билесиңби?
7. Башка улуттардын кандай оюндарын билесиң?
8 Кыргыз элинин кандай майрамдарын билесиң?
9. Башка улуттардын кандай улуттук майрамдарын билесиңби
10. Башка улуттардын кандай каада салттарынан билесиңби?

**Экскурсиялар.** Башталгыч класстын окуучулары үчүн тарбиялык иштин кызыктуу формасы экскурсия. Анткени, анын жүрүшүндө окуучу тарбиялык мааниге ээ болгон ар түрдүү материалдарды көрүп, көз карашын кеңейтүүгө мүмкүндүк ала алат. Мына ушуга байланыштуу экскурсиянын алдын ала пландаштырылышы зарыл. Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык топтор менен искусство, тарыхый (мисалы Сулайман тоосундагы) музейлерге, театрларда болуу жана алардын кызматкерлери менен жолугушуп жеткиликтүү түшүндүрүү иштерин уюштуруу жакшы натыйжа бере тургандыгын аныктай алдык.

**Улуттук оюндар, спорттук мелдештер.** Башталгыч класстын окуучуларынын инсан катары калыптанышына, улуттук баалуулуктарга болгон кызыгуусуна ар түрдүү факторлор таасирин этет. Буга байланыштуу класстан тышкаркы тарбиялык иштерди уюштурууда алардын ынтызарлыгын, активдүүлүгүн, дилгирлигин, иш каалоолорун, демилгелүү сунуштарын эске алдык. Булар алардын иш-аракеттериинин көрсөткүчү.

Колдоого ээ болгон окуучунун демилгеси өз кезегинде башка окуучулардын кызыгуусун жаратып, алардын жаңы демилгесинин жаралышына үчүн чоң стимул болуп калат. Окуучунун демилгеси учурунда колдоого алып, аны ашыкча жөнгө салуудан баш тартып, ишеним көрсөтүп демилгени өнүктүрүүгө жардам көрсөтүү зарыл. Бул жагдай, алардын алдынчалыгын, жоопкерчилигин өнүктүрөт.

Көпчүлүк башталгыч класстын окуучулары улуттук баалуулуктарды маанисин, маңызын, өздөштүрүүдө жана практикада колдонууда бир катар кыйынчылыктарга кездешишет. Окуучу мына ушул маселелерди туура түшүнгөндө, анын иш-аракети туура бааланып стимулдаштырылган шартта гана анын башка улуттардын баалуулуктарына сыйлоо менен мамиле жасоо сезими калыптанат. Бул баланын башка улуттардын баалуулуктарына кызыгуусу, ынталуулугу жана анын ал үчүн жаңылыгын таануусунун, ички каалоосунун таасири астында өнүгөт.

Оюн баланы инсан катары тарбиялоочу үчүн маанилүү иш-аракеттин бир түрү. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо оюн, спорттук мелдештерге ынтызарлыгы алардын ортосундагы айрым мамилелер коштолуп турат. Тилекке каршы, башталгыч класстын окуучулары убактысынын көбүн компьютердик оюндарга коротуп, кыймылдуу оюндар менен аз алектенишет.

Ар бир улуттун балдар үчүн бир катар оюндардын түрлөрү бар. Изилдөөнүн жүрүшүндө ушуга байланыштуу эксперименталдык топто ата-энелердин катышуусу менен кыргыз, өзбек, орус, тажик, казак элдеринин балдар оюнуна, мектепте өткөрүлгөн спорттук мелдештерге уюштурууга өзгөчө көңүл бөлдүк. Мелдеш окуучулардын чоң кызыгууну жаратат. Алгач мелдешти өткөргөнгө чейин улуттук оюндар, алардын жаралышы, өзгөчөлүктөрү, эрежелери тууралуу маалыматтарды чогултушту. Класста өткөрүлгөн талкууларда оюндар боюнча популярдуулугун себебин, маанисин бири-бирине түшүндүрүп беришти. Спорттук мелдештерди уюштурууда, улуттук оюндарды колдонууда уялчаак, тарткынчаак балдарга кылдат, аяр

мамиле жасап, аларга жардам берип, алардын активдүүлүгүн арттырып, жетишкендиктерин кубаттап, баа беришибиз керек. Бул окуучулардын ортосунда өз ара достук, адамкерчиликтүү жана жоопкерчиликтүү мамилелердин калыптанышына таасирин тийгизе тургандыгын байкай алдык.

Демек, спорттук мелдештер, оюндар балдардын ден соолугун гана чыңдабастан алардын психикалык жактан өнүгүүсүн гана эмес, өз алдынча ой жүгүртүү жөндөмүн, жолдоштук, достук мамилелерин, көз караштарын, сезимдерин өнүктүрөт.

**Майрамдар**. Өлкөбүздө жашаган улуттардын байыркы доорлордон бери элдин жашоо-турмушун чагылдырган жалпы окшоштуктарга жана айырмачылыктарга ээ болгон маданияты, каада-салты, ырым-жырымдары, баалуулуктары улуттук майрамдары бар. Алар аркылуу балдарды улуттар аралык маданиятка тарбиялоо абдан кызыктуу болуп, алардын аң-сезиминде чагылдырылып, адептик сапаттарынын калыптанышына оң таасирин тийгизет. Тарбия ишинин бул формасынын балдарды улуттук руханий баалуулуктар менен тааныштырып, алардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн жана практикалык тапкычтыгын өнүктүрүү, өзүн көрсөтүүгө шарт түзөт Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо болуп элдик майрамдарды өткөрүүгө катыштыруу натыйжалуу.

Ар бир элдин улуттук майрамынын өзөгүндө (мисалы «Нооруз» майрамы) акылмандыкка, айкөлдүккө, адамкерчиликке, ынтымакка, ак ниеттүүлүккө, эмгекчилдикке үндөө идеялары жатат. Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык класстын окуучулары мектепте өтүлгөн «Нооруз» майрамына катышышты. Алар улуттук кийимдердин, ырбийлердин конкурстарына катышышты. бул жагдай улуттук майрамдын маани-маңызы тууралуу кеңири маалыматтарга ээ боло алышты. Практика көрсөткөндөй, мындай майрамдарга башталгыч класстын окуучуларын катыштыруу аларга өзүн көрсөтүүгө болгон табигый муктаждыгын канааттандырууга мүмкүндүк берип, майрамга катышуучулары менен

жакшы маанайдагы баарлашуу дүйнөсүн ачат. Мына ушуга байланыштуу мугалим ар кайсы элдердин улуттук майрамдарын жакшы билиши керек.

**Жолугушуулар**. Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо элдин урмат-сыйына ээ болгон улуу муундагы адамдар, ар кыл кесиптин ээлери, мектеп жайгашкан жердеги улуттук диаспоралардын өкүлдөрү менен жолугушууларды тарбиялык иштерде колдонуу жакшы натыйжаларды бере тургандыгын агыктай алдык. Мына ушул жолгушуулар окуучулардын инсандык сапаттарынын калыптанышына таасир тийгизе турган идеал-дарынын жаралышына себеп болот. Эксперимантaлдык класстардын окуу-чулары мына ушул жолугушууларды өткөрүүдө адамгерчилик, сабырдуу-лук, боорукердик, жоопкерчиликтүүлүк, кайрымдуулук, башка улуттарды жана алардын каада-салтына урмат-сый менен мамиле жасоо, ак ниеттүүлүк, эмгекчилдик жөнүндө кеп-кеңештерди угушуп, аларды эреже катары карманышат.

**Атайын сүрөт көргөзмөлөрүн уюштуруу, конкурстар,** Улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо конкурстар, балдардын чыгармачылыгынын көргөзмөлөрү башталгыч класстын окуучуларына таанып-билүү активдүүлүгүн стимулдаштырууга, чыгармачыл ой жүгүртүүсүн, өз ара жардамдашуу, сыймыктануу сезимдерин өнүктүрөт. Мисалы, изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык класстын окуучуларынын арасында улуттук кийимдердин үлгүсүн, тартуу боюнча конкурс өткөрүлдү. Бул окуучунун өз улутунун баалуулуктары тууралуу түшүнүктөрүн аныктоого жардам берди. Анткени, алар тарткан сүрөттөрүн өзүнүн дүйнө таанымынын, түшүнүктөрүнүн, балалык фантазиясынын негизинде тартышат. Конкурстун жүрүшүндө тарткан сүрөттөрүн маани мазмунун айтып берүүсүнө мүмкүнчүлүктөрдү түздүк. Бул тарбия ишинин жандуу болушуна алып келип, окуучулар өз элинин баалуулуктары боюнча тартылган сүрөттөрүн конкурстун катышуучуларына айтып берүүгө абдан ынтызарлыгын

көрсөтүштү. Биз мындан окуучулардын ар улуттун баалуулуктары тууралуу маалымат алышына таасир тийгизгенин байкай алдык.

Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык класстын окуучуларынын арасында улуттук каада-салттардын, ыр-бийлердин сынагын, сүрөт көргөзмөлөрүн, конкурстарды, спорттук мелдештерди өткөрүү боюнча иш чаралар пландаштырылган. Мисалы, окуу жылынын башталышында, каникул мезгилинде балдарга элдик ырларды, бийлерди үйрөнүү сунушталган. Бул окуучулардын талабы менен эмес, окуучулардын өздөрүнүн каалоосу менен аткарылып жатканын белгилей кетүү керек. Мына ушунун алкагында «Улуттук ырлардын» фестивалы өтүп, ага башталгыч класстын окуучулары катышты. Фестивалдын программасы үч багытты камтыды:

1. Ар бир класс элдин тарыхы, каада-салты, үрп-адаттары жөнүндө дубал гезитин чыгаруу;

2. Мектеп сахнасында оозеки чыгармачылык, элдик оозеки чыгармачылык тартууланды;

3. Конкурстун катышуучуларын сыйлоо.

Конкурска окуучулар кызыгуу менен даярданышкан. Бул конкурсту уюштурууга ар улуттун өкүлдөрүнүн балдарынын ата-энелери катышты. Окуучулары ар түрдүү улуттардын кийимдеринин сүрөттөрүн тартышып көргөзмөгө катышышып, алардын жаратылыш өзгөчөлүктөрүн, маанисин өз алдынча түшүндүрүштү. Ата-энелер балдар менен биргелешип, дубал газеталарды чыгарышкан. Ал эми окуучулар кыргыз, өзбек, орус, уйгур ж.б. тилдердерги ырлар, бийлер, көркөм окуулар аткарылды.

Башталгыч класстын окуучулары ар дайым алардын эмгегин баалоо зарылдыгын сезишет. Оң баа берүү балдарда канааттануу сезимин жана андан ары жакшыртууну каалоосун пайда кылат, ал эми терс баа берүү, эреже катары, наарызычылык сезимин жана оңдоо зарылдыгын жаратат. Ошол эле учурда мугалимдин баалоосунун объективдүүлүгү, акылга сыярлык катаалдыгынын ак көңүлдүгү, ишенимин акылга сыярлык көзөмөл

менен айкалыштыра билүүсү маанилүү. Мына ушуга байланыштуу конкурстун соңунда ар бир катышуучу алкоо баракчалары менен сыйланышты. Биз эксперименталдык класстын окуучуларынын улуттук маданиятка болгон кызыгуусун жана эстетикалык табитинин калыптанышына оң таасирди көрө алдык.

**Кыргызстанда жашаган элдердин жомокторун биргелешип окуу.** Башталгыч класстын окуучусунун турмушунда жомоктор жана алардын негизинде тартылган мультфильмдер маанилүү орунду ээлейт. Анткени, балдар мектепке келгенге чейин эле (ата-энесинен, бала бакчадан уккан) жомоктор дүйнөсү менен тааныш. Мына ушуга байланыштуу изилдөөнүн жүрүшүндө өлкөбүздө жашаган улуттардын балдарга арналган жомокторун чогуу угуп, мультфильмдерин талкуулого көңүл бөлдүк.

Эксперименталдык класстын окуучуларына кыргыз, орус, өзбек, тажик ж.б. улуттардын эл жомокторун сунуш кылдык. Алар жомокторду окуп чыккандан кийин талкууларды уюштурдук. Окуучулар жомоктордогу каармандардын достугу, эмгекчилдиги, баатырдыгы  ж.б.у.с. . адамдык сапаттары, тууралуу айтып беришкен. Айрым учурларда жомокторду балдар өзүлөрү айтып берүүгө умтулушат. Бул жагдайды тарбиялык иштин жүрүшүндө колдонуу тарбиялык мааниге гана ээ болбостон окуучулардын окууга болгон кызыгуусун пайда кылат.

Көпчүлүк башталгыч класстын окуучулары ар түрдүү мультфильмдерди көрүүгө абдан кызыгышат. Алардын ушул кызыгуусун улуттук маданиятка тарбиялоо багытында колдонуп, анын натыйжалуу боло тургандыгын аныктай алдык. Мисалы, кыргыз, орус, өзбек, казак жана башка элдердин жомокторунун, ооз эки чыгармалардын негизинде мультфильмдер тартылган. Мисалы, Кыргыз киностудиясы тарабынан тартылган «Толубай сынчы» деген мультфильмди окуучулар менен чогуу көрүүнү уюштурдук. Мультфильмдерди көргөндөн кийин андагы оң каармандары асыл сапаттары боюнча талкуу уюштурдук. Окуучулардын мультфильмдеги каармандар тууралуу ой пикирлерин айтып баа беришти. Натыйжада окуучулар кыргыз

элинин мал чарбачылыгы менен байланышкан каада салты тууралуу маалыматка ээ болушту. Ушул сыяктуу башка улуттардын балдар үчүн тартылган мультфильмдерин көрүп талкуу өткөрүүгө көңүл бөлдүк.

Мындан сырткары, өткөн жылдагы пандемиянын шартында маалыматтык технологиянын жардамы менен тарбиялык иш чараларды уюштура алдык. Атап айтканда on-line форматында ата-энелердин катышуусу менен талкууларды, жолугушууларды уюштуруп, жогоруда айтылган класстан тышкаркы иштерди уюштура алдык.

Демек, башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо жомокторду, мультфильмдерди чеберчилик менен пайдалануу андагы оң каармандардын асыл сапаттары үлгү катары көрсөтүп менен аркылуу алардын ортосундагы ынтымакты, достук мамилелерин калптандыра алабызп, аларды үлгү катары кабыл алышат.

**Ийримдерге катыштыруу.** Окуучулар өзүлөрүнүн кызыгууларына жараша мектептерде уюштурулган ийримдерге катышышат. Мектепте класстан тышкаркы иштердин бул түрүн мугалим тарабынан балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө багытталган иш чара болуп саналат. Мугалим ар бир окуучунун жакшы жагын, жетишкендиктерин, жөндөмдүүлүгүн өз убагында байкап, кызыктырып, аны кандайдыр бир кызыктуу иш чараларды өткөрүүгө тартса анын ишеним артып позитивдүү көз карашы пайда болот. Окуучунун позитивдүү көз карашына, ишенимине таянуу менен мугалим анын кызыгуусун, ынтызарлыгын, жакшы нерселерге болгон мотивациясын калыптандыра алат. Изилдөөнүн жүрүшүндө башталгыч класстын окуучулары өзгөчө сүрөт, ыр-хор, спорт ж.б. кружокторго катышууну каалаша тургандыгын байкадык. Жагдайды эске алуу менен эксперименталдык класстын окуучуларын швгвна, кызыгуусуна жараша кружокторго катыштыра алдык. Мисалы, ыр –хор кружогуна катышкан балдар Нооруз майрамында өз улутуну ырларын аткарышып конкурстарга катышса, сүрөт кружогунун катышуучуларынын тарткан сүрөттөрү мектеп көргөзмөсүнө коюлуп жакшы баага татыган. Бул жетишкендиктер менен

жалпы эле классташтарынын сыймыктануусун жараткан. Демек, тарбиялык иштин бул формасын пайдалануу дагы белгилүү деңгээлде тарбиялык мааниге ээ боот деп айта алабыз.

**Тренинг.** Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процессинде мугалим башка улуттун өкүлүнө карата ар кандай көз караштагы окуучулар менен иш алып барат. Бул маселени чечүүдө ар кандай деңгээлдеги карама-каршылыктар болушу мүмкүн. Аларды чечүү мугалимден ар бир окуучунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен ага сый мамиле жасоону, ишеним көрсөтүүнү жана туура талап коюу менен байланышат.

Улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо окуучуга ишеним көрсөтүү, талап коюу, сыйлоо – бул ага көңүл буруу, анын өзгөчөлүктөрүн үйрөнүүгө жана андан ары өсүп-өнүгүүсүнө зарыл шарттарды түзүүдө мааниге ээ болот. А. С. Макаренко мындай деп белгилеген: «Эгерде кимдир-бирөө мен өзүмдүн педагогикалык тажрыйбамдын маңызын кыска формула менен кантип аныктай алам деп сураса, анда мен адамга мүмкүн болушунча көп талаптар коюлат, ага мүмкүн болушунча урмат-сый коюлат деп жооп бермекмин» (5, 148-б.).

Ошол эле учурда мугалимдин баланын жакшы сапттарына, дени сак күчүнө ишенип, аларга таянып, тарбиялануучунун мүнөзүндөгү жана жүрүм-турумундагы терс сапаттарды жоюуга умтулуусу зарыл.

Улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо коюлган милдеттерге ылайык акыл эстүү талап коюу тарбиялык иш чаралардын натыйжалуулугун бир кыйла жогорулатат. Бул мугалимдин окуучуга карата позитивдүү мамилелешүүсүнө байланыштуу. Мектеп практикасында башка улуттун өкүлдөрүнө карата терс мамилеси бар, достук маанайдагы жакшы окуучулар менен да иш жүргүзүүгө туура келет. Мугалим ар бир окуучунун жакшы жагын, жетишкендиктерин, жөндөмдүүлүгүн өз убагында байкап, кызыктырып, аны кандайдыр бир кызыктуу иш чараларды өткөрүүгө тартса анын ишеним артып позитивдүү көз карашы пайда болот. Окуучунун позитивдүү көз карашына, ишенимине таянуу менен мугалим анын

кызыгуусун, ынтызарлыгын, жакшы нерселерге болгон мотивациясын калыптандыра алат. Эгерде окуучу өзүнө тапшырылган ишти аткарууда өз алдынча сезилерлик ийгиликке жетсе, анда ички канааттанууну сезет, бул өз кезегинде өзүнө болгон ишенимди, андан ары өсүү каалоосун бекемдейт. Окуучунун өнүгүүсүндөгү ийгиликти мугалимдер, ата-энелер, классташтары тарабынан баса белгиленсе, бул анын жакшы нерсеге болгон каалоосун пайда кылат.

Иш-аракеттик компоненттин калыптанышы башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо маанилүү болгондуктан, ушул компоненттин калыптандырууга эксперименталдык класстын окуучуларына басым жасадык. Башталгыч класстын окуучуларынын арасындагы башка улуттагы балдар менен мамилелешүүсүндө жүрүм-турумундагы чектен чыккан көрүнүштөрдү, айрым учурларда ар улуттагы окуучулардын арасында чыр-чатактарды изилдөөнүн жүрүшүндө байкай алдык. Мына ушуга байланыштуу эксперименталдык класстын окуучуларына адеп жана анын мааниси жөнүндө түшүнүктөрүн тереңдетүүгө, мектеп жайгашкан аймактагы улуттардын каада-салты жана аны сактоонун эрежелерин өздөштүрүүсүнө, башка улуттагы балдар менен адептүү, сылык, достук мамиле жасоонун көндүмдөрүң калыптандырууга көңүл бөлдүк. Өзгөчө башталгыч класстын окуучусларынын турмушунда кездешкен сюжеттердин негизинде атайын иштелип чыккан сценарийлердин негизинде тренингдерди өткөрүү алардын жоопкерчилик сезиминин, сабырдуулугунун өнүгүшүнө, пайда болгон чыр-чатакты достук маанайда чече билүүгө үйрөнүүсүнө түрткү болот. Улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо тренингдерди колдонуу башталгыч класстын окуучуларынын ар кандай ролдордо иш-аракетке катышышып, туура пикир алышуунун жана жүрүм-турум эрежелерининин көндүмдөрүн өздөштүрүшөт.

Эксперименталдык класстын окуучулары менен мына ушул багыттагы тренингге башталгыч класстын окуучулар гана эмес алардын ата-энелеринин катышышы социалдык-педагогикалык мааниге ээ боло тургандыгын изил-

дөөнүн жүрүшүндө байкай алдык. Анткени, ата-энелер мына ушул иш чараладан кийн балдарынын жүрүм-турумуна көз салышып, ар кандай чыр чатактарга баруусуна жол бербейт. Мына ушул багытта «Сабырдуулук- бул эмне?», «Үй-бүлөдө сабырдуулукка кантип тарбиялай-быз?»; «Сабырдуулуктун мааниси», «Кантип таанышабыз?», «Мен сабырдуумунбу?», «Сабырдуу кантип баарлашуу керек?", «Сабырдуулукту кантип үйрөнүү керек?", «Сабырдуу болуунун мааниси", «Чыр-чатакты кантип чечемин?» ж.б.у.с. . темаларда тренинг өткөрүү натыйжалуу болот.

Мындан сырткары эксперименталдык класстын окуучулары башка элдердин маданиятын өздөштүрүү максатында уюштурулган тренингге катышышты. Дал ушул тренингдерде окуучулардын өз улутунун жана башка улуттардын баалуулуктарын салыштырып, жүрүм-турум көндүмдөрүндөгү жана улуттук маданиятындагы айырмачылыктарды байкап, баалуу сапаттарды өздөштүрүштү.

Демек, улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо тренингдерди колдонуу башталгыч класстын окуучуларынын ар кандай ролдордо иш-аракетке катышышып, туура пикир алышуунун жана жүрүм-турум эрежелеринин көндүмдөрүн өздөштүрүшөт.

Изилдөөнүн жүрүшүндө улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо башталгыч класстын окуучуларынын ден соолугуна, психологиясына терс таасирин тийгизбеген, жаш курагына жана мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык келген жогоруда белгиленген класстан тышкаркы иштердин формаларынан башка түрлөрүн пайдаландык.

Демек, башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо алардын ишенимин, көз караштарын, жүрүм-турум тажрыйбасын тарбиялоого багытталган ийкемдүү формаларын колдонуу, анын мазмунун улуттук баалуулуктар менен байытуу натыйжаны камсыз кылат.

### 3.3. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыгы

**Үчүнчү жыйынтыктоочу этапта** (2022-2023-жж.) педагогикалык эксперименттин аныктоочу этабында жана калыптандыруучу этабында алынган материалдарды талдоонун негизинде, иштелип чыккан педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун аныктай алдык.

Илимий изилдөөнүн алгачкы этабында текшерүүчү жана эксперименталдык топтогу башталгыч класстын окуучуларынын өзүн идентификациялоосу тууралуу маалыматтарынын көрсөткүчтөрү бирдей деңгээлде болгон (3.5-таблица). Алынган материалдарды талдоонун негизинде башталгыч класстын окуучуларынын көпчүлүгү өзүн идентификациялоого даяр эмес экендиктерин көрсөтүштү. Эки топтун окуучулары өз улутун билгени менен улутуна таандык үрп-адаттары, каада-салты, маданияты ж.б.у.с. . маселелер боюнча түшүнүктөрү жетишсиз экендигин аныктай алдык.

Ал эми максаттуу жүргүзүлгөн тарбиялык иштердин натыйжасында эксперименталдык топтун окуучуларында өзгөрүү болгондугун белгилемекчибиз.

**3.5-таблица. – Башталгыч класстын окуучусунун өзүн идентификациялай алышы** (% менен эксперименттин соңунда**)**

| № | Топтор | Жакшы билем | Жалпы жонунан билем | Толук билбеймин |
|---|---|---|---|---|
| **1** | Эксп. топ (281окуучу) | 53% (149) | 38%(107) | 9%(25) |
| **2** | Текш. топ. (283 окуучу) | 30%(85) | 33%(93) | 37%(105) |

3.3.1 таблицадан эксперименталдык топтун окуучулары өзүнүн улуту жөнүндө толук билип өзүн идентификациялай алгандар 17%дан 53%га, жалпы жонунан билгендер 29%дан 38%га өссө, билбегендер 9%га чейин азайган. Окуучулар өз улутунун жана Кыргызстанда жашаган улуттар, башка улуттун маданияты, каада-салты ж.б. маселелер боюнча жаңы маалыматтарга ээ

болушкандыктарын жана өзүн идентификациялай тургандыктарын көрсөтө алышты көрсөтө алышты. Текшерүүчү топто бул көрсөткүч 30% жана 33%, 37%ды түздү.

Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын деңгээли аныктоочу этапта текшерүүчү жана эксперименталдык топтордо жалпысынан алганда бирдей деңгээлде эле. Эксперименталдык топтогу окуучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен калыптандыруучу этапта окуучулар менен бирге жекече иш алып барууга, элдик майрамдарга катыштырууга, аңгемелешүүлөрдү уюштурууга жана башка улуттардын улуттук жомокторун чогуу окууга, биргелешкен спорт мелдештерин өткөрүүгө ж.б. формаларга өзгөчө көңүл бөлүндү. Тарбиялык иштердин жүрүшүндө Кыргызстанда жашаган улуттардын колдонгон каада-салттары-нын, нарк-насилинде, баалуулктарында окшоштуктар жана өзгөчөлүктөрү эске алынды. Мына ушул маселелерди тарбиялык иш чараларда пайдаланып окуучулардын позитивдүү сезимдер калыптандырууга көңүл бөлдүк. Калыптандыруучу этаптын соңунда окуучуларынын арасында улуттар аралык маданиятын тарбиялангандыгынын деңгээли өзгөргөндүгүн аныктай алдык(3.6-таблица).

**3.6-таблица. – Окуучуларынын арасында улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын деңгээли.** (% менен эксперименттин соңунда**)**

| № | Денгээл | Текшерүүчү класстар (283) | Эксперименталдык класстар (281) |
|---|---|---|---|
| | | Эксперименттин соңунда | Эксперименттин соңунда |
| 11. | **Жогору** | 14% (39) | 30% (84) |
| 22. | **Орто** | 33% (93) | 43% (121) |
| 33. | **Төмөн** | 53, % (149) | 27% (76) |

**Бул көрсөткүч** эксперименталдык топто жогорку жогорку деңгээл 10%дан 30%га, орто деңгээл 34% дан 43% га өссө, төмөнкү деңгээл 56%дан

27% га чейин азайган. Эксперименталдык класстын окуучулары башка улуттардын балдары менен достук мамиле түзүү керектигин белгилешкен. Алар өздөрүнүн жүрүм-турумунда, мамилелеринде биздин коомдо жалпы кабыл алынган укуктарды жана милдеттерди жетекчиликке алышып, башка улуттун балдары менен достук мамиледе болунун маанисин түшүнүүгө, курчап турган чындыкка карата өз позициясын ишке ашырууга умтула башташты. Бул этап окуучуларга башка улуттагы классташынын жана өзүнүн негизги өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө, конкреттүү кырдаалдагы тажрыйбанын мүнөзүн аныктоого, маселенин эмоционалдык жагын көрсөтүүгө, кабылдоо стереотиптерине каршы турууга мүмкүндүк берүүчү приоритеттүү каражат катары тренинг тандалган. Мисалы, окуучулардын өз ара жардамдашуусун уюштуруу, биргелешип маселени талкууло ж.б. Ал эми текшерүүчү топто жогорку деңгээл 11 %дан 14%га, орточо деңгээл 31%дан 33%га өссө, төмөнкү деңгээл 5%га гана азайган.

Педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун структуралык критерийлердин компоненттеринин өнүгүү динамикасын аныктай алдык. Аныктоочу этапта алынган натыйжалар эки топто тең улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун критерийлеринин деңгээли негизинен бирдей экендигин 3.7-таблицадан көрө алабыз. Мына ушуга байланыштуу калыптандыруучу этапта эксперименталдык класстар үчүн ар бир компонентке жараша конкреттүү милдеттерди койдук.

**3.7-таблица – Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын компоненттеринин деңгээлдери** (% менен эксперименттин соңунда**)**

| **Топтор / Критерий-лер жана алардын деңгээли** | **Текшерүүчү топ (283 окуучу)** | **Эксперименталдык топ (281окуучу)** |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| Когнитивдик<br>Жогору<br>Орто<br>Төмөн | <br>26% (73)<br>36%(102)<br>38%(108) | <br>34% (95)<br>43% (121)<br>23% (65) |
| Мотивациялык<br>Жогору<br>Орто<br>Төмөн | <br>23%(65)<br>34%(96)<br>43%(122) | <br>30%(84,)<br>43% (121)<br>27% (76) |
| Иш-аракеттик<br>Жогору<br>Орто<br>Төмөн | <br><br>22%(62)<br>36% (101)<br>42%(118) | <br><br>31% (87)<br>44% (124)<br>25 % (70) |
| Баалоочу-жыйынтыктоочу<br>Жогору<br>Орто<br>төмөн | <br><br>21%(59)<br>38% (108)<br>41% (116) | <br><br>34% (96)<br>42% (118)<br>24% (67) |

Изилдөөнүн жүрүшүндө улут, улуттук жана адамзаттык баалуулуктар жөнүндө билимдерди өздөштүрүүдө окуучулардын басымдуу бөлүгүндө улуттук стереотиптер бар экенин байкадык. Бул маселелерди чечүү үчүн улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун когнитивдик критерийин тарбиялоого көңүл бөлүнгөн.

Аныктоочу этапта эксперименталдык топтун окуучуларында когнитивдик критерийдин жогорку деңгээли 13%ды, орточо 37 %ды, төмөнкү 50%ды түзгөн. Ал эми педагогикалык эксперименттен кийин бул көрсөткүчтөр жогорку 34 %га, орто 43%га өссө, төмөнкү 23%га чейин төмөндөгөн. Ал эми текшерүүчү топто жогорку деңгээл 18% дан 26%га, орто деңгээл 33%дан 36%га чейин өссө, төмөнкү деңгээл 49%дан 38%га чейин гана азайган.

Эксперименталдык класстын окуучуларынын мына ушул багыттарда билимдерге ээ болушу өз кезегинде алардын өз улутунун жана башка улуттун каада-салты, үрп адаттары, улуттук бааалуулуктары жөнүндөгү

кеңири маалыматтарга ээ болушу балдары менен мамиле түзүү маданиятынын нормалары жөнүндө түшүнүктөрдүн, баа берүүлөрдүн жана акырында ишенимдердин калыптанышына өбөлгө түздү.

Башталгыч класстын окуучулары улуттук баалуулуктарды талкуулоодо, аларга карата кээде бир жактуу мамиле болуп, аларды үйрөнүүгө карата мотивциясы жок. Алар жеке адамдардын жүрүм-турумуна баа берип, улуттук негизде келип чыккан чыр-чатактарды жеңүү формаларын тандоодо негизделген мотивациясы жок болгондуктан дайыма эле ишенимдүү боло бербейт. Мына ушуга байланыштуу эксперименталдык класстардын окуучуларынын мотивациялык компоненттерин өнүктүрүүгө көңүл бөлүнгөн.

Улуттук маданиятка тарбиялоонун мотивациялык компоненти аныктоочу этапта эксперименталдык топто жогорку деңгээл 16%, орто деңгээл 34%, төмөнкү деңгээл 51% болсо, эксперименттен кийин жогорку деңгээл 30%га, орто деңгээл 43%га өссө, төмөнкү деңгээл 27 %ды түздү. Текшерүүчү топто жогорку деңгээл 17%дан 23%га, орто денгээл 30%дан 33%га өсүп, төмөнкү деңгээл 53%дан 43%га азайган.

Изилдөөдө иш-аракеттик компоненттин калыптанышын башталгыч класстын окуучуларынын арасындагы башка улуттун балдары менен мамилелешүүсүндө аныктап, жүрүм-турумундагы чектен чыккан көрүнүштөрдү алардын арасында байкай алдык жана ушуга байланыштуу улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун бул компонентин эксперименталдык класстын окуучулары менен калыптандырууга басым жасалды. Изилдөөнүн жүрүшүндө иш-аракеттик критерийдин өзгөргөндүгүн аныктадык. Бул көрсөткүч эксперименталдык топто аныктоочу этапта жогорку деңгээл 19%, орточо деңгээл 32%, төмөнкү деңгээл 49% болгон. Калыптандыруучу эксперименттен кийин жогорку деңгээл 31%га, орточо деңгээл 44%га чейин өссө, төмөнкү деңгээл 25%га чейин түшкөн. Бул көрсөткүч текшерүүчү топто 14%дан 22%га, орточо 31%дан 36%га өссө, төмөнкү деңгээл 55%дан 42%га чейин азайган.

Көпчүлүк башталгыч класстын окуучулары башка улуттун балдары менен мамиле түзүүнү каалашат. Бирок, алардын башка улуттун баалуулуктары туурасындагы жетишсиз түшүнүктөрү жана алардын өзгөчөлүктөрүн баалай алышпагандыгы улуттар аралык маданиятты тарбиялоого тоскоол боло тургандыгын байкай алдык. Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык класстардын окуучуларынын баалоочу-маанилик компоненттерин тарбиялоо үчүн максаттуу иш чаралар жүргүзүлдү.

Педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө баалоочу-маанилик компоненттин өзгөүшүн аныктадык. Бул көрсөткүч эксперименталдык топто аныктоочу этапта жогорку деңгээл 19%ы, орточо 34%ды, төмөнкү 49%ды, түзгөн. Калыптандыруучу этаптан кийин бул көрсөткүч жогорку деңгээл 34%га, орточо 42%га өссө, төмөнкү деңгээл 24%га азайып, терс көз караштагы окуучулар болгон эмес. Текшерүүчү топто жогорку деңгээл 12%дан 21%га, орточо деңгээл 34%дан 38%га өссө, төмөнкү деңгээл 54%га, 41% га чейин азайган.

Демек, 3.3.3-таблицадан эксперименталдык башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялануусунун компоненттеринин калыптануу деңгээлине курак жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн, улуттук баалуулуктарды эске алуу менен максаттуу, системалуу жүргүзүлгөн класстан тышкаркы иштер тийгизгендигин байкай алабыз. Бул жагдайды окуучулардын теориялык маалыматтарга, практикалык билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болгондугу менен байланыштырсак болот.

Текшерүүчү топтун жана эксперименталдык топтун окуучулары башка улуттардын элдик баалуулуктарына позитивдүү оң көз караштарынын калыптанышына ата-энелер, мугалимдери таасир тийгизе тургандыктарын белгилешишкен. Калыптандыруучу эксперимент жүргүзүлгөндөн кийин эксперименталдык топтун мугалимдери менен ата-энелеринин таасири бир кыйла жогорулаган. Бул абалды, эксперименталдык класстын мугалимдери, ата-энелери улут, улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маселелери боюнча даярдыкка ээ болгондугунун натыйжасы деп түшүндүрүүгө болот.

Эксперименталдык класстын мугалимдери атайын теориялык, практикалык жактан даярдыктарга ээ болгондуктан класстан тышкаркы иштерде кошумча материалдарды, маалыматтык технологиялык каражаттарды колдонушуп, ата-энелерди, ар улуттун белгилүү инсандарын катыштырып окуучулардын көз караштарына оң таасир тийгизе алышкан. Текшерүүчү топтун окуучуларынан алынган жоопторду талдоонун негизинде адардын ата-энелеринин коомдогу социалдык эконо-микалык шарттардагы улуттар аралык маселе тууралу жөнүндө жетиштүү даярдыгынын жоктугунан кабар берет. Айрым ата-энелердин арасында башка улуттун өкүлдөрүнө карата негативдик көз караштар орун алган.

Ата-энелердин мектептеги тарбиялык иштерге системалуу катышуусу алардын улут жана улуттар аралык мамилелешү маданияты боюнча даярдыгына көз каранды. Эгерде, эки топтун ата-энелеринин тарбиялык иштерге катышуусунун көрсөткүчтөрү экспериментке чейин жалпысынан бирдей болсо, эксперименталдык топтогу ата-энелер атайын даярдыктан өткөндөн кийин алардын активдүүлүгү кыйла жогорулагандыгын көрө алабыз. Жыйынтыгында, алардын мектептин тарбия ишине дайыма катышкандары 16%дан 64%га чейин жогоруласа, ишине байланыштуу өз убагында катышкандардын саны 11%дан 17%га чейин өссө, 73%дан 18%га маани бербегендердердин саны төмөндөгөн.

Ал эми текшерүүчү топто бул көрсөткүч мектептин тарбия ишине дайыма катышкандары 17%дан 55%га чейин, ишине байланыштуу өз убагында катышкандардын саны болсо 12% дан 18%га, маани бербегендердин санеы 68%дан 23%га чейин төмөндөгөндүгүн 3.8-таблицадан байкоого болот.

**3.8-таблица. – Үй бүлөнүн башталгыч класстын окуучусунун улуттар аралык маданиятка тарбиялоого катышышы (% менен)**

| № | | Э. Т. (281) | Т. Т. (283) |
|---|---|---|---|

| | Ата-энелердин жооптору | Эксп. чейин | Эксп. кийин | Эксп. чейин | Эксп. кийин |
|---|---|---|---|---|---|
| 11. | Дайыма катышат | 26% | 57% | 24% | 42% |
| 22. | Ишине байланыштуу | 22% | 23% | 19% | 20% |
| 33. | Жооптору так эмес | 52% | 20% | 56% | 38% |

Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо ата-энелердин мына ушул маселе тууралуу маалыматка ээ болуусу, класстан тышкаркы тарбиялык иштерге системалуу катышуусу зарыл педагогикалык шарттардын бири болуп санала тургандыгын көрсөттү.

Калыптандыруучу этаптын соңунда эксперименталдык башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо төмөнкүдөй өзгөрүүлөр болду: алар адеп-ахлак жөнүндө, жалпы жүрүм-турум эрежелери, принциптери жана талаптары жөнүндө билимдерге ээ болушуп, Кыргызстандын көп улуттуу өлкө экендигин түшүнүшүп, өздөрүнүн улутунун жана алар менен түздөн-түз байланышта болгон улуттардын өзгөчөлүгүн аңдап, келип чыгыш тарыхына өзгөчө кызыгуу көрсөтө башташты. Алар башка улуттардын өкүлдөрү менен достук мамиле түзүүгө умтулушкан. Бул мугалимдин класстан тышкаркы иштердин максаттуу туура уюштуруусу жана анын жүрүшүндө ата-энелердин, окуучулардын ага активдүү катышуусун стимулдаштыруу менен ишке ашырылышы менен байланышат.. Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо бул феномендин улуттук кыртышына түздөн-түз байланышта болгон учурда натыйжалуу болот. Изилдөөнүн экинчи этабында алынган натыйжалар педагогикалык эксперимент коюлган максаттарына негизинен жетишилди деген жыйынтыкты чыгарууга мүмкүндүк берди. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо феномени улуттук кыртыштын негизинде жүргүзүлгөн максаттуу тарбиялык иштердин системасына түздөн-түз көз каранды.

## Үчүнчү бап боюнча тыянак

Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун натыйжалуулугу аныкталган педагогикалык шарттарга жана иштелип чыккан теориялык моделдин негизинде жүргүзүлгөн системалык тарбиялык иштерге көз каранды экендиги далиленди.

Аныктоочу эксперимент мектепте башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо класстан тышкаркы иштердин мүмкүнчүлүктөрү аксиологиялык аспектиде толук пайдаланылбай жатканын көрсөттү. Мугалимдер жана ата-энелер муну элдин улуттук баалуулуктары менен тааныштыруунун, өз элинин улуттук маданиятына таандык болуу сезимин жана көп улуттуу коомдо жашоо жөндөмдүүлүгүн тарбиялоонун каражаты деп эсептешпейт. Эксперимент көрсөткөндөй, мектепкте башталгыч класстын окуучуларына улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун мазмуну улут, улуттук баалуулуктар, жергликиүү өзгөчөлүктөр жана башка маселелер эске алынбастан жүргүзүлөт, Бул мектепте башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоону натыйжалуулугун анча жогорулата албайт.

Изилдөөнүн калыптандыруучу этабында мектепте башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процессинин модели жана педагогикалык шарттары, программасы иштелип чыккан. Эксперимент башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо баалуулуктарды, улуттук баалуулуктарды, улуттар аралык баарлашуу ыкмаларын жана социалдык тажрыйбаны колдонууда натыйжалуу болоорун тастыктады. Мектепте башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун натыйжалуулугун алгылыктуу методдор камсыз кылды (оюндар, жолугушуулар, тренинглер, диалогдук оюндар ж.б.)

Мектепте башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун натыйжасы аныкталган теориялык модель, педагогикалык шарттар менен камсыз кылынарын контролдук эксперимент тастыктады. Изилдөөнүн жыйынтыгында башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо моделинин алкагындагы

пайдалануучу теориялык жоболорго көз каранды деген гипотезанын тууралыгы тастыкталды. Башталгыч класстын окуучуларын когнитивдик, мотивациялык жана эмоционалдык, иш-аракеттик чөйрөсүн өнүктүрүү багытындагы усулдардын жана каражаттардын өз ара интеграциясын камсыз кылуу; окуучуларды өзүнүн кызыкчылыктары менен укуктары бар субъекттин абалына коюу менен баарлашуунун, өзүн чыгармачылык менен көрсөтүүнүн жана биргелешкен диалогдун чөйрөсү болуп саналган билим берүү иши; улуттар аралык баарлашуу маданиятын тарбиялоо маселелерин чечүүгө даяр педагогдордун кесиптик жана жеке компетенцияларын өнүктүрүү.

Башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын компоненттеринин көрсөткүчтөрүн жана алардын башка улуттун өкүлдөрүнүн балдары менен баарлаша билүүгө даярдыгынын жогорулашын эксперименталдык иштин эффективдүүлүгүнүн маанилүү көрсөткүчү катары эсептөөгө болот. Класстан тышкаркы иштердин системасында мугалимдердин окуучуларга улут, улутөтук баалуулук, мамилелешүү маданиятына байланышкан түшүнүк-төрдү, алардын мааниси түшүндүрүүсү, алардын иш-аракеттеринин мотив-дештирилиши, алгылыктуу форма жана методдорду колдонуусу, өзүн-өзү өркүндөтүүгө багыт алышы балдардын ишмердүүлүгүн, тарбиялык иштердин натыйжалуулугун бир кыйла жогорулатат.

Эксперименталдык топтордун окуучулары улуттар арасындагы достук мамиле түзүүгө байланышкан төмөндөгү жагдайларды: Кыргызстан көп улуттуу өлкө экендигин, кандай улуттар жашай тургандыктары, алардын каада-салты, маданияты, ж.б. маселелер боюнча жакшы маалыматы бар экен-дигин, алар менен мамиле түзө ала тургандыктарын, алар тууралуу жакшы пикири бар экендигин баса белгилешкен. Текшерүүчү топтордун окуучулары улуттар аралык мамилелешүү жөнүндө төмөндөгүдөй пикирди «Балдар менен дос болуу, алар менен чатакташпоо, аларды колдоо керектигин. » белгилеш-кен. Алар өлкөбүздө жашаган улуттар, алардын каада салты,

маданияты ж.б.у.с. маселелер тууралуу жетишээрлик деңгээлдеги маалыматтарды айтып бере алышпайт.

Илимий-педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө колдонулган тренинг, патриоттук тарбия, улуттук майрамдар, элдик оюндар, фольклордук концерттер, улуттук маданият боюнча көргөзмөлөр сыяктуу педагогикалык каражаттардын мүмкүнчүлүктөрү улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун структуралык компоненттерин жана мазмундук элементтеринин сапаттык өзгөрүүлөрүн пайда кылды.

Класстан тышкаркы тарбиялык иштердин системасы аркылуу улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун компоненттерин (когнитивдик, мотивациялык, иш-аракеттик жана баалоочу-жыйынтыктоочу) системалуу өнүктүрүү ишке ашырылды. Мектепте жүргүзүлгөн класстан тышкаркы иштерге ата-энелердин катышуусу (ата-энелердин билимдеринин деңгээлине, алардын социалдык статустары менен составына жана дүйнө таанымдарынын деңгээлине, ошондой эле, коомдук түшүнүктөрүнө ж.б. жагдайларга), окутуунун алгылыктуу методдорун жана формаларын колдонуу, ар түрдүү каражаттарды пайдалануу, педагогикалык шарттарды эске алуу балдардын Кыргызстан көп улуттуу өлкө жана анда жашаган улуттар, алардын улуттук баалуулуктары тууралуу билимин, көз караштарын кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Мына ушул жагдай класстан тышкаркы иштердин башталгыч кластардын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун потенциалын жогорулатат.

Демек, класстан тышкаркы иштердин системасынын тарбиялоочу потенциалын башталгыч класстын окуучуларынын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алып, алгылыктуу методдор жана формаларды пайдалануу менен алардын улут аралык маданиятка тарбиялоо иш-аракеттеринин системасы катары кароого болот. Ушуга байланыштуу класстан тышкары жүргүзүлгөн иштердин мазмуну менен маңызын, методдору менен формасын бүткүл адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга шайкеш келтирүү керек.

# КОРУТУНДУ

1. Азыркы кездеги дүйнөдөгү ааламдаштыруунун жана көп улуттуу Кыргыз Республикасындагы социалдык, экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында учурдагы мектеп окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун актуалдуулугу улам барган сайын өсүүдө. Мына ушуга байланыштуу өлкөбүздө кабыл алынган улуттук саясатынын стратегиялык документтеринде “Кыргыз жаранын” тарбиялоо маселеси, улуттар аралык байланышты жакшыртуунун зарылдыгы аныкталган. Мектеп окуучуларына улуттар аралык маданиятка тарбиялоо боюнча Кыргызстандын мектептеринде тажрыйбалар топтолуп, бир катар изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Теориялык булактарды талдоо, Кыргызстандын окумуштуулары тарабынан улут, улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун бир катар маселеси изилденсе дагы, жаңы шарттарга ылайык башталгыч кластардын окуучуларын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маселелери изилдене электигин көрсөттү.

Башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун негизи алардын өзүн  өзү улуттук идентификациялай билүү мүмкүнчүлүктөрүнө  көз каранды. Башталгыч класс окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун максаты бул,  алардын өзүнүн улуту тууралуу билишин, улуттук баалуулуктарды аң-сезимдүү түрдө  түшүнүүсүн жана башка улуттун балдары менен туура мамиле түзө билүүгө даярдыгын калыптандыруу. Ушунун негизинде башталгыч класстардын окуучуларынын тарбиялоону өзүн-өзү улут катары изденүү процесси катары карайбыз.

Изилдөөнүн жүрүшүндө теориялык булактарды, Кыргызстандын мектептеринин практикасын үйрөнүү, педагогикалык эксперимент башталгыч класстын окуучуларынын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун ийгиликтүү болушу максаттуу багытталган иш-аракетке көз каранды боло тургандыгын көрсөттү.

Улуттар аралык маданиятка тарбиялоону мектеп окуучуларын тарбиялоонун концепциясында коюлган талаптарга ылайык коом тарабынан жаралган улуттук баалуулуктарды алардын өздөштүрүүсүн камсыз кылууга багытталган системалуу, максаттуу тарбиялык процессти түшүнөбүз. Башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун маңызы бул, улут тарабынан топтолгон жана бүгүнкү күнгө чейин муундан муунга тынымсыз өтүп келе жаткан баалуулуктарды жана салт-санааларды сактоо жана өнүктүрүүнү камсыз кылуу болуп саналат. Маданияттарды өз ара байытуу бул ар түрдүү улут өкүлдөрүнүн арасындагы толук кандуу байланыштарды турмушка ашырууга, инсандын рухий жактан жана чыгармачылыгынын өнүүшү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзөт. Философиялык, социологиялык, психологиялык жана педагогикалык адабияттарды талдоо мектеп окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо интегралдык кубулуш катары кароого мүмкүндүк берет. Демек, тарбиялоо процессинде мектеп окуучуларынын өзүнүн жана башка улуттардын маданиятына, баалуулуктарына, динине байланышкан тарыхый билимдерин өздөштүрүүсүн, жалпы адамзаттык баалуулуктарды түшүнүү менен жана кабыл алуусун, башка улуттагы адамдарга сый мамиле жасай билүүсүн эске алуу зарыл.

2. Башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгы – бул мотивациялык, когнитивдик, иш-аракеттик жана баалоочу-жыйынтыктоочу компоненттерди жана критерийлерди камтыган окуучунун касиети. Окуучулардын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын негизги критерийлери төмөндөгүлөр: окуучунун өз улутун жана өлкөбүздө жашаган улуттарды билиши, алардын каада-салтына, маданиятына, улуттук баалуулуктарына кызыгуусу; башка улутттардын баалуулуктары боюнча түшүнүктөрүн кеңейтүүгө умтулушу ж.б. Мына ушуга ылайык башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялангандыгынын жогорку, орточо, төмөнкү, терс көз караштагы деңгээлдери бар.

3. Класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун натыйжалуулугу педагогикалык шарттарга көз каранды болот**.** Педагогикалык шарт – бул комплекстүү мүнөздөмөгө ээ болгон башталгыч класстын окуучуларынын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык маданиятка тарбиялоо боюнча коюлган милдеттерди чечүүгө багытталган мазмундун, форманын, методдун обьективдүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы. Башталгыч класстын окуучуларынын класстан тышкаркы иштерде улуттар аралык мамилелешүү маданиятын тарбиялоонун натыйжалуулугун төмөндөгүдөй педагогикалык шарттар жогорулатат: мугалимдердин улут, улуттар аралык мамилелешү маселеси боюнча теориялык жана методологиялык жана практикалык даярдыгына, ата-энелердин бул проблема жеткиликтүү түшүнүктөрүнүн болушуна жана аларды мектептеги тарбиялык иштерге активдүү катышуусуна, класстан тышкаркы иштердин алгылыктуу форма жана методдорду пайдаланууга жана анын максаттуу багыттуулугуна, тарбиялык иштердин этнопедагогикалык багыттуулугуна, балдарга ата-энелер өзүлөрү үлгү болуу керектиги тууралуу түшүнүүсүнө; алардын Кыргызстандын эли жөнүндөгү жана коомдогу өзгөрүүлөрдүн шартындагы улут жөнүндөгү түшүнүктөрүн терeңдиги, ж.б.у.с. маселелер боюнча маалыматтарга ээ болуусу.

Класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятынын тарбиялангандыгы алардын билим, билгичтик, көндүмдөрүнүн болушу менен мүнөздөлөт. Аталган маселени чечүүдө класстан тышкаркы иштерде башталгыч класс окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү даярдыгынын калыптандыруунун теориялык модели мааниге ээ болот. Алардын даярдыгын мазмундук, мотивациялык, иш-аракеттик, баалоочу-жыйынтыктоочу компоненттерден турган теориялык модели натыйжаны камсыз кылат.

Изилдөөнүн алгачкы этабында эксперименталдык топтогу башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү маданиятынын

тарбиялангандыгынын деңгээли төмөндөгүдөй көрсөткүчтү берген: жогорку деңгээл – 14%, орточо деңгээл – 43%, төмөнкү денгээл – 42 %. Ал эми текшерүүчү топто бул көрсөткүчтөр төмөнкүдөй болду: жогорку деңгээл – 15%, орточо деңгээл – 40%, төмөнкү денгээл – 45%. Ал эми калыптандыруучу эксперимент жүргүзүлгөндөн кийин эксперименталдык топто жогорку деңгээлди 42%, орточо деңгээлди 47%, төмөнкү деңгээлди 11% түздү. Текшерүүчү группада болсо бул көрсөткүч жогорку деңгээл – 31%ды, орто деңгээл – 39%ды, төмөнкү деңгээл – 30%ды түздү.

Демек, изилдөөлөрүбүздүн жыйынтыгында класстан тышкаркы иштердин максаттуу багытталгандыгы жана алардын системасы, улуттук баалуулуктарга таянып жүргүзүлүшү башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун эффективүүлүгүнө натыйжалуу таасир тийгизе ала тургандыгын тастыктады.

# ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Мектепте класстан тышкаркы тарбиялык иштердин системасында башталгыч класстардын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун деңгээин жогорулатуу үчүн изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган педагогикалык шарттарды, теориялык моделди чыгармачылык менен практикада пайдаланууну.

2. «Мугалимдерге улуттар аралык маданиятка тарбиялоонун негиздери» деп аталган курсту педагогикалык окуу жайларда, мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарында колдонууну.

3. Педагогикалык окуу жайларда келечектеги башталгыч класстын мугалимдерин окуучулардыулуттар аралык маданиятка тарбиялоо иштерин жүргүзүү иштерине даярдоону.

4. Ата-энелерди улуттар аралык маданиятка тарбиялоо боюнча теориялык, практикалык, психологиялык жактан даярдоону жана аларды бул багыттардагы иш чараларга системалуу катыштырууну.

